З. ИСЛОМОВ, Д. РАХИМЖОНОВ, Ж. НАЖМИДДИНОВ, Н. ИСМАТОВА

# ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДИН ТАРЫХЫ

**Орто билим берүү мекемелеринин 11-класс окуучулары үчүн окуу китеби**

1-басылышы

**Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен**

Ташкент
«Yangiyul Poligraph Service»
2018

UO‘K: 2-9(100)(075.3)
KBK: 86.2(0)
**I 80 Исломов, Зохиджон.**
**Дүйнөлүк диндердин тарыхы:** Орто билим берүү мекемелеринин 11-класс окуучулары үчүн окуу китеби / З. Исломов, Д. Рахимжонов, Ж. Нажмиддинов, Н. Исматова. — Биринчи басылышы. — Ташкент: Yangiyul Poligraph Service, 2018. — 144 б.

**UO‘K: 2-9(100)(075.3)**
**ISBN 978-9943-5245-5-2** **KBK: 86.2(0)уа72**

**Жооптуу редактору:**

**А. Хасанов** — тарых илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**

**Н. Мухамедов** — тарых илимдеринин кандидаты, доцент;
**М. Алимова** — тарых илимдеринин кандидаты, доцент;
**А. Замонов** — тарых илимдери боюнча философиянын доктору (PhD);
**Ф. Каримов** — саясий илимдердин доктору;
**Ж. Тохиров** — Чет тилдерге адистешкен мамлекеттик жалпы орто билим берүүчү мектептин мугалими;
**Ш. Кудратов** — Ташкент шаарындагы 41-мектептин тарых мугалими;
**Б. Махмудбаев** — Гүлстан мамлекеттик университетинин алдындагы академиялык лицейдин мугалими.

Окуу китеби Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитеттин 2018-жылы 1-майдагы 2484-сандуу сунушу, Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялык-методикалык борбордун 2018-жылы 24-апрелдеги 34-сандуу корутундусунун негизинде басууга сунуш кылынган.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

© З. Исломов жана б., 2018.
© А. Зулпихаров котормосу, 2018.
© Yangiyul Poligraph Service, 2018.
ISBN 978-9943-5245-5-2

# Киришүү

Өзбекстан көп улуттуу жана көп конфессиялуу өлкө. Бүгүн өлкөбүздө 130 дан ашуун улут жана элдин өкүлдөрү өздөрүнүн үрп-адаттарын эркин улантуу менен, диндерине сыйынып жатышат. Президентибиз Шавкат Мирзиёев тарабынан илгери сүрүлгөн 2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясынын бешинчи багыты да ошол диндер аралык кең пейилдик маселесине арналган. Окуу китеби төмөнкү класстарда алган билимиңди бышыктайт жана байытат.

**Кымбатуу окуучу!**

«Дүйнөлүк диндердин тарыхы» предметин үйрөнүп жатып, ишенимиңе карабастан башка диндерди кемсинтпөөгө, башкалардын диний сезим-туюмун урматтоо эрежелерине баш ийүүгө тийишсиң.

Китептеги темалар бөлүмдөргө бөлүнгөн. Ар бир бөлүмдө сабакта үйрөнүлчү негизги түшүнүктөр, темага тиешелүү кошумча маалыматтар, окумуштуулар жана көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлердин үлгүлүү ойлору, кызыктуу фактар, чыгармачыл иш жана бышыктоо үчүн суроолор орун алган. Кээ бир терминдердин түшүндүрмөсүн китептин аягындагы сөздүктөн табышың мүмкүн.

Китепти даярдоодо темаларга тиешелүү илимий жана диний-агартуучу адабияттардан, мезгилдүү басмадан, түрдүү диний конфессиялардын көз караштары баяндалган документ жана ыйык китептерден, интернет тармагындагы маалыматтардан, ошондой эле, көркөм адабияттардан пайдаланылды. Китепте дүйнө диндеринин ыйык диний булактарынан үзүндүлөр келтирилген. Ошондуктан аны туш келди таштабоого тийишсиң.

Китептеги чыгармачыл иш, кошумча окуу тапшырмаларын аткаруу аркылуу сен өз алдыңча логикалык пикирлөө, тарыхый булактар менен иштөө, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болуу, маалымат алуу, андан пайдалануу, социалдык активдүүлүк өңдүү компетенцияңды калыптандырасың. Бул сага Мекендин алдындагы милдетин түшүнгөн жеткилең инсан болушуңа жардам берет. Бул иште сага ийгиликтерди каалайбыз.

# 1-§ ӨЗБЕКСТАНДА КООПСУЗДУК ЖАНА ТУРУКТУУЛУК ЧӨЙРӨСҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Коопсуздукту камсыздоо – эң маанилүү маселе.
2. Коопсуздук жана туруктуулукту камсыздоодо улуттар аралык ынтымактын мааниси.

## КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДОО – ЭҢ МААНИЛҮҮ МАСЕЛЕ

Адепсиз, тарбиясыз жана кулку жаман адамдар менен тартышпа.

***Имам Газзолий***

Учурда коопсуздук бүткүл дүйнөдө эң олуттуу маселе саналат. Жыл сайын мамлекеттер тарабынан коргоо системасы жана аскердик ишке ажыратылган каражаттардын көбөйүшү пикирибизди далилдейт. Бирок, заманбап курал-жаракка ээ болуунун өзү гана коопсуздукту камсыздоо үчүн жетиштүү эмес.

Анткени, бузгунчу күчтөр ашкере күрөшпөй, жашырын жардыруучулук ишин жүргүзүү, тынч калкты бутага алуу өңдүү жийиркеничтүү усулдардан пайдаланып жатат.

Белгилүү болгондой, биздин байыркы жана берешен жергебизде көп кылымдар бою түрдүү улут жана элдин, маданият жана диндин өкүлдөрү ынтымактуу жашап келген. Меймандостук, изгилик, айкөлдүк жана чыныгы маанидеги кең пейилдик биздин элибизге дайыма мүнөздүү болгон жана анын менталитетинин негизин түзөт.

***Шавкат Мирзиёев***

Мында болсо улуттук жана диний чыр чыгаруу негизги каражат эсептелет. Мисалы, XX кылымдын экинчи жарымында мамлекеттик жана этно-аймактык жана этнодемографиялык себептер боюнча 300 дөн ашуун чоң-кичине чыр-чатак катталган.

Президентибиз Шавкат Мирзиёев өзүнүн шайлоо алды пограммасында тынчтыкты камсыздоо, улуттар жана диндер аралык ынтымак чөйрөсүн колдоп-кубаттоо, дин беткабындагы экстремизм жана терроризмге каршы аёосуз күрөшүү маселелерин негизги принцип иретинде илгери сүрдү.

Өзбекстан жергесинде байыртадан түрдүү цивилизациянын өкүлдөрү, маданий катмарлар, ар түрдүү ишеним жана көз караштар жанаша жашап келген. Бул жер ата тегибиз жашап өткөн эзелки жана ыйык мекен. Бул жер Чыгыш менен Батыштын, Түндүк менен Түштүктүн, байыркы өтмүш менен келечегибиз тогошкон жер, Борбордук Азиянын жүрөгү, адам аң-сезими, илим жана маданиятынын

Ыймандын эң мыктысы сабыр жана кең пейилдик саналат.

***Хадис***

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

АРАКЕТТЕР СТРАТЕГИЯСЫ 2017–2021

Шайлоо алды программасынан келип чыккан түрдө, Президентибиздин демилгеси менен 2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясы иштеп чыгылды. Стратегияда бешинчи багыт иретинде коопсуздук, улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдикти камсыздоо жана терең ойлонгон, өз ара пайдалуу жана иштиктүү тышкы саясат жаатындагы негизги багыттар белгиленди. Бул да өлкөбүздө жарандардын коопсуздугу, улуттар жана диндер аралык кең пейилдикке каратылган аракеттен күбөлүк берет.



> Кең пейилдик жана гумандуулук маданиятын өнүктүрүү, улуттар аралык жана жарандар аралык шериктештик жана ынтымакты чыңдоо, жаш муунду ошол негизде, Мекенге берилгендик рухунда тарбиялоо Өзбекстанда мамлекет саясатынын эң маанилүү негизги багыттарынан бири кылып белгиленди.
>
> ***Шавкат Мирзиёев***

эң көөнө очокторунан бири. Бул топуракта дүйнөнү таң калтырган цивилизация тамыр аткан, адамзат тарыхынын эң байыркы доорлоруна таандык диний жана философиялык салттар калыптанган. Байыркы грек ойчулу Гераклит бул өлкөнү «Философиялык аң-сезимдин бешиги» деп текке айтпаган. Белгилей кетчү жери, биздин цивилизация өзүнө мүнөздүү кең пейилдик аң-сезим усулуна таянат.

Үч миң жылдык тарыхыбыздын күбөлүк беришинче, айкөлдүк жана гумандуулукка, улуттар аралык ынтымакка умтулуу элибиздин эң жогорку сапаттарынан эсептелет. Бул салттар укумдан тукумга өтүп келе жатат.

## КООПСУЗДУК ЖАНА ТУРУКТУУЛУКТУ КАМСЫЗДООДО УЛУТТАР АРАЛЫК ЫНТЫМАКТЫН МААНИСИ

Өзбекстан эгемендүүлүккө чыккандан кийин өзбек эли гана эмес, ошондой эле өлкөбүздө жашап жаткан түрдүү улутка таандык калктын руханий-маданий таламдарын канааттандырууга багытталган улуттук-маданий борборлор түзүлдү. Алардын ишин колдоп-кубаттоо жана улуттар аралык ынтымакты чыңдоо максатында 1992-жылы 13-январда Республика интернационалдык маданият борбору түзүлдү.



### ТАРЫХКА НАЗАР

Маалыматтар боюнча, мындан жүз жыл мурда азыркы республикабыздын аймагында 70 ке жакын улуттун өкүлдөрү жашаган. 1926-жылы республикабызда 90 улут жана элдердин өкүлдөрү жашаган болсо, 1959-жылы алардын саны 113 кө, 1979-жылы 123 кө, ал эми 1989-жылы болсо алардын саны 130 дан ашты.

2017-жылы борбор түзүлгөндүгүнүн 25 жылдыгы кеңири белгиленди. Ошол жылы 19-май күнү борбордун ишин дагы да өнүктүрүү, чет өлкөдөгү мекендештер менен шериктештикти чыңдоо максатында ал Өзбекстан Республикасы Президентинин Указы менен Министрлер Кабинетинин алдындагы Улуттар аралык мамилелер жана чет өлкөлөр менен достук байланыштар комитети иретинде кайра түзүлдү.

Өзбекстан Президентинин «Улуттар аралык мамилелер жана чет өлкөлөр менен достук байланыштарды дагы да өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» Указы коомдо туруктуулук, тынчтык жана ынтымакты камсыздоо, жарандар аң-сезиминде чоң, көп улуттуу жалгыз үй-бүлөгө тиешелүүлүк сезимин чыңдоо, улуттук маданий борборлор жана достук коомдорунун ишин ар тараптан колдоп-кубаттоо жана өнүктүрүү, чет өлкөлөр менен маданий-агартуучулук байланыштарды кеңитүүгө каратылган.

Комитетке коомдо улуттар аралык ынтымак жана кең пейилдикти камсыздоо, тынчтык саясатын, өлкө турмушунун бардык багыттарында жетишкен ийгиликтерди кеңири үгүттөө, эл аралык коомчулук, ошонун катарында, чет өлкөдөгү мекендештерибиз диаспорасы менен достукту чыңдоо боюнча мамлекет саясатын ишке ашыруу милдети жүктөлдү.

Улуттар аралык мамилелер багытындагы олуттуу маселелерден бири калктын улуттук курамына мүнөздүү таалим-тарбия системасын түзүүдөн турат. Бул багытта Элге билим берүү министрлигинин 2017–2018-окуу жылы үчүн негизги статистикалык көрсөткүчү боюнча, республикабызда 9628 мектеп иш жүргүзөт. Ошондон окутуу 9018 мектепте өзбек, 903 үндө орус, 365 инде каракалпак, 378 инде казак, 245 инде тажик, 44 үндө түркмөн, 90 унда кыргыз



О адамдар! Чындыгында да, Биз силерди бир эркек (Адам) жана бир аялдан (Обо) жараттык жана бири-бириңер менен таанышышыңар үчүн силерди (ар түрдүү) эл жана урууларга бөлдүк. Албетте, Аллахтын оюнда (эң жагымдуу) мыктыларыңар такыбалуулар саналат. Албетте, Аллах билгич жана кабардар зат.

***Куран карим, Хужурат сүрөсү, 13-аят***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку, андагы «идеологиялык иммунитет» терминин түшүндүр.
*«Белгилүү болгондой, ар кандай оорунун алдын алуу үчүн, эң мурда, адамдын организминде ага каршы иммунитет пайда кылынат. Биз да перзенттерибиздин жүрөгүндө Ата Мекенге, бай тарыхыбызга, ата-бабалардын ыйык динине жылуу мамилени калыптандыруубуз, керек болсо, алардын идеологиялык иммунитетин күчөтүүбүз зарыл».*



Өзбекстан Республикасы өзүнүн аймагында жашаган бардык улут жана элдердин тили, үрп-адаты жана салттарынын урматталышын камсыздайт, алардын өнүгүшү үчүн шарт түзөт.

***Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 4-статьясынан***

тилинде жолго коюлган. Каерде улуттар аралык ынтымак идеясынын мааниси түшүнүлбөсө, коомдук турмушта түрдүү көйгөйлөр пайда болушун, алар тынчтык жана туруктуулукка кооп салышын унутпастыгыбыз керек. Учурда дүйнөнүн айрым чөлкөмдөрүндө болуп жаткан улуттук чыр-чатактар ошондон күбөлүк берип турат.

Улуттар аралык ынтымак идеясын ишке ашырууга багыт салган эң кооптуу тоскоол агрессивдүү улутчулдук жана шовинизм болуп саналат. Мындай илдет, зыяндуу идеянын тузагына түшүп калган коом табигый түрдө кырсыкка кабылат. Буга алыскы



жана жакынкы тарыхтан көптөгөн мисалдар келтирүүгө болот. Мисалы, фашизм идеясы адамзаттын башына көптөгөн кайгы-капаларды салган жана акыр-аягында өзү да жер менен жексен болгон.

Бирок азырга чейин фашизм, шовинизм, расизм идеяларын көкүтүп, улуттар аралык ынтымак, шериктештик идеясына каршы «кресттүүлөр жортуулу» өңдүү аракеттерди уюштурууга урунуп жаткан күчтөрдүн бар экендиги бардыгыбызды сергек тарттырууга тийиш. Маалыматтар боюнча, учурда дүйнөдө 500 гө жакын террорчулук уюму бар. Бир жылда бүткүл планетада жасалган теракттар жана алардын айынан курман болгордун саны бир нече он миңди түзүшү терроризмдин тынчтык жана бейпилдикти изден чыгарууга каратылган негизги опусалардан бири экендигин көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, өлкөбүздө кийин да бейпил таң аттыруу, уйкуга жатуу, билим алуу жана келечек жөнүндө план түзүүнү кааласак, тынчтык, коопсуздук, туруктуулукту камсыздоо биринчи кезектеги маселе бойдон кала бермекчи. Аны ишке ашырууда бардыгыбыз бир жакадан баш чыгарып аракеттенүүгө тийишпиз.

Куштар өңдүү абада учканды үйрөндүк. Балыктар өңдүү деңизде сүзгөндү үйрөндүк. Бирок азырга чейин жер жүзүндө ага-инидей жашаганды үйрөнбөдүк.

***Мартин Лютер Кинг***

**БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Коопсуздук жана туруктуулуктун маанисин кандай баалайсың?
2. Карыялардан согуш жана тынчтык жөнүндөгү пикирлерин сурагансыңбы?
3. Коопсуздукту камсыздоодо улуттар аралык ынтымактын мааниси эмнелерден турат?
4. Учурда бүткүл дүйнөдөгү туруктуулукка коркунуч туудуруп жаткан эң чоң коопу эмне деп ойлойсуң?

# 2-§ ДИН ТААНУУДАГЫ ЗАМАНБАП ТЕНДЕНЦИЯЛАР

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Дин таануу илиминин өнүгүү тарыхы.
2. Дин социологиясын, философиясын, психологиясын, феноменологиясын үйрөнүүдөгү жаңы тенденциялар.

## ДИН ТААНУУ ИЛИМИНИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

Дүйнөдөгү бардык диндер жана алар менен байланыштуу жараяндарды калыс үйрөнгөн илим «Дин таануу» деп аталат. Бул илимдин тармактары аябай көп болуп, алардан бири – «Дүйнөлүк диндерин тарыхы».

Диндерди үйрөнүү алыскы тарыхка ээ. Байыркы доорлордо эле адамдар дин жана анын мааниси жөнүндө ой жүгүртүшкөн.

Римдин императору Константин I дин тушунда (IV кылым) христиан дини башка диндер менен бир абройго ээ болду. Кийинчерээк Европада христиандык дининин Рим империясы тарабынан мамлекет дини иретинде таанылышы жана чиркөөнүн бийликти колго

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Дин таануу — дүйнөдөгү диндер жөнүндө калыс, илимий жактан маалымат берүүчү илим.

**ТАРЫХКА НАЗАР**

Байыркы Греция жана Рим жазуучуларынын чыгармаларында да түрдүү элдердин диндери жөнүндө маалыматтар келтирилген. Мисалы, «тарыхтын атасы» наамын алган Геродот (б. з. ч. V кылым) да өзү изилдеген элдердин тарыхы жөнүндө маалымат берүү менен алардын диндери жөнүндө да токтолуп өткөн.



### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Гомер менен Гециоддун чыгармаларынан кудайлар жана каармандар жөнүндө берилген маалыматтарды эсте.

Ошол чыгармалар аркылуу кайсы доорго тиешелүү диндер жөнүндө маалымат алууга болот?

алышы натыйжасында илим да христиандыктын таасирине түшүп калды. Бул доордо дин жаатындагы изилдөөлөр теологияга гана тиешелүү болуп, христиандык, негизинен, католицизмдин башкалардан үстөмдүгүн далилдөөгө багытталган.

VII-VIII кылымдарда диндер жөнүндө чакан китептер пайда болгон. VIII-IX кылымдарда диндер тарыхы жана окуусуна тиешелүү алгачкы китептер жаратылды.

XIX кылымга келип Европада чиркөөнүн таасири азайды. Натыйжада башка илимдер катары дин таануу да чиркөөнүн таасиринен чыга баштады. Ошол доордо Макс Мюллердин «Салыштырма мифология», «Диндердин негизи жана калыптанышына тиешелүү докладдар» аттуу чыгармалары жарык көрдү.



*Император Константиндин чокундурулушу, Рафаэль*

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Залкар бабабыз Абу Райхан Беруний чыныгы мааниде мусулман чыгышындагы дин таануу илиминин атасы наамына татыктуу.

Анын «Байыркы элдерден калган эстеликтер», «Индия» өңдүү чыгармаларында түрдүү диндер жөнүндө толук маалыматтар берилген.

Кийинчерээк Мюллер белгилүү Оксфорд университетинде диндер тарыхынан доклад жасаган жана биринчи болуп «дин таануу» терминин киргизген. Ошентип, дин таануу Париж, Брюссель жана Рим университеттеринде илим иретинде окутула баштаган. Мурдагы Союздан тушунда дин таануу илими, негизинен, диндерди сындоо жана «эскиликтин илдети» экендигин далилдөө үчүн үйрөнүлдү. Натыйжада анын аталышы да «Илимий атеизм» деп өзгөртүлдү. Жылдар бою университеттерде «Илимий атеизм» кафедралары уюштурулуп, студенттерге «дин эл үчүн апийм», деген идея сиңдирилди.

Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө чыккандан кийин, дин таануу тармагы да атеистик идеологиянын таасиринен чыгарылды.

Жаш муунда дин жөнүндө туура жана калыс пикирди калыптандыруу, аларды диндер аралык кең пейилдик рухунда тарбиялоо максатында 90-жылдардын ортолорунан жалпы билим берүү мектептери 9-классынын окуу программасына «Дүйнөлүк диндердин тарыхы» предмети киргизилди.

2017-жылы кабыл алынган жаңы тартип боюнча «Дүйнөлүк диндердин тарыхы» негизги предмет иретинде таанылды. 1999-жылы Ташкент ислам университетинин түзүлүшү бул тармактын өнүгүшүнө чоң салым

Илим мал-дүнүйөгө караганда жакшыраак. Анткени, илимиң сени асырайт, мал-дүнүйөнү болсо сен асыроого тийишсиң. Мал-дүнүйө сарпталса азаят, илим болсо башкаларга үйрөтүү менен дагы да көбөйүп отурат.

***Али ибн АбуТолиб***

## ТАРЫХКА НАЗАР

Ислам ааламында салыштырма дин таануу жаатында да салмактуу иштер жасалган. Алардан Абу Райхан Берунийнин «Байыркы элдерден калган эстеликтер», Ибн Надимдин «Көрсөткүч», Мухаммад ибн Хузайлдин «Бутпарастык жана көпкудайлык китеби», Абул-Аббас Ахмад ибн Мухаммад Сарахсийнин «Сабиийлердин агымдарынын сүрөттөлүшү жөнүндө китепче», Абу Зайд Балхийнин «Диндерлин шариаттары китеби» чыгармаларын айтууга болот.

болуп кошулду. Университет өз багыттары боюнча бакалавр жана магистр адистерин даярдай баштады.

2018-жылы 16-апрелде мамлекетибиз Президентинин Указы менен Өзбекстан Ислам академиясы менен Ташкент ислам университеттеринин негизинде Өзбекстан эл аралык ислам академиясы түзүлдү.

## ДИН СОЦИОЛОГИЯСЫ, ФИЛОСОФИЯСЫ, ПСИХОЛОГИЯСЫ, ФЕНОМЕНОЛОГИЯСЫН ҮЙРӨНҮҮДӨГҮ ЖАҢЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Дин таануу тарых, философия, психология, социология өңдүү социалдык илимдер менен тыгыз байланышта. Мунун натыйжасында дин таануунун курамында бир нече багыттар пайда болгон.

***Дин социологиясы*** – дин менен коомдун мамилелери жана ошол мамилелердин артынан келип чыккан натыйжаларды үйрөнүүчү дин таануунун тармагы. Ал диндин мамлекетке, элге, үй-бүлөгө карата мамилесин, дин жаатында келип чыккан социалдык окуя-кубулуштарды, түрдүү диний жамааттардын коом менен өз ара мамилелерин изилдейт. Дин социологиясы социалдык жана диний илимдерге таянат.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Дин тарыхы** — диндерди тарыхый көз караштан үйрөнгөн дин таануунун тармагы. Анда негизинен диндер пайда болушунун тарыхый шарттары, негиздөөчүлөрү, алгачкы жамааттар, өнүгүү баскычтары жана учурдагы абалына көңүл бурулат.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Документти оку жана бул эреже улуттук мыйзам документтеринде кандай чагылдырылганын аныкта.

*Ар бир адам пикир, ишеним жана дин эркиндиги укугуна ээ; бул укук... сыйынууда жана диний үрп-адат жана ырым-жырымдарды массалык же жеке тартипте аткаруу, өз дини же ишенимине жеке өзү, ошондой эле, башкалар менен чогуу баш ийүү эркиндигин өзүндө камтыйт.*

***Адам укуктарынын Бүткүл дүйнөлүк Декларациясы, 18-статья.***

Эгерде, акылдуу жооп алууну кааласаң – акылмандарча суроо бер.

***Гёте***

Ошону менен бирге, дин социологиясы адамдардын диний ишенимин, диний уюмдардын ишин, коомдун мүчөлөрүндөгү диний аң-сезимди үйрөнөт.

Социология дин кубулушун үйрөнүүдө диндин социалдык турмушта аткарган функцияларына сөз-сүз кайрылууга тийиш. Мурдагы класстарда да алар менен жарым-жартылай таанышкансың.

***Дин психологиясы*** — адам диний жашоосунун психологиялык жактарын үйрөнүүчү дин таануунун тармагы.

Дин психологиясы жеке адамдын диний тажрыйбаларын жана анын түрдүү көрүнүштөрүн баяндоого аракеттенет. Адамдын диний сезими, түшүнүгү жана жашоо мүнөзү дин психологиясынын негизги темасы.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Төмөнкү сүрөттөргө карап, диндин социалдык турмушта аткарган функцияларын түшүндүрүүгө аракеттен.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Социология термини латинче *societas* — «коом» жана грекче *logos* — «окуу» сөздөрүнүн бирикмесинен алынган болуп, ал түздөн-түз коом жөнүндөгү илим маанисин билдирет.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку. Текст дин таануунун кайсы тармагынаа тиешелүү экендигин иликте.

*«...падыша Доро ибн Доронун казнасында «Абисто» («Авесто»)нун он эки миң бодо малдын терисине алтын менен жазылган бир нускасы бар болчу. Искандар Макдиний отканаларды талкалап, аларга кызмат кылгандарды өлтүргөн учурда аны өрттөп салган эле. Ошондуктан ошол убакыттан бери «Абистонун» бештен үч бөлүгү (башкача айтканда, он сегиз наскы) жоголуп кетти. «Абисто» отуз наск эле, бутпарастардын колунда чамасы он сегиз наск (бөлүк) калды».*

***Абу Райхан Беруний***

***Дин философиясы*** — диндин мазмунун, адамдын диний чындыктар менен байланышканын үйрөнгөн багыт. Ал өзүндө Кудайдын бар экендиги, сапаттары, жаратуучу жана реалдуу мамилелери, жаратуу, ааламдын жаратылышынан максат, кайра тирилүү, пайгамбарлык жана вахий өңдүү кең көлөмдүү маселелерди камтыйт.

***Дин феноменологиясы*** — диндин көзгө көрүнгөн, тышта чагыла турган жактарын үйрөнгөн илимдин багыты.

Дин феноменологиясы диний сезим жана анын көрүнүштөрү бүткүл дүйнөдө дээрлик бири-бирине

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Феномен «көрүнүүчү», «көзгө көрүнүүчү» нерсе болуп, феноменология көзгө көрүнгөн нерсенин системалык формада колдонулушу болуп саналат.

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Диний белгилерде жашырынган маанилерди ачуу жана каймана сөздөрдүн ыйык мазмунун жарытуу өңдүү иштер да дин феноменологиясынын милдетине кирет.

окшоштугуна белги берет. Түрдүү диндердин ибадаты жана ырым-жырымдарын, ыйык жер, замана, нерсе жана жеке адамдарын изилдеп, жалпы жактарын табууга аракеттенет.

***Дин тарыхы*** — диндердин пайда болушу жана өнүгүү баскычтарын үйрөнүүчү тармак. Ал бир нече предметтерге таянат жана алар менен тыгыз байланышкан. Мисалы, тарых предмети өтмүштөгү окуя-кубулуштарды үйрөнүү менен бирге, өткөндөгү жана азыркы диндердин тарыхый калыптанышы жагынан «Диндер тарыхына» жакындан жардам берет.

Диний тексттерди үйрөнүүдө филология предмети өзгөчө мааниге ээ. Мындан тышкары тарыхты үйрөнүүдө жардамчы предметтер — мифология (рабаят жана уламыштар), этнология, археология, көркөм өнөрдүн тарыхы, фольклор жана у. с. бир нече предметтер да дин тарыхы менен түздөн-түз байланышкан.

Эзүүчү Союздун тушунда өлкөбүздө барды-гы болуп 80 ге жакын мечит иштеген болсо, 2018-жылга келип алардын саны 2 минден ашып кетти.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Дин социологиясы, философиясы, психологиясы, феноменологиясынын ортосунда кандай байланыштар бар?
2. Берилген жадыбалды мисалдар менен толтур.

| Дин социологиясы | Дин философиясы | Дин психологиясы | Дин феноменологиясы |
|---|---|---|---|
| | | | |

3. Дин тарыхын үйрөнүүдө кандай предметтер жардамчы эсептелет жана эмне үчүн?
4 *www.lex.uz* дан Өзбекстан Республикасы Президентинин 2018-жылы 16-апрелдеги «Диний-агартуучу тармактын ишин таптакыр өркүндөтүүнүн иш-чаралары жөнүндөгү» Указын таап оку жана мазмунун түшүндүр.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

| Жыл-дар | Өзбекстандан ажы сапарына баргандардын саны | Өзбекстандан умра сапарына баргандардын саны |
|---|---|---|
| 1991 | 350 | 0 |
| 1992 | 500 | 370 |
| 1993 | 1500 | 1126 |
| 1994 | 3000 | 2000 |
| 1995 | 3000 | 1943 |
| 1996 | 3675 | 2164 |
| 1997 | 3675 | 3670 |
| 1998 | 3850 | 2822 |
| 1999 | 3870 | 2136 |
| 2000 | 3841 | 1378 |
| 2001 | 3800 | 1197 |
| 2002 | 3800 | 1124 |
| 2003 | 3800 | 1228 |
| 2004 | 4180 | 1148 |

| Жыл-дар | Өзбекстандан ажы сапарына баргандардын саны | Өзбекстандан умра сапарына баргандардын саны |
|---|---|---|
| 2005 | 4500 | 2000 |
| 2006 | 5078 | 2354 |
| 2007 | 5088 | 4075 |
| 2008 | 5080 | 4325 |
| 2009 | 5080 | 4358 |
| 2010 | 5080 | 6162 |
| 2011 | 5080 | 6120 |
| 2012 | 5080 | 6120 |
| 2013 | 5200 | 5775 |
| 2014 | 5200 | 6567 |
| 2015 | 5200 | 6166 |
| 2016 | 5200 | 6172 |
| 2017 | 7350 | 6172 |





(О адам!) Эгерде алардан (ата-эне) бири же экөө тең алдында карылык жашына жетсе, аларга «уф!...» дебе жана аларды жекирбе! аларга (дайыма) жагымдуу сөз айт!

***Куран карим,***
***Исро сүрөсү, 23-аят***

# 3-§ МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ДИН МАМИЛЕЛЕРИ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Учурда мамлекет менен дин мамилелери.
2. Мамлекет менен дин мамилелеринин укуктук негиздери.
3. Өзбекстанда мамлекет менен дин мамилелери.

## УЧУРДА МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ДИН МАМИЛЕЛЕРИ

Мамлекет менен дин мамилелеринин тамыры өтө байыркы доорлордон башат алат. Мындай мамилелер түрдүү тарыхый доорлордо түрдүүчө мазмунга ээ болгон. Орто кылымдарда дин коомдун бардык тармактарында, ошонун катарында, мамлекеттин турмушунда толук бийлик жүргүзгөн доорлор да болгон. Кээ мамлекеттерде дин таптакыр четке кагылган, б. а. атеизм үстөмдүк кылган.

XXI кылымдын баштарында мамлекет менен диндин өз ара мамилелерине карай мамлекеттерди төмөнкү топторго бөлүүгө болот:

- динге мамлекет дини статусу берилген мамлекет;
- чиркөө таасиринин рамкасындагы мамлекеттер;
- дүйнөлүк же диний мамилелерде нейтралдуулук жолун карманган мамлекеттер;
- расмий динге ээ болбогон мамлекеттер;
- дин мамлекеттен ажыратылган мамлекеттер;
- католик чиркөөсү менен келишимге ээ мамлекеттер;
- укуктук таанылган диний топторду коргоочу мамлекеттер;
- диний-жамааттык системалуу мамлекеттер.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Ар бир мамлекет өзүнүн динге болгон мамилесин белгилүү нормативдик-укуктук документ жана мыйзамдар аркылуу жөнгө салат.

Мамлекеттерди мындайча топторго бөлүштүрүү салыштырмалуу гана. Ошентсе да, ал мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелердин негизги өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Ошону менен бирге, бир мамлекет өзүнүн белгилери боюнча бир нече топко кириши да мүмкүн.

## МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ДИН МАМИЛЕЛЕРИНИН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Учурда дүйнөдөгү бир топ өлкөлөр диндин мамлекеттен ажыратылганын же мамлекеттин диний уюмга карата нейтралдуулугун Конституция же мыйзам деңгээлинде белгилеп койгон.

Юридикалык таанылган же таанылбаганына карабастан, бардык мамлекеттер дин жана ишеним эркиндигине урмат менен мамиле жасашын жарыялашкан.

Учурда мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелер бир топ өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турушун белгилөө зарыл. «Кансыз согуш» доору аяктагандан кийин динге каршы агрессивдүү жана диний иштин үстүнөн көзөмөлдөө саясаты жеңилдеди. Бул, бир жактан, диний эркиндиктин камсыздалышына кызмат кылган болсо, экинчи жактан, диний секталардын көбөйүшүнө, жаңыларынын пайда болушуна алып келди. Бул жараян секталар же жаңы

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

**Кең пейилдик** сөзү дээрлик бардык тилдерде бирдей же бири-бирин толуктоочу мазмунга ээ. Бул түшүнүк такааттуулук, башкача караш жана аракеттерге урмат менен жылуу мамиледе болуу өңдүү маанилерге ээ.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

XXI кылымдын баштарында мамлекет менен диндин өз ара мамилелери боюнча дүйнөдөгү мамлекеттерди топторго бөл.

Мисалы: динге мамлекет дини статусу берилген өлкөлөр — Катар, Пакистан, Коста-Рика жана б.

диний агымдардын ишин жөнгө салууга каратылган мыйзам документтерин өркүндөтүүнү талап кылат.



Диний уюмдар жана бирикмелер мамлекеттен ажыратылган жана мыйзамдын алдында тең. Мамлекет диний бирикмелердин ишине кийлигишпейт.

***Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 61-статья***

## ӨЗБЕКСТАНДА МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ДИН МАМИЛЕЛЕРИ

Өзбекстанда өзүнүн мааниси, мазмуну, укуктук негиздери боюнча дин мамлекеттен ажыратылган жана ишеним эркиндиги, конфессиялык кең пейилдик принциби бекемделген. Конституциябызда диний уюм жана бирикмелердин мамлекеттен ажыратылгандыгы, мыйзамдын алдында теңдиги белгиленет. Ошону менен бирге мамлекет диний бирикмелердин ишине кийлигишпестиги белгилеп коюлган.

Бул маселе Өзбекстан Республикасынын «Ишеним эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамынын мазмунун түзөт. Бул болсо өлкөбүздө мамлекеттин диний иштерге, диндин болсо мамлекеттин иштерине (мыйзам документтеринде каралган учурлар буга кирбейт) кийлигишпестигин билдирет. Ошону менен бирге Негизги Мыйзамыбызда мамлекет өзүнүн аймагында жашаган бардык улут жана элдердин тили, үрп-адаттары жана салттары урматталышын камсыздайт, алардын өнүгүшү үчүн шарт түзөт, деп баса белгиленет.

Диний уюмдар кайсы конфессияга таандык экендигине карабастан, бирдей укуктук майданда иш



### ТАРЫХКА НАЗАР

1995-жылы октябрь айында Ташкент шаарында «Бир асмандын астында» урааны менен эл аралык мусулман-христиан конференциясы, 1996-жылы ноябрда Орус православие чиркөөсү Ташкент жана Борбордук Азия епархиясынын 125 жылдыгы салтанаттуу түрдө өткөрүлдү.

жүргүзөт. Диний бирикмелер ишин уюштуруу алардын ички иши эсептелет жана мамлекеттин көзөмөлүнөн оолак.

Диний уюмдар мамлекеттен ажыратылган болсо да, дин коомдон ажыратылбаган. Анткени, каалагандай динге сыйынган жаран коомдун бир бөлүгү жана ошондуктан дин жарандык коомдо өзүнүн ордуна ээ.

Өзбекстан Республикасы деиократиялык принциптерге берилгендигинин далили иретинде мамлекеттин дин жана диний уюмдар менен өз ара мамилелеринде төмөнкү принциптерге баш ийилишин жарыялады:

- динчилдердин диний сезимдерин урматтоо;
- диний ишенимдерди жарандардын же алар уюмдарынын жеке иши деп таануу;



Чиркөө жана синагогаларды талкалоого тыюу салынат. Бул маселеде окумуштуулардын арасында каршылык жок.

***Абу Мансур Мотуридийнин «Та'вилоти ахлис-сунна» китеби, Куран карим, Хаж сүрөсү 40-аятынын чечмелениши.***



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ







Берилген сүрөттөр менен төмөнкү тексттин негизинде өлкөбүздөгү дин менен мамлекеттин мамилелерине мүнөздөмө бер.

*Бүгүнкү сессиянын катышуучуларына БУУ Башкы Ассамблеясынын «Агартуу жана диний кең пейилдик» деп аталган атайын резолюциясын кабыл алуу сунушу менен кайрылмакчымын.*

*Бул документтин негизги максаты – бардыгынын билим алуу укугун камсыздоого, сабатсыздык жана түркөйлүккө чек коюуга жардамдашуудан турат.*

***Шавкат Мирзиёев,***
***ВМТ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы докладынан.***

- диний караштарга амал кылган жана амал кылбаган жарандардын укуктарын бирдей кепилдөө, аларды куугунтуктоого жол койбостук;
- руханий калыбына келүү, жалпы адамзаттык ахлактык баалуулуктарды орнотуу ишинде түрдүү диний уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу үчүн алар менен сүйлөшүү жолдорун издөө;
- динден бузгунчулук максаттарында пайдаланууга жол коюуга болбостугун таануу.

Республикабызда мамлекет менен дин мамилелерин жөнгө салуу, диний уюмдар ишин координациялоо менен Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитет алектенет. Комитет өзүнүн ишин 1992-жылы баштаган. Өткөн доордун ичинде жаңы шарттардын түзүлүшү, өлкөбүз өнүгүүнүн жаңы баскычына өткөндүгү менен байланыштуу Өзбекстан Республикасы Президентинин 2018-жылы 16-апрелдеги указы менен комитеттин иши реформаланды. Алсак, кызматчыларлын саны көбөйүп, алардын маяналары ашырылды. Ошону менен бирге комитеттин алдында дин жаатында пайда болушу мүмкүн болгон көйгөйлөрдү үйрөнүү боюнча борбор түзүлдү.

Биз ыйык динибизди эзелки баалуулуктарыбыздын башаты иретинде чексиз барктайбыз. Биз ыйык динибизди зомбулук жана кан төгүү менен бир катарга койгондорду катуу каралайбыз жана алар менен эч качан келише албайбыз.

***Шавкат Мирзиёев***

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Мамлекет менен дин мамилелеринин кандай моделдерин билесиң?
2. Өзбекстан Республикасы бул моделдердин кайсы бирин колдогон?
3. Өлкөбүз Конституциясынын 61-статьясында мамлекет менен дин мамилелерине тиешелүү кандай пикир бекемдеп коюлган?
4. Өзбекстан Республикасы мамлекеттин дин жана диний уюмдар менен өз ара мамилесинде кандай принциптерге баш иет?

# 4-§ ДИН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТУРМУШ



**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Диндин коомдогу орду.
2. Социалдык мамилелер жана дин. Диндин коомдогу социалдык функциялары.

## ДИНДИН КООМДОГУ ОРДУ

Адамзаттын тарыхынан билгенибиздей, дүйнөнүн эч бир эли белгилүү бир дин жана ишенимдер системасысыз өзүнүн жеке жана социалдык жашоосун элестете албайт. Тарыхый доордун бардык баскычтарында коомдун негизги муундары өзүнүн ишин жүргүзүү үчүн тигил же бул диний ишенимдин принциптерине таянган. Мындай жагдай бардык эл жана улуттарга мүнөздүү.

Социалдык турмуш формасы менен мазмунунун өзгөрүшү коом мүчөлөрүнүн динге болгон мамилелеринин өзгөрүшүнө өзүнүн таасирин тийгизди.

Дин жана анын эрежелери, эң мурда, социалдык жардамга муктаж адамдарды коргоого кызмат кылган. Ошондуктан коомдун ак сөөктөр катмары аны бат эле кабыл алышпаганын тарыхтан билебиз.

Кийинчерээк болсо кээ бир өкүмдарлар динден өздөрүнүн социалдык-экономикалык жана саясий орудуларын чыңдоо максатында пайдаланууга умтулушту. Мында адамга каршы кыймыл-аракттерди жасоодон да кайтышпады. Алсак, Батышта ири илимий ачылыштарды жасаган адамдар чиркөөнүн



Эгерде темир иштетилбесе, дат басат. Эгерде суу аракетте болбосо, бузулат. Эгерде киши ойлобосо, аң-сезим менен ушундай жагдай жүрөт.

***Леонардо Да Винчи***

бийлигине кооп салышы мүмкүн, деген тыянак жасашты. Алар сыйкырчылыкта күнөөлөнүштү жана массалык куугунтукка алынды.

Батыштагы бул социалдык жагдайды Орто кылымдардын Маверауннахры, айныкса, темурийлердин доору менен салыштырсак, ислам дининин окумуштуулары ошол доордо жашап, илим менен алектенген залкар окумуштууларыбыздын ишин дин эрежелерине каршы, деп каралабаганын көрөбүз.

Тоталитардык түзүлүштүн тушунда улуттук-маданий мурасыбызды илим-билимдин душманы иретинде көрсөтүүгө урунушту. Мисалы, өткөн кылымдын 70-жылдарында тартылган фильмде Мырза Улугбектин өлүмүндө Хожа Ахрор Валий күнөөлүү кылып көрсөтүлгөн. Ал шаазада Абдулатифти «атаӊ куфр иштерин жасап жатат жана муну менен шек келтирип жатат», «капырды өлтүрүү менен болсо исламда чоӊ сооп аласыӊ» деген фатва берген өӊдүү эпизоддор

Кимдин каары келсе, заматта тынчтыкты сактаганга өтсүн!

***

Ким башка диндегини (туура эмес) акаараттаса, кыямат күнү жалындуу камчы менен сабалат.

***Хадис***



*Галилео Галилей инквизиция сотунун алдында*



*Чиркөө тарабынан Ж. Брунонун китептеринин өрттөлүшү*

бар. Тарыхый чындык боюнча Хожа Ахрор Валий Мырза Улугбек өлтүрүлгөндө таптакыр Самаркандда болбогон. Тескерисинче, ал адам темурийзаадалардын ортосундагы так үчүн жүргөн согуштардын алдын алууга чын дилден урунган.

XX кылымда мурдагы Союздун аймагында башка диндер катары ислам динине тиешелүү билимдердин да кризиске жолугушу түркөйлүктүн күчөшүнө себеп болду. Атеизм идеясы үстөмдүк кылууга аракеттенди. Натыйжада, ислам дининин окуусуна жат болгон элементтер социалдык турмушка кирип келе баштады. Бирок, ислам дининин окуусунда устат-шакирт салты калыптанган болуп, диний би-

Он эсе байып кетсең да, жашоо мүнөзүңдү өзгөртпө.

***Лев Толстой***

Дүйнөдөгү зордукчул жана агрессивдүү күчтөр кайсы бир эл же мамлекетти өзүнө көз каранды кылып, баш ийдирмекчи, анын байлыктарын ээлемекчи болсо, эң мурда, аны куралсыздандырууга, башкача айтканда эң улуу байлыгы болгон улуттук баалуулуктары, тарыхы жана руханиятынан ажыратууга урунат.











Конституциялык түзүлүштү зордук менен өзгөртүүнү максат кылган, республиканын суверенитети, бүтүндүгү жана коопсуздугуна, жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктерине каршы келген, согушту, социалдык, улуттук, расалык жана диний душмандыкты үгүттөөчү, элдин ден соолугу жана руханиятына кооп салуучу, ошондой эле, аскердик бирикмелерди, улуттук жана диний рухтагы саясий партияларды жана жамаат бирикмелерин түзүүгө жана алардын ишкердигине тыюу салынат.

Жашырын коом жана уюмдарды түзүүгө тыюу салынат.

***Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 57-статья***

лимдер устаттан шакиртке өтүп келген. Ушундай жол менен диний баалуулуктар бүгүнкү күнгө чейин сакталып калды.

Жогорудагы тарыхый маалыматтар боюнча, дин жана коом өз ара тыгыз байланышта. Динди туура түшүндүрүү тынчтыкты сактоого, кең пейилдик чөйрөсүн калыптандырууга, илимдин өнүгүшүнө кызмат кылат. Андан жаман ойдо пайдалануу социалдык турмуштун изден чыгышына, коомдо тынчсыздыктын келип чыгышына себеп болот.

## СОЦИАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР ЖАНА ДИН. ДИНДИН КООМДОГУ СОЦИАЛДЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

Диндин «функциясы» жана «ролу» түшүнүктөрүн айырмалоо керек, алар бири-бири менен байланыштуу, бирок бирдей нерселер эмес.

Функция – бул диндин коомдогу аракет усулу. Роль – бул функцияны аткаруу натыйжаларынын жалпы суммасы. Диндин коомдо бир нече функциялары бар.

***Көз караштык функциясы.*** Бардык доорлордо дин жашоонун мазмуну, адамдын турмуштук кыйынчылыктары, «о дүйнө» жөнүндөгү суроолорго жооп берет. Ага жооптор адамдарга жашоодон максат эмне экендигин түшүнүүгө жардам берет.

Кудайга ишенген адамдар өздөрүн тагдырын соккусу астында араң күн көргөн алсыз жанзат иретинде эмес, жашоосун

бир бүтүн теологиялык мазмундун бир бөлүгү иретинде элестетишет.

***Көңүлдү көтөрүү функциясы.*** Жашоонун мазмуну жөнүндөгү суроолорго дин тарабынан берилип жаткан жооптордо бул ааламда тартылып жаткан азап-тозоктор адам үчүн текке эместиги уктурулат, бул болсо сыйынуучуларга рухий тынчтык берет. Оор кубулуштар менен байланыштуу диний үрп-адаттар кайгылуу күндөрдө адамдарга рухий тең салмакты сактоого жардам берет. Адам башкалардын өзүнө карата кайдыгер эместигин туят жана орнотулган үрп-адаттардан рухий бейпилдик табат.

***Өзүнүн социалдык таандыктыгын белгилөө функциясы.*** Диний окуулар ага сыйынуучуларды бирдей баалуулуктар жана жалпы максаттын айланасында бириктирет (биз мусулманбыз, биз христианбыз, биз еврейбиз жана у. с.). Мисалы, япон элинин ишеними боюнча, ар бир япон синтоизм done динде туулат. Иудаизм done динде болуу үчүн да еврей улутуна таандык болуу керек. Мусулмандарда таандыктык ыймандын шарттарын аткаруу менен белгиленет.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Диндин коомго таасирин үйрөнгөн илим дин социологиясы деп аталат. Француз окумуштуусу Огюст Конт ушул түшүнүктү алгачкы жолу илимий мамилеге киргизген.



Мусулмонлар идораси Ақтўбе фожиаси қурбонлари оилаларига ҳамдарлик билдирди

12:15 / 19.01.2018 8801

Ўзбекистон

Ўзбекистон Мусулмонлари идораси раҳбарияти 18 январь куни Қозоғистоннинг Ақтўбе вилоятида содир бўлган фожиа оқибатида ҳалок бўлган ўзбекистонликларнинг оила аъзолари, яқинлари ва қариндошларига ҳамдардлиги ва таъзиясини билдирди.

الحمد لله الذي قدر آجال العباد، وكتب أعمارهم قبل موالدهم. وقال

وَلِكُلِّ أُمَّةٍ أَجَلٌ فَإِذَا جَاءَ أَجَلُهُمْ لَا يَسْتَأْخِرُونَ سَاعَةً وَلَا يَسْتَقْدِمُونَ

والصلاة والسلام على سيد الأنبياء وإمام الحنفاء محمد بن عبدالله وآله وأصحابه النجباء .

Муҳтарам жамоат!
2018 йил 18 январь куни Қозоғистоннинг Ақтўбе вилоятида рўй берган фожиадан Ўзбекистон Мусулмонлари идораси катта қайғуда. Кўплаб юртдошларимиз ўлимига олиб келган ушбу воқеа муносабати билан ҳалок бўлганларнинг оила аъзолари ва яқинларига Ўзбекистон Мусулмонлари идораси Уламолар Кенгаши номидан чуқур ҳамдардлик билдирамиз.

Ўзбекистон Мусулмонлари идораси, уламолар ва имом-домлалар томонидан ҳалок бўлганларнинг оила аъзоларига ҳамдардлик билдириш, масжид-мадрасаларимизда хатми Қуръонлар ўқиб, руҳи покларига бахшида қилиш ва яқинларига тасалли бериш каби савобли ишлар бошланди.

***Социалдык нормалаштыруу функциясы.*** Бардык диндерде ага сыйынуучулардын социалдык мамилелери диний эрежелер менен тартипке салынат. Мисалы, ата-эне, перзент, кону-кошуна, тууган-урук, ал тургай башка динге сыйынуучуларга карата жасалган мамилелер да жөнгө салынат.

***Социалдык көзөмөл функциясы.*** Дин күндөлүк жашоо үчүн нормаларды белгилөө менен чектелбестен, адамдардын жүрүм-турумун да көзөмөлгө алат. Диний топтун көпчүлүк чектөөлөрү анын мүчөлөрүнө гана тиешелүү. Бирок, айрым нормалар диний жамаатка таандык болбогон адамдарга да тиешелүү эсептелиши мүмкүн. Мисалы, баңги затты керектөө, башка динге сыйынуучуларга зордук жасоо, өзүнө тиешелүү болбогон мүлккө ээлик кылууга умтулуу жана башка терс кубулуштарга каршы туруу жалпы чектөө жана көзөмөлгө байланыштуу саналат.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

*Шариатты дене деп ойло, тарикатты жүрөк деп бил, чындыкты болсо жан деп таань.*

***Имам Мотуридий***

*Жашоо жибинин учу Кудайдын колунда экен, эмне үчүн бул жашоону ага ишенбестигибиз керек.*

***Махатма Ганди***

*Жакшылык кыл, дарыяга ташта, билсе балык, билбесе Калык.*

***Эл макалы***

*Ар бир иште соон бар.*

***Накыл сөз***

Бул сөздөр диндин кайсы функцияларын ишке ашырат?

***Ыңгайлашуу функциясы.*** Дин адамдардын жаңы социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусуна жардам берет. Айрым себептер менен башка өлкөлөргө көчүп кеткен адамдар жаңы жерде бейтааныш жергиликтүү үрп-адаттарга оңой көнүгө алышпайт. Мындай шартта алар өздөрү сыйынган диндин үрп-адаттарын жана ишеним нормаларын жана эне тилин сактап калуу аркылуу маданий жана улуттук баалуулуктарын кийинки муундарга беришет.

Албетте, дин жогоруда айтып өтүлгөн маанилүү социалдык функцияларды аткарып, коом мүчөлөрүнүн көз карашына сезилерлүү таасир көрсөтөт.

Өлкөбүздө ислам дининдеги туруктуулук принциби адамдардын жеке жана социалдык турмушундагы көйгөйлөрga кең пейилдик, айкөлдүк, сооп, берешендик өңдүү ахлактык баалуулуктардын негизинде акылмандык менен мамиле жасоого үндөйт. Ошол көз караштан, ислам дининдеги бул принцип Өзбекстандын учурдагы тез жүргөн социалдык өнүгүшү үчүн руханий факторлордон бири болуп кызмат кылат.

Туура жана ак жолдон жүргөн адамдын жүрүшү арстандын жүрүшүнө караганда да айбаттуураак.

***Махмуд Замахшарий***

**БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Динден жаман ойдо пайдалануу кандай социалдык көйгөйлөргө алып келет?
2. Дин менен коомдун мамилелерин үйрөнүүчү илимдин тармагы кандай аталат?
3. Дин социологиясынын негизги максаты эмнеде?
4. Диндин социалдык турмуштагы кандай функцияларын билесиң?
5. Диндин коомдогу «функциясы» жана «ролу» түшүнүктөрү эмнелерде туюнтулат?

# 5-6-§ БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ДИНДЕРИ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Борбордук Азияда таралган диндердин учурдагы абалы.
2. Зороастризм жамааттарынын заманбап жашоо мүнөзү.
3. Теңирчиликтеги«Ренессанс» кыймылы, анын зыяндуу натыйжалары.

Улуу Жибек жолу аймактардын ортосунда соода байланыштарын гана эмес, ошондой эле мамлекет жана материктердин ортосунда маалымат алмашууну камсыздоого да кызмат кылган.

***Шавкат Мирзиёев***

Борбордук Азия чөлкөмүнүн илгери Улуу Жибек жолунда жайлашкандыгы бул жерде көп улуттуу жана конфессиялуу мамлекеттин калыптанышына себеп болду. Улуу Жибек жолу Шаш, Самарканд, Бухара, Хива өңдүү байыркы шаарлар аркылуу өткөн. Бул шаарларда ири кербен сарайлар, соода жана базарлардын өнүгүшү менен бирге түрдүү маданият, тил жана диндердин өкүлдөрү да чогулду. Турган сөз, алар өздөрүнүн үрп-адат жана каада-салттарын да алып кириштi.

Борбордук Азия чөлкөмүндө таралган эң байыркы диндерден бири зороастризм эле. Учурда бул динге сыйынуучулардын саны көп эмес.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Улуу Жибек жолу Орто кылымдарда Чыгыш менен Батыштын өлкөлөрүн өз ара байланыштырган материктер аралык кербен жолу. «Улуу Жибек жолу» термини ушул жолдон ташылган кымбат баалуу товар – Кытай жибеги менен байланыштуу. Борбордук Азияда байыртадан дүйнө диндери – буддизм, христиандык, ислам диндери таралган. Ошондой эле, монизм жана иудаизм диндери да болгон.

Дүйнөлүк көлөмдө зороастризмдин диний булагы «Авестону» үйрөнүү Авесто таануу наамын алган. Азыр АКШ, Россия, Иран, Индия мамлекеттеринде ири Авесто таануу борборлору бар. Учурда эң ири зороастризм жамааттары — Иран гебрлери менен Индия парстарынын ортосунда тил, ибадат жасоонун формасы жана жыл эсеби боюнча гана кээ бир келишпестиктер бар. Учурда Индияда психологиялык жагына көңүл бурган топтор пайда болгон.

Глобалдашуунун таасиринде кийинки учурларда зороастризмди реформалоо, көптөгөн ырым-жырымдарды жоюп, «Гаттарды» гана ыйык китеп деп таануу пикири илгери сүрүлүүдө. Учурда дүйнөлүк көлөмдө зороастризмге сыйынгандар Индияда 100 миң, Иранда 50 миң, Европа, Азия өлкөлөрү жана Америкада бир нече миң адамды түзөт.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Гебрлер жана парстар** — зороастризм динине сыйынууну сактап калган этноконфессиялык топтор.



*Ирандын гебрлери*



*Индиянын парстары*

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

2001-жылы ЮНЕСКО тарабынан «Авестонун» 2700 жылдыгы белгиленди.



*Үргөнч шаарында «Авестого» коюлган эстелик.*

Борбордук Азияда пайда болгон диндерден дагы бири бул – теңирчилик. Чөлкөм элдеринин тарыхында бул ишенимдин өзүнө мүнөздүү орду болгон.

Теңирчиликтин тарыхы өлкөбүз элдеринин өтмүш маданияты, социалдык турмушу жана жашоо мүнөзү жөнүндө маалымат берген тарыхый булактардан бири.

Учурда Борбордук Азия элдеринин арасында теңирчиликти байыркы диний салт иретинде калыбына келтирүүгө урунуштар бар. Мунун аркасында айрым жаман ойлор да жатканын сезүүгө болот.

1990-жылдардан баштап теңирчиликке сыйынган топтор пайда боло баштады. Атайы көтөрүлүп жаткан мындай жагдай калктын арасына бүлүк салышы мүмкүн. Анткени учурда бул чөлкөмдө өздөрүнүн

*Акылдуу болуу жетиштүү эмес, маанилүү жери аны иштете билүү керек.*

***Рене Декарт***

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Кагандык өзүнүн мамлекеттик идеологиясы боюнча, «эл» деп аталып, байыркы тарыхта аны менен байланыштуу «түбөлүктүү эл», «Теңирдин (Кудайдын) эли», «түрк эли» өңдүү сөздөр калыптанган. Эл жана каган бийликтин Теңир тарабынан Ашинанын үйүнө «Түрк будунуна (элине)» белекке берилгенине ишенишкен. Байыркы түрк коому дүйнөнүн кандайдыр башка саясий уюмунун өкүмдарына «Кудай-король» иретинде караган эмес, анткени мындай саясий шык Теңир тарабынан Ашинанын үйүнө гана ыйгарылган, деген түшүнүк Ашина түрктөрүнүн оюн ээлеген. Ошондуктан, Ашинанын үйүнүн бийлиги кудайлаштырылган. Эгерде Теңир берген саясий бийлик ишеничти актабаса, башкача айтканда өзүнүн шыгын көрсөтө албаса, анда мындай өкүмдар бийликтен алыстатылып, «Теңир берген саясий бийлик кайра Теңир тарабынан кайтарып алынат», деп түшүнүшкөн.

***Абу Райхан Беруний***

көп кылымдык диний ишенимдерине ээ болгон түрдүү улут жана элдер жашайт. Мындай шартта теңирчилик динин кайра калыбына келтирүү улуттук жана диний чыр-чатактардын келип чыгышына себеп болот.

XXI кылымдын баштарында Борбордук Азия чөлкөмүндө жайлашкан мамлекеттер – Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстанда өзүнө мүнөздүү диний көрүнүшкө күбө болушубуз мүмкүн.

Казакстан Республикасында расмий түрдө 18 конфессиянын курамында 3600 дөн ашуун диний уюм бар. Ошондой эле, өлкөдө 246 салттык эмес диний топ жана жаңы жамааттар (миссионерлер) да иш жүргүзүшөт.

Түркмөнстан Республикасында 13 диний конфессия катталган. Өлкөдө 128 диний уюм бар. Кыргызстан Республикасында 30 дан ашуун диний конфессиялар иш жүргүзөт.

Адам өмүрү бою өзүнүн өмүр жолун өзү-өзүнө жаратып отурат.

***О. Махмудовдун «Океан берметтери» китебинен***

**БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Борбордук Азия чөлкөмүндө көп улуттуу жана конфессиялуу калк жашашынын себептери эмнеде?
2. XXI кылымдын баштарында Борбордук Азия чөлкөмүндө жайлашкан мамлекеттер – Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстанда кандай диний көрүнүштү көрүүгө болот?
3. Теңирчилик дининин учурда үгүттөлүшү кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн?

# 7-§ ДҮЙНӨ ДИНДЕРИНИН БУЛАКТАРЫ: БУДДИЗМ ЖАНА ХРИСТИАНДЫК

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Дүйнө диндери булактарынын диний кең пейилдик, ынтымак маданиятын калыптандыруудагы мааниси.
2. Өзбекстанда буддизм жамааты, адабияттары. Христиандык жамааттары. Библиянын өзбек тилинде басылышы.



*Трипитака*

## ДҮЙНӨ ДИНДЕРИ БУЛАКТАРЫНЫН ДИНИЙ КЕҢ ПЕЙИЛДИК, ЫНТЫМАК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ МААНИСИ

Ар кандай динге ишенимдин негиздери, мыйзам-эрежелеры, ибадат жана ырым-жырымдары анын ыйык булактарында чагылдырылат. Ыйык китептер биринчилик же экинчилик болушу мүмкүн. Дүйнө дindеринен болгон буддизмде Трипитака, христиандыкта Библия ыйык булак эсептелсе, ислам дининде Куран карим түздөн-түз Аллахтын сөзү – каломи саналат. Ошондуктан ислам дининин окуусу боюнча Курандын аяттарын таза абалда окуу, анын үстүнө башка китеп же буюмду коюу, алып жүргөндө колду белден ылдый түшүрүү жарабайт.

Башка диндерде да өздөрүнүн ыйык булактарына карата чоң урмат-сый көрсөтүлөт.

Мисалы, христиандыкта Иса Масих же башка олуялардын сүрөттөрү салынган иконалар үйлөрдөгү атайын «ыйык бурч» же «кызыл бурчка» коюлат

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

2017-жылдын 1-июнунда Ташкент шаарында Библия китебинин өзбек тилине толук котормосунун бет ачары болду. Буга чейин Библиянын айрым бөлүктөрү гана өзбек тилине которулган болчу.



*Христиан үйлөрүндөгү «ыйык бурч» же «кызыл бурч»*

жана аларга өзгөчө сый көрсөтүлөт. Бул жер төрдүн (алтардын) милдетин аткарат. Үй-бүлөнүн мүчөлөрү ошол жерге келип, ибадаттарын аткарышат. Алтарь абдан таза сакталган.

Ыйык булактарда диний көрсөтмөлөр менен бирге, жүрүм-турум, гумандуулук, адалдык, айлана-чөйрөнү асыроого боюнча көрсөтмөлөр да орун алган.

Эч кайсы диндин ыйык булагы бейкүнөө адам, жаныбардын канын төгүүгө, уурулук, бузгунчулукка буюрбастыгын унутпастыгыбыз керек.

«Андан кийин Кудай төмөнкү сөздөрдү айтты: «Мен силерди Египеттеги кулдуктан куткарган Ээңер Кудаймын... Киши өлтүрбөгүлө... Уурулук кылбагыла. Кошунаңарга каршы жалган күбөлүк бербегиле. Кошунаңардын үйүнө көз артпагыла. Кошунаңардын катыны, кулу же барымтасына, малы же эшегине, ага таандык ар кандай нерсеге көз артпагыла».

***Библиянын «Байыркы Ант» бөлүгүнөн***

Буддизмдин тексттеринде тынчтыкты сүйүү эң жогорку касиет, каардуулук жана таш боордук эң чоң күнөө эсептелет. Алсак, Трипитаканын «Дхаммарада» китебинде минтип айтылат: «Бул дүйнөдө эч качан жек көрүү жек көрүү менен жеңилбейт, жек көрүүнүн жоктугу менен ал да жок болот».

## ӨЗБЕКСТАНДА БУДДИЗМ ЖАМААТЫ, АДАБИЯТТАРЫ. ХРИСТИАНДЫК ЖАМААТТАРЫ. БИБЛИЯНЫН ӨЗБЕК ТИЛИНДЕГИ БАСЫЛЫШЫ

Дүйнө диндеринин эң байыркысы болгон буддизмде ыйык булак – Трипитакага чоң сый көрсөтүлөт. Пали тилинде жазылгандыктан бул китеп «Пали канону» деп да аталат.

Азыркыга чейин «Пали канонунун» көптөгөн бөлүктөрү англис тилине которулган. Трипитаканын орус тилине котормолору XIX кылымда пайда болгон.

Христиандык дининин негизги булагы Библия «Байыркы Ант» (иудаизмде «Танах») жана «Жаңы Ант» деп аталган эки бөлүктөн турат. Алардан «Бай-

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Будда окуусунун негизин «жашоо – бул азап-тозок» жана «куткаруунун жолу бар» деген идея түзөт. Буддизмдин мыйзамдары боюнча, адам өзүнө ылайыкташкан жанзат болуп, өзүндө төрөлөт, өзүн-өзү курман чалат же куткарат.

**ТАРЫХКА НАЗАР**

Биздин заманга чейинки 80-жылдарда Трипитака алгачкы жолу пальманын жалбырактарына жазылган.

1871-жылы Мандалай шарында (Бирма) болуп өткөн буддисттердин Бүткүл дүйнөлүк чогулушунан кийин Трипитаканын тексти ар бири 2 метрлүү 729 мрамор плитага жазып чыгылган.

1900-жылы мраморго оюп түшүрүлгөн Трипитаканын тексти алгачкы жолу китеп түрүндө жарык көрдү. Анын көлөмү 38 томду түздү.

ыркы Ант» байыркы арамей тилинде, «Жаңы Ант» болсо байыркы грек тилинде жазылган.

Маалыматтар боюнча бүгүнкү күнгө келип, бул китеп үч миңден ашуун тил жана говорлорго которулган.

1991-жылы алгачкы жолу Библия китеби айрым бөлүктөрүнүн өзбек тилине котормосу ишке ашырылган. 1994-жылы республикабызда Өзбекстан Библия китеби коому түзүлгөн. 2017-жылы июнь айында коом тарабынан алгачкы жолу Библия толук бойдон өзбек тилине которулганы жарыяланды.

Ар дайым жакшылык кыл. Башкаларды сүйсөң, өзүң да, башкалар да бактылуу болушат.

***Будда***

## ТАРЫХКА НАЗАР

«Байыркы Анттын» алгачкы котормосу биздин заманга чейинки III-II кылымдарда грек тилине которулган. Ал «Септуагинта» – жетимиш котормочунун иши деп аталат.

390-405-жылдар арасында Библиянын тексти латин тилине которулду.

V кылымда Библиянын толук тексти армян, гот, грузин жана башка тилдерге которулду.

1380-жылы болсо латин тилинен англис тилине которулду.

1581-жылы алгачкы жолу славян-чиркөө тилиндеги Библия жарык көрдү.

1818-жылга келип анын алгачкы бөлүктөрү орус тилинде басылды.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ыйык булак дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Диндерде ыйык китептерге кандай мамиле жасалат?
3. Библиянын котормолору жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Буддизм дининин ыйык булагы кандай аттар менен аталат?
5. Сенин оюңча, ыйык диний булактар адамдарды бузгунчулукка үндөшү мүмкүнбү?

# 8–9-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА ИСЛАМ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Ислам дининин рамкасында пайда болгон эл аралык уюмдар, алардын фанатизм жана терроризмге каршы күрөштөгү орду.
2. Өзбекстандын эл аралык ислам уюмдарына мүчөлүгү.

> Ичкеридеги келип эшикти ачып бербесе, тыштагы ууру үйгө кире албайт.
>
> ***Жалолиддин Румий***

## ИСЛАМ ДИНИНИН РАМКАСЫНДА ПАЙДА БОЛГОН ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР

XX кылымдын аягы — XXI кылымдын баштапкы он жылдыгында дүйнөнүн диний көрүнүшүндө бир топ олуттуу жана чыр-чатактуу өзгөрүштөр болду. Мындай өзгөрүштөрдүн негизинде дүйнөнүн саясаты жана руханиятында жүргөн жараяндар, эки уюлдуу дүйнөнүн жоюлушу, глобалдашуунун тездеши, эл аралык терроризм коркунучунун күчөшү өңдүү факторлор жатат.

Бир топ мусулман өлкөлөрүнүн окумуштуулары, интеллигенттери жана социалдык-саясий тармактын ишмерлери терроризмге каршы өздөрүнүн мамилелерин билдиришти. Алар дүйнөлүк көлөмдө иш жүргүзө турган туруктуу уюм түзүү демилгеси менен чыгышты. Натыйжада эл аралык көлөмдө өкмөттүк же өкмөттүк эмес деңгээлде иш жүргүзүүчү Ислам конференциясы уюму түзүлдү.

1969-жылы Марокконун борбору Рабат шаарында мусулман өлкөлөрү тышкы иштер министрлеринин катышуусунда сессия болуп өттү. Анда катышкан өлкөлөр Ислам конференциясы уюмунун мүчөлөрү

иретинде белгиленди. Учурда бул уюм Ислам шериктештик уюму (ИШУ) деп аталат.

ИШУнун ишинде төмөнкүлөр негизги максат иретинде белгиленген: исламдын бирдигин колдоп-кубаттоо; экономикалык, социалдык, маданий, илимий жана башка тармактарда шериктештикти чыңдоо; расалык кемситүүнү, бардык көрүнүштөгү зомбулукту жоюуга аракеттенүү; тынчтык жана коопсуздукту сактоо үчүн иш-чараларды белгилөө жана у. с.

Уюмду башкаруунун негизги принциптерин: өзүнүн тагдырын өзү белгилөө укугуна баш ийүү; мүчө өлкөлөрдүн бирдей укуктарга ээ экендиги; суверенитет, эгемендүүлүк жана аймактык бүтүндүктү таануу; мүчө мамлекеттердин ортосундагы чырды тынч жол менен чечүү түзөт.

## ИСЛАМ ШЕРИКТЕШТИК УЮМУНУН БӨЛҮНМӨЛӨРҮ

ИШУнун жетекчи органдары Мамлекет жана өкмөт башчыларынын конференциясы, Тышкы иштер министрлеринин конференциясы жана Башкы катчы жетекчилигиндеги секретариат эсептелет.

***Жогорку орган*** – мүчө өлкөлөр жетекчилеринин ислам саммити үч жылда бир жолу өткөрүлүп, мусулман өлкөлөрүнүн жалпы саясатын белгилеп берет. Тышкы иштер министрлеринин конференциясы болсо жыл сайын же зарылчылыкка карай өткөрүлөт.

Жогорку аткаруу органы Башкы катчынын жетекчилигиндеги Башкы секретариат эсептелет.

Башкы катчы мүчө өлкөлөрдүн тышкы иштер министрлери тарабынан 4 жыл мөөнөткө шайланат. Уюмдун башкы резиденциясы Саудия Аравиясынын Жидда шаарында жайлашкан.



...Бул форум залкар окумуштуу Мырза Улугбек Бухара шаарында курган медресенин маңдайына жазылган «Илим алуу ар бир муслим жана муслима үчүн парз», деген хадисти жашообуздун эрежесине айландырууга кызмат кылат.

***Шавкат Мирзиёевдин Ислам шериктештик уюмунун Илим жана технологиялар боюнча биринчи саммитиндеги докладынан.***

ИШУнун алдында Ислам өнүгүү банкы, Илим жана техника жаатында шериктештик боюнча туруктуу комитет иш жүргүзөт.

1975-жылдан ага БУУнун алдында байкоочу уюм статусу берилген.

Уюмдун карамагында бардыгы болуп 17 өз алдынча уюм бар. Алардан эң ирилери төмөнкүлөр:

- Ислам өнүгүү банкы;
- Ислам жаңылыктар агенттиги;
- Ислам телерадиоуктуруулар уюму;
- Экономикалык-социалдык маселелер боюнча Ислам комиссиясы;
- Ислам өнүгүү фонду;
- Ислам адилет соту;
- Ислам борборлору уюму;
- Илимий-техникалык өнүгүүнүн ислам фонду;
- Таалим, илим жана маданият маселелери боюнча ислам уюму жана у. с.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Ислам шериктештик уюму – өкмөттөр аралык эл аралык уюм. 2011-жылы 28-июнга чейин Ислам конференциясы уюму деп аталган. 1969-жылы Рабат (Марокко) шаарында түзүлгөн. Устав 1972-жылы Жидда (Саудия Аравиясы) шаарында 3-конференцияда кабыл алынган. 2008-жылы 13–14-мартта Дакар (Сенегал) шаарында болуп өткөн 11-саммитте Уставдын жаңы редакциясы кабыл алынган.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

2017-жылы 9-апрель күнү Египеттин Танта шаарындагы «Мар Гиргис» христиандар чиркөөсүндө жасалган жардыруучулук аракеттери боюнча Ислам шериктештик уюмунун башкы катчысы Юсуф Ахмад ал-Усаймин билдирүү жасап, чиркөөдө жасалган жана көптөгөн бейкүнөө адамдардын өлүмү жана жараланышына себепчи болгон террорчулук аракетин катуу каралады.

## ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК ИСЛАМ УЮМДАРЫНА МҮЧӨЛҮГҮ

2016-жылы Ташкентте Ислам шериктештик уюмунун катышуусунда «Таалим жана агартуу – тынчтык жана куруучулукту карай жол» темасында эл аралык форум болду. Анда Президент Ш. Мирзиёев Ислам шериктештик уюмундагы төрагалык дооруна сунушталган негизги максаттардын контекстинде өлкөбүздүн айрым демилгелерин жарыялады.

Биринчи демилге ислам маданияты гана эмес, жалпы адамзаттык цивилизацияga теңсиз салым кошкон залкар бабаларыбыздын көп кырдуу диний-агартуучулук мурасын үйрөнүүгө адистешкен Самарканддагы Имам Бухарий эл аралык изилдөөлөр борборун түзүүдөн турат. Өзбекстандын дагы бир демилгеси – Ташкент ислам университетинин (азыркы Өзбекстан эл аралык ислам академиясы) курамында Таалим, илим жана маданият маселелери боюнча ислам уюмунун *(ISESCO — Islamic Educational, Scientific and Cultural Organization)* атайын кафедрасын түзүү менен байланыштуу. Анын ишинин негизги багытын мусулман дүйнөсүндөгү таалим, илим жана маданият тарыхы жана алардын учурдагы абалын үйрөнүү жана алар

### ТАРЫХКА НАЗАР

ISESCO – ИШУнун алдындагы өз алдынча уюм. 1979-жылы түзүлгөн. Уставы 1982-жылдагы Түзүү Конференциясында (1982-жылы, Фес шаары) кабыл алынган.

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

ИШУна бардыгы болуп 57 мамлекет мүчө. Өзбекстан бул уюмга 1996-жылы 2-октябрда кабыл алынган. Босния жана Герцеговина, Борбордук Африка Республикасы, Россия, Тайланд, Түндүк Кипр Түрк Республикасы, ошондой эле, БУУ, Араб мамлекеттери лигасы, Африка уюм, Экономикалык шериктештик уюму, Кошулбастык кыймылы уюму байкоочу статусуна ээ. ИШУ болсо эл аралык укуктун субъекти иретинде БУУнда байкоочуулук кылууга акылуу.

жөнүндө студенттерге терендештирилген атайын курстарды берүү түзөт.

Учурда ИШУ менен Өзбекстандын ортосундагы шериктештиктин келечегин бир топ глобалдуу жана чөлкөмдүк көйгөйлөрдү чечүүдө көрүүгө болот. Республикабыз ИШУнун курамындагы Таалим, илим жана маданият маселелери боюнча ислам уюму (ISESCO) менен да тыгыз байланышта. Чындыгында да, бул уюм 2007-жылы Ташкент шаарын ислам маданиятынын борбору, деп жарыялаган. Ошону менен бирге, ISESCO тарабынан 2020-жылы мекенибиздин дагы бир бермети – Бухара шаарына да ошол наамды ыйгаруу пландаштырылган.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

2016-жылы 18–19-октябрь күндөрү Ташкент шаарында Ислам шериктештик уюмунун (Тышкы иштер министрлери кеңешинин 43-сессиясы) катышуусунда «Таалим жана агартуу – тынчтык жана курууучулукту карай жол» темасында эл аралык форум болуп өттү. ISESCO уюмунун расмий сайтында (www.isesco.org.ma) берилген маалыматтар боюнча, 2015–2024-жылдардагы ислам маданияты борборлорунун тизмеси тастыкталган болуп, 2020-жылы Азия чөлкөмүнөн Бухара шаары ислам маданиятынын борборуу иретинде тандап алынган.

### БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарында дүйнөнүн диний көрүнүшүндөгү өзгөрүштөрдүн негизинде кандай факторлор жатат?
2. Ислам конференциясы уюму качан жана каерде түзүлгөн?
3. Ислам шериктештик уюмунун негизги максаты эмнеден турат?
4. 2016-жылы 18–19-октябрь күндөрү Ташкентте Ислам шериктештик уюму Тышкы иштер министрлери кеңешинин 43-сессиясында мамлекетибиз жетекчиси Шавкат Мирзиёев кандай демилгелер менен чыкты?

# 10–11-§ XX-XXI КЫЛЫМДАРДА ИСЛАМДАГЫ АГЫМ ЖАНА СЕКТАЛАР

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Эл аралык терроризм көйгөйү.
2. Фанатизмдин тамырлары.
3. Заманбап фанаттык агымдар жана алардын максаттары, идеологиялык системасы.

## ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМ КӨЙГӨЙҮ

Эл аралык терроризм учурдун олуттуу глобалдуу көйгөйлөрүнөн бирине айланды. Мунун бир топ себептери бар:

***Биринчиден***, эл аралык терроризм дүйнөлүк көлөмдө барган сайын кеңири таралууда. Бул – салттык эл аралык чыр-чатак чөлкөмдөрүндө (мисалы, Жакынкы Чыгыш, Түштүк Азия) жүргөн жараяндарда таасын байкалууда.

Ошондой эле, бул кооптон өнүккөн өлкөлөр (алсак, Америка Кошмо Штаттары, Батыш Европа өлкөлөрү) да жетиштүү деңгээлде корголбогондугу көрүндү.

***Экинчиден***, эл аралык терроризм дүйнө коомчулугуна жана айрым өлкөлөрдүн коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурууда. Жыл сайын дүйнөдө жүздөгөн эл аралык террорчулук аракети жасалды, аларда миң-

Адам ойлоп тапкан бузгунчу куралдардын ичинде сөз эң кооптуу жана күчтүү курал бойдон калууда.

***Пауло Коэло***

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

2017-жылы Египеттин Түндүк Синай жарым аралындагы Суфий мечитинде жасалган теракттa 128 адам жараланды, 300 дөн ашуун адам курман болду, ошондон 27 си балдар болчу.

деген адамдар курман болууда жана майыптарга айланууда.

***Үчүнчүдөн***, эл аралык терроризмге каршы күрөш боюнча бир ири мамлекет же абдан өнүккөн мамлекеттер тобунун жасаган аракеттери жетиштүү эмес. Кескин глобалдуу көйгөйгө айланган эл аралык терроризмге каршы күрөштө дүйнө коомчулугу, көптөгөн өлкө жана элдердин күчтөрүн бириктирүү талап кылынат.

***Төртүнчүдөн***, эл аралык терроризм феномени менен учурдун башка глобалдуу көйгөйлөрүнүн ортосундагы байланыш барган сайын таасын байкалууда. Ошондуктан, учурда эл аралык терроризм көйгөйү жалпы адамзаттык, глобалдуу көйгөйлөрдүн комплексинде маанилүү элемент иретинде каралууга тийиш. Ал өнүккөн «эмгек базары» жана ири капиталга ээ, глобалдуу көлөмдө өтө пайдалуу «бизнеске» айланды. Мындай «мыкты жолго коюлган террор системасын» комплекстүү жол менен, дүйнөдөгү бардык экстремизм жана терроризмге каршы күчтөрдү бириктирип, эл аралык шериктештиктин негизинде жоюуга болот.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**



2004-жылы 1-сентябрь күнү Түндүк Осетиянын Беслан шаарында куралданган террорчу топ 1-мектептин окуучуларын, ата-эне жана мугалимдерин барымтага алды. Эки күндүн ичинде 1128 адамдан 314 ү курман болду. Алардан 186 сы балдар болчу.



## ФАНАТИЗМДИН ТАМЫРЛАРЫ

Фанатизм орто кылымдардан башат алат. Исламдагы алгачкы агым Халифа Али ибн Абу Толиб (р. а.) менен умавийлердин ортосундагы күрөш учурунда 657-жылы пайда болгон.

Бийлик үчүн күрөштө Али ибн Абу Толиб Муовия ибн Абу Суфёндын (р. а.)

жактоочулары (умавийлер) менен сүйлөшүү жүргүзүүгө көнгөн. Мындай жагдай халифа Али чыныгы мураскор укугуна ээ, деп эсептеген жактоочулардын ортосуна бүлүк салган. Кошуундун бир бөлүгү Алини келишкендикте күнөөлөп, андан бөлүнгөн жана кийинчерээк Алиге да, умавийлерге да каршы күрөш баштаган. Алар тарыхта хорижийлер деп ат калтырган. Хорижийлер өздөрүнүн саясий душмандарына карата өтө аёосуз болушкан. Чоң күнөө (кабира) жасаган мусулмандарды капырга чыгарып, аларга каршы куралдуу жихад (согуш) жүргүзүшкөн. Кийинчерээк хорижийлер бир нече топторго бөлүнүп кетишкен. Умавий жана аббосий халифалар VII-IX кылымдарда хорижийлерге каршы кескин күрөш жүргүзүшкөн. Хорижийлер халифалыктагы көптөгөн козголоңдордо катышкан.

## ЗАМАНБАП ФАНАТТЫК АГЫМДАР ЖАНА АЛАРДЫН МАКСАТТАРЫ, ИДЕОЛОГИЯЛЫК СИСТЕМАСЫ

Кийинки жылдарда Евроазия материги жана Африкада жайлашкан бир топ өлкөлөрдө социалдык-саясий жагдайга терс таасир көрсөтүп жаткан экстремисттик жана террористтик уюмдардын активдешүүсү байкалууда.

Диний багытта экстремизм башка дин өкүлдөрүнө өтө аёосуз (мисалы, Индияда мусулмандар менен индуисттер, индуисттер менен сикхтер, Мьянмадагы мусулмандардын кыргындалышы жана башка чырлар), бир диндин ичиндеги (Пакистан, Ооганстан, Иракта суннийлер менен шиалар) чыр-чатактуу мамилелер, дүйнөлүк түзүлүшкө каршы күрөш (көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө) же эл аралык деңгээлдеги цивилизациялык карама-каршы-



О ыйман келтиргендер! Мал-дүнүйөңөрдү ортодо адилетсиз (жолдор) менен жебегиле! Өз ара ыраазылыктын негизиндеги соода болсо, ал буга жатпайт. Ошондой эле, өзүңөрдү (бири-бириңерди адилетсиз) өлтүрбөгүлө! Албетте, Аллах силерге боорукер.

*Куран карим, Нисо сүрөсү, 29-аят*

лыктар («Ал-Коида», «Хизбуллох» уюмдары) менен байланышкан.

Өзүн исламдын аты менен байланыштырган экстремисттик уюмдардын жеке жактары төмөнкүлөрдөн турат:

– дүйнөлүк мамлекет жана коомго келишимсиз мамиледе болуу;

– диндин мамлекеттен ажыратылышын четке кагуу жана коомдун бардык мүчөлөрүн шариаттын талаптары негизинде жашоого мажбурлоо;

– ислам динин дүйнөнүн башка коомдоруна каршы коюу;

– мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн тааныбастык, жалгыз мамлекет — «халифалыкты» куруу идеясын илгери сүрүү;

– өз максаттары жолунда мамлекет жана коомдо социалдык-саясий туруктуулукту изден чыгарууга каратылган кыймыл-аракеттерге басым жасоо;

– өзүнүн идеяларына ээрчибеген мусулмандарды динден чыккандыкта, «капырлыкта» күнөөлөө, салттык исламдын жактоочусу болгон окумуштуулардын кадыр-баркын кетирүү, аларга зордук жасоо жана алтургай өлтүрүү;

– XX кылымдын ортолорунда ислам дүйнөсүндө колониалдык өкмөткө каршы террор усулунан пайдаланган улуттук-боштондук кыймылынын негизин-



«О урпактарым! Өлчөм менен салмакты адилет менен толук бергиле! Адамдардын нерселеринен жулуп калбагыла жана Жерде жийиркеничтүү иштер менен бузгунчулук кылбагыла!»

***Куран карим, Худ сүрөсү, 85-аят***



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Куран каримдин төмөнкү аятын оку. Өздөрүнүн саясий максаттары жолунда динден пайдаланып жаткан адамдардын ишин кутум деп айтууга болобу?

*«Кутум болсо киши өлтүргөндөн да чоңураак (күнөө) саналат».*

***Куран карим, Бакара сүрөсү, 217-аят.***

де кийинчерээк күч иштетүү усулуна таянган топтордун пайда болушу;

– Араб-Израиль согуштары жана Жакынкы Чыгыш көйгөйүнүн чечилбей келе жаткандыгы себептүү, Батыш өлкөлөрүнүн Жакынкы Чыгышта өз таасирин өткөрүүгө багытталган активдүү кыймыл-аракеттери;

– жетекчи өлкөлөрдүн мусулман дүйнөсү мамлекеттериндеги энергетикалык корлордун үстүнөн өзүнүн көзөмөлүн орнотууга багытталган саясаты;

– өнүккөн мусулман өлкөлөрүнүн чөлкөмдүк жетекчилик жолунда жүргүзүп жаткан өз ара атаандаштык күрөшү жана ошол өлкөлөрдүн өнүгүп жаткан мусулман мамлекеттерин өзүнүн таасирине алуугуа багытталган умтулуулары;

– суннийлер менен шиалардын ортосунда салттык улантылып келе жаткан карама-каршылыктардын мамлекеттер аралык мамилелер деңгээлине көтөрүлүшү натыйжасында өз ара күрөштүн түрдүү көрүнүштөрдө, алсак, мыйзамдык эмес куралдуу түзүлмөлөр аркылуу жүргүзүлүшү.

Ислам беткабындагы дээрлик бардык экстремисттик агымдардын идеологиясында эки принцип – таклиф жана жихад (согуш) бар. Терроризм заман-

> Согуш бөлүп-жарат, ал эми тынчтык табыштырат.
>
> ***Эл макалы***

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Изилдөөлөргө караганда, өткөн беш жылдын ичинде мусулман өлкөлөрүндө жасалган террористтик чабуулдардын натыйжасында эки жүз миңден ашуун адам курман болгон жана жараланган. Өткөн доордун ичинде терроризм мусулман өлкөлөрүнө 348 миллиард АКШ доллары көлөмүндө зыян жеткирген. Ирак, Сирия, Ооганстан, Пакистан жана Нигерия эң көп зыян тарткан өлкөлөр болуп, террор курмандарынын болжолдуу 70 пайызы ошол өлкөлөргө туура келет.

*Буддизм беткабынын астындагы экстремисттердин курманына айланган мьянмалык качкындар*



**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Таклиф – динден чыккандыкта, капырлыкта күнөөлөө. Таклиф экстремисттер тарабынан мусулмандарга каршы колдонулууда. Жихад – сөздүк мааниси жидди-жахд кылуу, кайраттануу, кандайдыр ишти толук аткаруу үчүн бар күч-кайратын жана потенциалын сарптоо. Ислам growth дининде бул сөз баскынчы жана көтөрүлүшчүлөргө каршы элин, журтун, мекенин коргоого чыккан адамдардын жасаган иштерине карата да колдонулган.

бап илимий чөйрөлөрдө үч көз караштан – кылмыштык иш, террористтик топ жана террористтик окуу иретинде каралат.

Мындай террорчу топтор өздөрүнүн ишин Куран каримдин көрсөтмөлөрү негизинде бекемдөөгө аракеттенишет.

Исламдын окуусу боюнча мусулмандыкты доолашкан адам башка адамдарга тили менен да, колу менен да зыян жеткирбөөгө тийиш. Ошондой эле, мусулман адам жер жүзүн көрктөндүрүүгө, урушкан адамдарды бирин-бири менен жараштыруу көйгөйүндө болууга тийиштиги белгиленген.

Учурда дүйнө коомчулугун ташпишке салып жаткан, ядролук полигондордон

Дин жөнүндө силер менен урушпаган жана силерди өз журтуңардан (кууп) чыгарбаган адамдарга карата жакшылык кылуу жана аларга адилеттүү болуудан Аллах силерди кайтарбайт. Албетте, Аллах адилеттүү адамдарды сүйөт.

***Куран карим, Мумтахана сүрөсү, 8-аят***

да кооптуураак болгон идеологиялык полигондор аркылуу адамдардын ишенимин, турмушун уулап жаткан фанаттык догмалык агымдардан бири — «салафийлик» саналат.

«Салафийлик» түшүнүгү араб тилиндеги «салаф» сөзүнөн алынган болуп, «мурда жашап өткөндөр», «ата-бабалар» маанисин билдирет. Ислам булактарында «салафи солих» сөзү исламдын алгачкы доорунда жашаган сахаба жана тобеиндерге карата иштетилет. Бул термин кийинки доорлордо жашаган жана азыркы учурда жашап жаткан мусулмандарга карата иштетилбейт. Бирок өздөрүн «салафийлер» деп жарыялаган экстремисттик топтордун жүргүзүп жаткан иши ислам окуусуна, анын салттарына, принциптерине таптакыр жат. Ошондуктан аларга «жалган салафийлер» деп айтылат.

Жалган салафийлер тарабынан коомдогу тынчтык жана туруктуулукту изден чыгарууга каратылган такаатсыздык, жардыруучулук өңдүү идеялар илгери сүрүлүүдө. Алар жаштардын аң-сезимин уулоо аркылуу мусулмандардын ортосунда диний негиздеги чырларды келтирип чыгарууга аракеттенет. Мамлекети жана элине кызмат кылып жаткан укук коргоо органдарынын кызматчыларын болсо динсиздикте айыпташат. Алар 2007-жылы Тажикстанда жашаган ханафий агымынын өкүлдөрүн «туура жолдон адашкандар», шиаларды болсо «капыр» деп жарыялашкан. 2004-жылы Ташкентте жардыруучулук аракеттерин жасашкан. 2009-жылы Өзбекстанда бир топ диний окумуштууларга карата басым жасашкан. Бул кыймылдын идеялары ислам дининин окуусуна таптакыр жат экендигин көрөбүз.

ИШИМ (Ирак жана Шам ислам мамлекети) – 2006-жылы Иракта радикалдык топтордун уюшуусу менен куралган террорчу уюм. Бул уюм 2013-жылы

Көктүн кооздугу жылдыздар менен болсо, жердин кооздугу окумуштуулар менен.

***Махмуд Замахшарий***

Беш нерсенин кафараты жок: Аллахка ширк келтирүү, адилетсиз киши өлтүрүү, момун адамга жалаа жабуу, согуштан качуу жана жалган ант менен адилетсизден дүнүйө табуу.

***Хадис***

Сириядагы жарандар согушуна кошулду. Алардын аракеттери Ирактын аймагындагы чет өлкөлүк аскердик күчтөрдү, Ирактын аскерлерин, жарандарды жана имараттарды жок кылууга багытталган. Уюм Сирия, Ирак, Ливан мамлекеттеринин аймагында «Ислам мамлекетин» куруу идеясы менен чыкты.

2014-жылы июль айында кылмыштык уюм өзүн «ИМ (Ислам мамлекети)» деп атай баштады. БУУнун эсеп-кысабы боюнча, бул дин беткабындагы

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ



*Терроризм улут жана дин тандабайт. Сирия кечээ жана бүгүн*

Берилген тексттин мазмуну менен сүрөттөрдөгү абалдарды баала.

Пикириңди «жерде бузгунчулук жасоо, эгин жана тукумдарды жок кылуу» сөздөрү менен байланыштыр.

*Адамдардын арасында ушундай адамдар да бар, анын көр дүйнө жөнүндөгү сөзү Сага кызыктуу болот. Дилиндеги «ыйманына» Аллахты күбө кылат, бирок өзү (Исламга карата) душмандардын да душманы.*

*(Алдыңдан) кеткенде жерде кутум, эгин жана тукумду жок кылуу иштери менен алектенет. Аллах болсо кутумду (бузгунчулукту) жактырбайт.*

***Куран карим, Бакара сүрөсү, 204-205 аяттар***

жоокесептер 2014-жылдын башынан бери миңдеген адамдар – балдар, аялдар, карыялар, тынч калк өкүлдөрүнүн өмүрүн кыйышты. Аларга каршы чыгып жаткан бардык адамдарды, ошонун катарында, мусулмандарды да, капырга чыгарып, аларды өлүмгө дуушар кылышты.

ИШИМ жана анын курамындагы бардык жоокесептерге карата Дүйнө ислам окумуштууларынын кеңеши ачык кат жазып, анда ИШИМдин терс жолдо экендигин факттар менен далилдеп, аларды бул жолдон кайтууга чакырды. Бириккен Улуттар Уюму, Европа Уюму, Араб мамлекеттери лигасы өңдүү эл аралык уюмдар, АКШ, Австралия, Саудия Аравиясы, Улуу Британия, Индонезия өңдүү мамлекеттер ИШИМди террорчу уюм деп жарыялады. Анын ис-

Бирдики –
миңге,
Миндики –
түмөнгө.
***Эл макалы***




*Соңку 20 жылда жасалган теракттардын картасы*

лам динине таптакыр тиешеси жоктугун баса белгилешти.

Ислам дининин экинчи ыйык булагы болгон хадистерде «Кыямат күнү биринчи суроо адилетсиз төгүлгөн кан жөнүндө болот», дейилген. Исламга жат болгон, бирок атын ислам дини менен жашырып жаткан мындай уюмдар, айныкса, интернет тармактарынан өздөрүнүн жийиркеничтүү идеяларын жайылтууда пайдаланышууда. 2017-жылкы маалыматтар боюнча, дүйнөдө жоокесептер пайдаланчу 5000 ден ашуун интернет сайттары болуп, аларды тейлеген порталдардын саны көбөйүүдө.

Бул сайттарга кирип, террористтик уюмдардын тузагына түшкөн адамдар өздөрүнүн журтунан кечип, жат өлкөлөрдө жаман ойлуу адамдарга кызмат кылып жаткан кулга айланышты.

ИШИМ экстремисттик уюму Ирак жана Сирияда, анын айланасындагы өлкөлөрдө гана эмес, ошондой эле бүткүл дүйнөдөгү тынчтык жана туруктуулукка кооп салууда. Тынчтыкка кол салуу, коомдун өнүгүшүнө, элдин бейпилдигине зыян жеткирүү, кутум уюштуруу динге таптакыр жат.

Бул уюм 2013–2014-жылдардын ичинде 10 миңден ашуун террорчулук аракеттерин жасаган. Худкуштар («тирүү бомбалар») тарабынан 100 дөн ашуун жардыруулар ишке ашырылган. Сирияда ИШИМ жоокесептери 60 тан ашуун чиркөө жана монастрды талкалаган. 2014-жылы Ирактын Мосул шаарындагы «ал-Исро» мечитинин алдында уюмга кирүүдөн баш тарткан 12 ислам окумуштуусу элдин алдында ашкере өлтүрүлгөн.

Ислам дининин окуусунда адамдын гана эмес, жаныбарлардын укуктары да корголу-

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку. «Топторго бөлүнбөстүк» учурда кандай мааниге ээ? Пикириңди негизде.

*... «Динди жараткыла жана анда топ-топко бөлүнбөгүлө!»*

***Шуаро сүрөсү, 13-аяттан***

*«Ыйык Куран каримде мусулмандарга карата топторго бөлүнбөгүлө, деген мазмундагы көрсөтмөлөр бар. Бул түрдүү агымдарга бөлүнүп, адамдарды туура жолдон адаштырууга динибиз таптакыр каршы экендигин таасын далили эмеспи?»*

***Шавкат Мирзиёев***

шу белгиленген. Мисалы, жаныбарларды себепсиз азаптоо жана алы жеткенден тышкары иштерди аткарууга зордуктоодон кайтарылат. Адамдарды кул кылуу, аларды азаптоо, алардын өмүрүн кыюу чоң күнөө эсептелет.

«Куранийлер» – XIX кылымда Индияда пайда болгон адашкан тайпалардан эсептелет. Бул тайпа хадистерди толук четке кагуу менен өзгөчөлөнүп турат. Учурда болсо бул топ Индия жана Пакистандан Англияга, ал жерден Европа жана башка өлкөлөргө таралды. Акыркы учурларда бул адашкан тайпанын өкүлдөрү Борбордук Азияда да пайда болууда.

Өздөрүнө «ахлу-л-Куран» деген наам койгон топ жалаң Куранды гана шариаттын булагы деп эсептейт.Ошондой эле, алар Куранды өздөрү билгенче чечмелешет.

Кылымдар бою Ислам окумуштуулары Куран менен хадистерге таянып келишкен. Исламдын окуусу боюнча, хадистерди четке каккан адам исламды четке каккан эсептелет. Хадистерди билбеген адам Куранды да туура түшүнбөйт. Анткени, Курандагы көптөгөн аяттардын түшүндүрмөсү хадистерде баяндалган. «Ахлу-л-Куран» тобунун идеялары ислам дининин ыйык китебинде берилген эрежелерге тескери келет. Мисалы, Нисо сүрөсүнүн 59-аятында: «Аллахка баш ийгиле, Расулга баш ийгиле жана өзүңөрдөн болгон жетекчиңерге баш ийгиле!» — деп баса белгиленет. Же ошол сүрөнүн 82-аятында: «Ким эгер Пайгамбарга баш ийсе, демек, Аллахка да баш ийген болот» — деп айтылат. Хашр сүрөсүнүн 7-аятында болсо: «Пайгамбар силерге берген нерсени алгыла, ал киши кайтарган нерселерден кайткыла!» — деп көрсөтмө берилет.

Куранийлердин адашкан жактарынан дагы бири, баңги заттарды колдонуу жана башка көптөгөн

Бир замандар согушта жоокерлер өлсө — өлгөндүр. Азыркы согушта курал кармаганга караганда курал кармабаган көбүрөөк кырылат. Заманбап куралдар окоп менен балдар бакчасынын, аэродром менен төрөткананын айырмасына барбайт.

***Өткүр Хошимов. «Дептердин четиндеги жазуулар»***



бузуктуктарды адал деп фатва да беришет. Мындай фатва берүү ыймандын шарттарына туура келбейт.

Куранийлерди социалдык тармактарда Мухаммад (с. а. в.) жана алардын сахабаларына карата урматсыздыгы аркылуу таанып алууга болот. Алар Имам Бухарий, Имам Муслим жана Имам Термезий сыяктуу кеменгер хадисчи окумуштууларды акааратташат. Куранды жергиликтүү тилдерде окууну үгүттөө аркылуу да ажыратып алууга болот. Жыйынтыктап айтканда, үстү жалтырак, ичи калтырак болгон мындай топтор ислам дининин туура мазмунун бурмалоо, жетиштүү билими жок адамдарды адаштыруу максатында түзүлгөн.

> Чыныгы тобо көпкө созулган жараян болуп, ал бир гана кыймыл-аракет менен ишке ашпайт.
>
> ***Манртин Лютер***

Өлкөбүздө тынчтык жана туруктуулукту сактоо үчүн ар бир тынчтыкты сүйгөн адам өзүнүн айланасында жүрүп жаткан окуя-кубулуштардан кабардар болууга тийиш. Сенде да окуу жайларында берилип жаткан билимдин сырларын толук үйрөнүү аркылуу идеологиялык чабуулдарга каршы тура алуу, түркөйлүккө каршы агартуучулук менен күрөша алуу өңдүү билгичтиктер калыптанат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ислам тарыхында алгачкы фанаттык агымдардын келип чыгышы кайсы доорго туура келет?
2. Хорижийлердин пайда болушунун негизги себеби эмнеде? Алардын максаттары эмнеден турат?
3. Дин беткабындагы экстремизмдин мазмуну коом үчүн кандай кооп салат?
4. Өлкөбүздө экстремизм жана терроризмге каршы кандай саясат жүргүзүлүүдө?

# 12-13-§ ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШТӨГҮ ОРДУ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Өзбекстандын терроризмге каршы күрөштөгү улуттук стратегиясы.
2. Ооганстан көйгөйүн чечүү боюнча Өзбекстандын демилгеси.
3. Өзбекстандын Борбордук Азияда туруктуулуктун камсыздалышындагы орду.

## ӨЗБЕКСТАНДЫН ТЕРРОРИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШТӨГҮ УЛУТТУК СТРАТЕГИЯСЫ

Дүйнөнүн кээ бир чөлкөмдөрүндө пайда болгон тынчсыздык калк миграциясынын күчөшүнө, бул болсо, өз кезегинде, терроризм менен экстремизмдин таралышына жана алардын глобалдуу көйгөйлөрдөн бирине айланышына себеп болууда.

Ошондуктан ички гана эмес, тышкы саясатта да терроризмге каршы күрөш, элибиздин тынчтыгын асыроо жана камсыздоо маселеси ар дайым мамлекетибиздин көңүл чордонунда болуп келген.

2017-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун 72-сессиясында мамлекетибиздин жетекчиси Шавкат Мирзиёев дүйнө коомчулугунун этибарын планетабыздын

Шах болосуң —
зейрек болсоң,
Зейрек болсоң —
анда шахсың сен.
***Алишер Навоий***

эртеңки күнүнө, перзенттерибиздин бейпилдигине, жаштардын өзүнүн потенциалын көрсөтө алышы үчүн зарыл шарттарды түзүүгө, зордукчул идеянын таралышынын алдын алууга каратты.

Анткени, учурда дүйнөнүн кайсы бир өлкөсүндө жасалып жаткан террористтик аракеттер башка өлкөлөрдү да четтеп өтпөйт.

Идеологиялык чабуулдарды ишке ашырып жаткан топтордун негизги максаты жер асты жана жер үстү байлыктарына ээ болгон мамлекеттерди ыдырата салуу жана мунун натыйжасында алардын байлыгына ээ болуу, элдерин өзүнө баш ийдирүү.

Өзүндө өлкөбүздө ишке ашыруу зарыл болгон реформаларды, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн багыттарын камтыган Аракеттер стратегиясынын бешинчи негизги багытында диний кең пейилдикти камсыздоо боюнча эң маанилүү милдеттер белгилеп берилген.



Ислам дини биз-ди изгилик жана тынчтыкка, чыныгы адамдык сапаттарды асырап-абайлоого чакырат.

***Шавкат Мирзиёев***



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Төмөнкү текстти оку. «Глобалдуу коопсуздукту камсыздоонун маанилүү шарты» дегенде эмнени түшүндүң? Пикириңди тынчтык, туруктуулук, өнүгүү, шериктештик өңдүү принциптер менен түшүндүр.

*«Ооганстандагы жагдайды туруктуулаштыруу чөлкөмдүк гана эмес, ошондой эле глобалдуу коопсуздукту камсыздоонун маанилүү шарты болуп калат».*

***Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы докладынан.***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ













Берилген сүрөттөргө кунт коюп кара жана төмөнкү суроолорго жооп бер:

1) Өзбекстан мамлекети кандай окуялардын алдын алууга аракеттенип жатат?

2) «Бир күн уруш чыккан үйдөн кырк күн береке кетет» макалынын негизинде 1-сүрөттө берилген көрүнүштү түшүндүр.

3) 2-, 3-, 4-сүрөттөрдө туюнтулган жагдайларга карап, террорчу жана догмадиктерди ислам дининин гумандуулук мазмунун билген, түшүнгөн жана ага амал кылган, деп айтууга болобу?

## ӨЗБЕКСТАНДЫК ИСЛАМ ТААНУЧУЛАРДЫН КАЙРЫЛУУСУ

(2016-жыл)

О, ИШИМчилер!!!

...

Силер себептүү Исламды киши өлтүрүүнүн жана жамандыктын дини деп ойлогон адамдар пайда болду!..

Силердин шарыңар жана кырсыгыңардан арыктар канга толду...

Балдар жетим, аялдар жесир, карыялар багуусуз калды!..

Силердин колуңар менен Пайгамбарлар, олуялар, окумуштуулардын мүрзөлөрү бузулду, мечиттер жардырылды!..

Силердин колуңар менен мектеп, медреселер талкаланды!..

Силер себептүү эченедеген заводдор, ишканалар жабылды!..

Силердин шарыңар жана кырсыгыңар менен бүткүл дүйнө мусулмандардын үстүнөн күлдү!..

Силердин түркөйлүгүңөрдүн айынан миллиондогон адамдар илим алуудан тосулду!..

Силердин колуңар менен канчалаган ооруканалар жабылды, оорулуу, майып, алсыздардын саны көбөйдү!..

Силердин демилгеңер менен канчалаган үй-бүлөлөр баш-маанексиз калды!..

Силер себептүү мусулмандарга «түркөй», «ырайымсыз», «мыкаачы» өңдүү тамгалар басылды!..

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Дин же ишенимдин негизинде такаатсыздык жана кемситүүлөрдүн ар кандай көрүнүшүн жоюу жөнүндөгү Декларация БУУ Башкы Ассамблеясынын 1981-жылы 25-ноябрдагы Резолюциясы менен жарыяланган. Бул Декларация юридикалык жактан милдеттү болбосо да, учурда анын эрежелери эл аралык адаттагы укук нормасы эсептелет.

## ООГАНСТАН КӨЙГӨЙҮН ЧЕЧҮҮ БОЮНЧА ӨЗБЕКСТАНДЫН ДЕМИЛГЕСИ

Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёев БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында Ооганстандагы жагдайды туруктуулаштыруу чөлкөмдүк глобалдуу коопсуздукту камсыздоодогу маанилүү шарт экендигине дүйнө коомчулугунун көңүлүн бурду. Президент жасаган доклады аркылуу Ооганстанда тынчтыкка жетүүнүн жалгыз жолу – борбордук өкмөт менен өлкөнүн ичиндега негизги саясий күчтөрдүн ортосунда мурдатан эч кандай шарт койбой, тикеден-тике сүйлөшүү жүргүзүү экендигин белгиледи.

Сүйлөшүү Ооганстандын аймагында жана БУУнун көзөмөлүндө өтүшү, анда ооганстандыктар өздөрүнүн тагдырын өздөрү эркин чечүүгө акылуу экендиктери баса белгиленди.

Мамлекетибиздин Президенти Өзбекстан Ооганстандын экономикалык калыбына келишине, анын транспорттук жана энергетикалык инфраструктурасын өнүктүрүүгө, улуттук кадрларды даярдоодо чоң салым кошуп жатканын, бул иштер мындар ары да улантылышын айтты. Ошону менен бирге Ооганстан көйгөйү глобалдуу маселелердин борборунда болушу, эл аралык коомчулуктун аракеттери, биринчи кезекте, Ооганстандагы курч социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө каратылууга тийиштиги жөнүндөгү сунушту киргизди.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чөлкөмдүк чыр-чатак Өзбекстандын коопсуздугуна кандай кооп салышы мүмкүн?

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан Европа Кеңешинин рамкасында бир топ эл аралык келишимдерге кол койгон. Алар:
1977-жылкы терроризмдин алдын алуу;
1978-жылкы жеке адамдардын ок атар куралдарды сатып алышын жана алардын сакталышын көзөмөлдөө;
1983-жылкы зордук менен ишке ашырылган кылмыштардын натыйжасында жабыркагандарга кенемте берүү жөнүндөгү конвенциялар.

2018-жылы 26–27-март күндөрү Өзбекстандын демилгеси менен борборубузда «Тынчтык жараяны, коопсуздук жаатында шериктештик жана чөлкөмдүк шериктик» темасында эл аралык конференция уюштурулду.

Мамлекетибиз жетекчиси Шавкат Мирзиёев Ооганстан жергесинде дээрлик 40 жылдан бери улантылып келе жаткан куралдуу кагылышуу жөнүндө сүйлөп, «согуштун жалыны» ал жерге четтен алып кирилип жаткандыгын жана бул ооган элинин каалоосу эместигин белгиледи. Президентибиз эл аралык уюмдар жана чет өлкөлүк саясий күчтөрдүн

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН





Ташкент шаарында 2018-жылы 11–12-июнь күндөрү «Терроризмге алып келген агрессивдүү экстремизм жана радикализмдин алдын алууда жана аларга каршы күрөшүүдө жаштардын ролу» темасында эл аралык конференция болуп өттү.

Конференцияда БУУ, Европа Уюму, ЕКШУ өңдүү абройлуу эл аралык уюмдар, АКШ, Улуу Британия, Германия, Испания, Нидерландия, Латвия, Пакистан, Россия, Саудия Аравиясы, Тажикстан, Кытай, Индия, Япония, Малайзия, Кувейт, Казакстан, Кыргызстан, Ооганстан сыяктуу мамлекеттердин делегациялары, чет өлкөлүк эксперттер, сенаторлор, депутаттар, Өзбекстан жаштар уюмунун активдери жана илимдин ишмерлери катышты.

кийлигишүүсү менен али да Ооганстанда эл аралык террорчу топтодун саны көбөйүп жатканын, зордук жана кан төгүүгө, наркобизнеске чек коюлбай жатканын – мунун натыйжасында өлкөдөгү жагдай дүйнө коомчулугу тарабынан четке кагылышына жол коюп болбостугун баса белгиледи.

Конференциянын катышуучулары форумдун жыйынтыгы боюнча Ташкент декларациясына кол коюшту. Бул документте чөлкөмдө тынчтык жана коопсуздукту камсыздоо, шериктештик байланышын кеңитүү, жылуу кошуначылык мамилелерин дагы да чыңдоо өңдүү изги максаттар көздө тутулган.



Жоолошуу – оңой,
жарашуу – кыйын.

***Эл макалы***



## ЭЛ АРАЛЫК УКУК

1. Ар бир адам пикирлөө, ишеним жана дин эркиндиги укугуна ээ. Бул укук өзүнүн тандоосу боюнча дин же ишенимге ээ болуу же кабыл алуу жана жеке түрдө же башкалар менен чогуу, ашкере же жеке тартипте сыйынуу, диний жана башка ырым-жырымдарды, таалимди аткаруу эркиндигин камтыйт.
2. Эч ким өз ыктыяры менен өзүнүн дини же ишенимине ээ болуу, же аларды кабыл алуу укугунун кемситилишине мажбурлоого дуушар этилбөөгө тийиш.
3. Дин же ишенимге ээ болуу укугу мыйзамда белгилеп коюлган жана башка адамдардын негизги укук жана эркиндиктерин сактоо үчүн зарыл деңгээлде болгону сыяктуу жамаат коопсуздугун, тартип, ден соолук жана жүрүм-турумду сактоо үчүн гана чектелет.
4. Ушул Пактта катышкан мамлекеттер өздөрүнө ата-энелердин, тиешелүү учурларда мыйзамдык опекундардын, балдардын өз ишенимдери боюнча диний жана ахлактык тарбиялоо укугун урматтоо милдетин алат.

***Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пакт, 18-статья***

> Ар бир иште да түркөйлүк кылба, сергек бол, түркөйлөрдүн иши эч качан көңүлдөгүдөй болбойт.
>
> ***Юсуф Хас Хажиб***

Ташкент конференциясынын жыйырмадан ашуун мамлекет жана Европа Уюму менен БУУ кол койгон 24 пункттан турган декларациясына: чөлкөмдүк экономикалык шериктештик Ооганстан жана бүткүл чөлкөмдө тынчтык жана бейпилдикти камсыздоодо чоң роль ойношун; Ооганстан өкмөтү менен «Талибанды» саясий сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, бардык өлкөлөрдү Ооганстандын ички иштерине кийлигишпестикке чакырууга; БУУнун Глобалдуу террорчулукка каршы стратегиясы жана БУУ Коопсуздук Кеңешинин резолюцияларына ылайык терроризмге чек коюу боюнча чөлкөмдүк жана эл аралык шериктештиктин ролун баса белгилөө өңдүү олуттуу маселелер киргизилди.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 2017-жылы 13-ноябрдагы «Өзбекстан Республикасы Жогорку жана орто атайын билим берүү министрлигинин алдында Ооганстан жарандарын окутуу борбору ишин уюштуруу жөнүндөгү» 911-сандуу токтому кабыл алынды. Токтом менен Сурхандарыя облусунун Термез районунда Ооганстан жарандарын окутуу борбору түзүлдү. Борбордо Ооганстан жактын буюртмалары менен окутуунун гуманитардык, педагогикалык жана инженер-техник багыттары боюнча кадрлар даярдалат.



*Сурхандарыя облусунун Термез районундагы Ооганстан жарандарын окутуу борбору*

## ӨЗБЕКСТАНДЫН БОРБОРДУК АЗИЯДА ТУРУКТУУЛУКТУ КАМСЫЗДООДОГУ ОРДУ

2001-жылы 11-сентябрда Америка Кошмо Штаттарынынg Нью-Йорк жана Вашингтон шаарларында жасалган террористтик аракеттерден кийин гана эл аралык коомчулук өзүнүн назарын Ооганстанга карата баштады, ал жерден дүйнөгө жайылып жаткан терроризм, экстремизм жана баңгилик өңдүү илдеттердин натыйжаларын түшүнүп жетти.

2012-жылы мамлекетибиз өзүнүн тышкы саясий ишкердиги концепциясын жарыялады. Анда чөлкөмдүк коопсуздукту камсыздоо боюнча жана анын туруктуулугуна кооп салган эл аралык терроризм, наркобизнес, экстремизм өңдүү кооптордун ар кандай көрүнүшүнө каршы өзүнүн туруктуу позициясын билдирди. Концепцияда дүйнөдөгү эл аралык мамилелердин бүгүнкү абалына, дүйнөлүк майданда байкалып жаткан тренддер жана түпкү өзгөрүштөргө кең көлөмдүү мүнөздөмө берилген.

Концепцияда Борбордук Азиянын көйгөйлөрү тышкы күчтөрдүн кийлигишүүсүсүз, чөлкөмдөгү өлкөлөрдүн өздөрү тарабынан чечилүүгө тийиш, дейилет. Анда өлкөбүзгө жакын жерде жана дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө болуп жаткан куралдуу чыр-чатактарга да көңүл бурулган.

Өзбекстандын өкмөтү Бириккен Улуттар Уюмунун башчылыгында Ооганстанда сүйлөшүү тобун түзүп, өз ара күрөшүп жаткан күчтөрдүн ортосунда келишим түзүү жана коалициялык ооган өкмөтүн калыптандыруу керектигин уктурду.

Өзбекстандын кошуна Ооганстанга карата кармаган позициясы анык белгилеп берилген.

Өзбекстан Республикасы эл аралык мамилелерде өз ара тең укуктуулук принцибине баш ийишин жана өзүнүн тышкы саясатында эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен нормаларына

> Азаттык жана бош убакыт…
> Бул эки нерсеге мен чын жүрөктөн ээлик кыламын жана аларды аябай барктаймын, мындай артыкчылык жана жыргалды сатып алууга ааламдагы эң бай падышанын да курбу жетпейт.
>
> ***Рене Декарт***

берилгендигин жарыялаган. Булардан өлкөбүздүн эл аралык майданда жүргүзүп жаткан тышкы саясаты тынчтык жана шериктештик факторлоруна негизделгендигин көрүшүбүз мүмкүн.

Өзбекстандын чөлкөмдө жана дүйнөдө тынчтык жана коопсуздукту камсыздоо жолундагы аракеттери, географиялык орду жана идеологиясына карабастан, бардык өлкөлөр менен ачык, достук мамилелерин орноткондугу анын дүйнөдө тез таанылышын камсыздады.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ооганстан көйгөйүн чечүү боюнча Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында кандай демилге менен чыкты?
2. www.prezident.uz сайтынан Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында жасаган докладын таап оку. Докладда дүйнөдө терроризм коркунучун келтирип чыгарып жаткан негизги себептер менен күрөшүү маселесинде кандай сунуштар бергенин аныкта жана мамилеңди билдир. Бул милдеттерди аткаруу үчүн өлкөбүздө жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалымат бер.
3. Мамлекетибиздин жетекчиси «...зомбулук идеясы, «вирусу» таралышынын алдын алуу» маселеси боюнча кандай сунуштарды берди?
4. Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин 2017-жылы 11-ноябрда Самарканд шаарында өткөн «Борбордук Азия: жалгыз тарых жана жалпы келечек, туруктуу өнүгүү жана өнүгүү жолундагы шериктештик» темасындагы эл аралык Конференцияда жасаган докладын жана анда көтөрүлгөн маселелерди БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында көтөргөн демилгесинин аткарылышы иретинде баалоого болобу? Пикириңди докладдан үзүндүлөр менен негизде.

# 14–15-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА ТАРИКАТЧЫЛЫК

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. XX-XXI кылымдарда суфизм окуусу.
2. Адашкан суфий топторго мүнөздүү өзгөчөлүктөр.
3. Суфизм менен жалган тарикатчылыктын ортосундагы айырма.

## XX-XXI КЫЛЫМДАРДА СУФИЗМ ОКУУСУ

Мусулман дүйнөсүнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө түрдүү суфизм тарикаттардын өкүлдөрү иш жүргүзүп, Пакистан жана Индиянын аймактарында таралган тарикаттардын үрп-адаттарында йога, буддизм, индуизм жана байыркы инди философиясынын таасири бар. Барлавия, Мехмандия жана башка бир топ тарикаттарда байыркы инди философиясындагы «таносух» (рухтун көчүп жүрүшү) идеясы кең орун алган. Алар намаз же зикр учурунда жогорудан бир жерди бош коюшат жана ага Мухаммад Пайгамбардын руху келип орношот, деп эсептешет. Мечиттердин кыбыла жагында болсо өз тарикаттарынын негиздөөчүсү же пирлеринин мүрзөсү жайлашкан болуп, намаздан мурда жана кийин аны тооп кылышат. Мындай абалдар ислам дининин окуусуна туура келбейт.

Учурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө, Америка Кошмо Штаттарынан Австралия архипелагына чейин болгон аймакта Бахоуддин Накшбанд жана Накшбандия тарикатын билишет жана урматташат. Эмне

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Учурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө Бахоуддин Накшбанд (1318–1389) жана ал негиздеген Накшбандия тарикаты чоң абройго ээ.

үчүн мындай? Анткени Бахоуддин Накшбанд, эң мурда, ислам дини шариатынын нормаларын бекем кармаган жана алардын бузулушуна жол койбогон. Экинчиден, ал чыныгы инсандык идеялар жана касиеттерди илгери сүргөн, коомдун түрдүү өкүлдөрүнүн ортосунда айкөлдүк карым-катыштардын орнотулушуна түрткү болгон. Мунун натыйжасында адамдар бири-бирлерине материалдык жана руханий жактан жардам бере башташкан, турмуштагы кыйынчылыктарды шериктештикте жеңип өтүп, шаттыктарын да бирге бөлүшкөн.

Булардын бардыгы Бахоуддин Накшбанд коомдо курмакчы болгон достук, биримдиктин дал өзү эле. Анын «Көңүлүң Аллахта болсун, колуң эмгекте», деген урааны кол өнөрчү, дыйкандарда динге, динчил жана тарикатчы суфийлерде эмгекке карата жылуу мамилени пайда кылган. Бул, өз кезегинде, адамдардын жашоо деңгээлинин жогорулашына да кызмат кылган.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Робия Адавия (713/714-801) — Басра зайыттарынын белгилүү өкүлү. Бала кезинде барымтага алынган. Кийинчерээк боштондукка чыгарылган. Бир нче жыл чөлдө жалгыз жашаган. Ал Аллахты сүйүүдөн башка бардык нерселерди четке кагуунун жактоочусу болгон. Аллахтан эч кандай пайда көздөбөй, аны сүйүү — адам руханий жашоосунун мазмуну экендигин зайыттардан биринчи болуп баса белгилеген. Робия Адавия ислам ааламында «олуя» иретинде улууланат.

«О Жараткан, о кымбаттуу Жар, эгерде бейишти эңсеп сыйынчу болсом, бейишинди көргөзбө, эгерде тозогуңдан коркуп сыйынчу болсом, мени тозоктун отунда өрттө – миң-ден-миң ыраазымын! Бирок эгерде Сенин жүзүңдү деп түндөрдү уйкусуз өткөрсөм, жалынамын, жамалыңдан айырба!»

***Робия Адавия***

## АДАШКАН СУФИЙ ТОПТОРДУН ӨЗҮНӨ МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Ислам тарыхынын бардык доорлорунда суфизмди тар мааниде түшүндүргөн топтор жана адамдар болгон. Алар этибарды негизинен суфизмдин тышкы жактарына каратышкан. Мындайлар азыр да табылат.

Мындай топтор үчүн суфийге дүйнөдөн да, акыреттен да пайда жоктугу идеясынын мазмуну бузулуп, түрдүү ырым-жырым, пирпарастык, «мурид издөө» («муридге аң уулоо»), түрдүү диний ырым-жырымдарда өздөрүн өзгөчө адам экендиктерин көрсөтүү жана ошону менен аброй, байлык табуу максат болуп калган.

Бул тайпалар суфизмдин жеткилең инсанды тарбиялоо идеясын этибардан четте калтырышкан.

Ошол себептүү суфизм таануучу окумуштуулар тарабынан мындай тайпаларды классикалык суфизмдин өкүлдөрүнөн айырмалай билүү, аларды башка түрдүү агымдардан бөлүп көрсөтүү максатында «тарикатчылар» термини киргизилди. Алардын чыныгы максаттары ачып берилди жана дин окумуштууларынын сынына кабылды.

## СУФИЗМ МЕНЕН ЖАЛГАН ТАРИКАТЧЫЛЫКТЫН ОРТОСУНДАГЫ АЙЫРМА

Жалган тарикатчылыктын жактоочулары дүйнөлүк илимдер адамдын жашоосунда керек эмес, айныкса, кыз баланан билим алышына бөгөт салуу өңдүү өкүмдөрдү чыгарышат. Кылымыбыздын баштарында республикабыздын түрдүү чөлкөмдөрүндө иш жүргүзгөн тарикатчылардын арасында бир топ салттык эмес амалдар байкалган:

– тахажжуд (түнкү) намазды окуу парз (же важиб), деп билүү;

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Тарикатчылар дегенде суфизмдин тышкы жактарына гана негизги этибарды каратып, анын негизги өзгөчөлүктөрүн билбестен, пирге ченден чыгып, алтургай шариаттын рамкасынан чыгып «кызмат кылууну» жашоодогу эң негизги максат деп билген адамдар же жамааттар, топтор түшүнүлөт.

– пирге кол сунгандардын мурдагы күнөөлөрү кечирилет, каза болгон (окулбаган) намаздары жүгүнөн кутулат, деп билүү;

– өзүнүн тарикатындагылардан башка адамдардын той-мааракелерине барбастык;

– пирдин колу тийген сууну табарик деп билип, керектөө;

– пирдин үйү жакка буттуу сунуу кыбылага бут сунган сыяктуу күнөө, деп билүү;

– сакалсыз жана жасалма тиштүү имам-хатиб жана наибдерди ээрчибестик;

– телевизор көрбөстүк, радио укпастык жана башкалар.

Шамга окшогун, бардыгына жарык улаш, а өзүң болсо караңгыда бол.

***Бахоуддин Накшбанд***

Бул топтордун мындай салттык эмес амалдары ислам дининин окуусу жана салттарына таптакыр жат. Ошондуктан учурда өздөрүн тарикатчылар деп доолашкандардын эң мурда салттык тарикаттын негиздерин одоно түрдө бузуп жатканы, алтургай, шариаттын көрсөтмөлөрүнө да баш ийбегени көрүнүп турат. Алсак, пирдин колу тийген сууну табарик деп билүүнү алалы. Биринчиден, киши жуунганда сууга анын бети-колунан түрдүү зыяндуу микробдор түшөт. Аны ичүү менен ооруга чалдыгыш мүмкүн.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

*Биз үчүн Бухарадан алыс болгон Лондондо туруп, инсан жеткилеңдигинин жана рухий тарбиясынын теңсиз булагы болгон Накшбандия окуусуна баш ийүү өтө маанилүү. Өзбекстандагы жети пирдин жаткан жерлерин зыярат кылуу, Гыждуваний жана Накшбанд азиреттеринин туулган күнүнө арналган эл аралык конференцияларда катышууну эңсеймин. Бул өлкө дүйнөгө рухий тарбиянын устаттарын берген жер иретинде ар дайым кадырлуу болуп калат.*

***Британия. Шайык Зимер Солихий. 2018-жыл.***

Экинчиден, Имам Аъзам боюнча мындай суу заң менен аралашкан эсептелет. Факих окумуштуулар аны ичүүгө тыюу салышкан.

Суфизм дегенде, үй-бүлө, тиричилик, жоопкерчиликти унутуп, дүйнөдөн кечүү түшүнүлбөйт.

Кээ бир адамдар тарикатка киргендерин айтышып, тышкы көрүнүш жана ырым-жырымдарга чоң маани беришет, бирок үй-бүлөсүнүн, перзенттеринин алдындагы милдеттерин унутуп коюшат. Алар өздөрүнчө Аллахка тобокел кылып, үй-бүлөнү камсыздоодон баш тартышат, пирдин кызматын үй-бүлөнүн алдындагы важиб жоопкерчиликтен жогору коюшат.

Ошондой жол менен, суфизмдин чыныгы маанисин билбеген жана чындыктан кабарсыз калгандар чыныгы тарикатчыларга да, суфизмдин наамына да так түшүрүшүүдө.

Тарикатчылардын иши себептүү социалдык чырларга себеп болуп жаткан абалдар жөнүндө пикир кылуу менен, төмөнкүлөрдү да көз жаздымдан качырбастык керек. Тарикатчылардын арасында:

– тарикатта болбогондорго карата тоотпостук менен кароо;



Силердин жакшыларыңар дүйнөнүн ишин деп акыретти, акыретти деп дүйнөнү унутпай жана адамдарга оордугу түшпөй турганыңарсыңар.

***Хадис***



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Тарикатчылардын иши ислам дининин окуусуна туура келеби?
2. Пикириңди түшүндүрүүдө берилген тексттен пайдалан.

*«Адамдарга (текеберленип) жүзүңдү тырыштырбагын жана жерде менменсинип жүрбөгүн. Анткени Аллах бардык текебер, мактанчаак адамдарды сүйбөйт».*

***Куран карим, Улукман сүрөсү, 18-аят.***

– илим алууга болгон кызыгуунун басаңдашы – көптөгөн олуялар окушпаса да чоң ийгиликке жетишкен, өңдүү иш тутуу;

– бүлөлүү тарикатчылардын пирден тапшырма алгандык шылтоосу менен үй-бүлөсүн материалдык камсыздоодон баш тартышы;

– заманбап өнүгүүнүн жетишкендиктерине терс мамиледе болуу, заманбап кийингендерге карата жаман пикирде болуу жана у. с. абалдар байкалат.

Пайдасыз сөздү көп айтпа жана пайдалуу сөздү көп уккандан кайтпа.

***Алишер Навоий***

Мындай тарикатчылар тарабынан шариат талаптарынын туура эмес чечмелениши, салттык исламдын принциптерине жат эрежелердин иштеп чыгылышы адамдардын ортосунда нааразылык ойготот.

Мындан тышкары айрым тарикатчылар суфий медицинасы, суфий гимнастикасы, суфий мушташ өнөрү өңдүү борборлорду ачып, ошол аркылуу адамдардын көңүлүн тартуу усулдарынан да пайдаланышууда. Алар тарабынан ислам негиздеринин бузуп чечмелениши, түрдүү окуулардын суфизмге таандык, деп үгүттөлүшү, ислам динине тиеше-

## ТАРЫХКА НАЗАР

Бахоуддин Накшбанд (1318–1389) – накшбандийлик тарикатынын көрүнүктүү өкүлү. Эл ичинде Хожа Бахоуддин Балогардон, Хожаи Бузрук, Шохи Накшбанд ысымдары менен белгилүү. Бухарада Касри Хиндуван кыштагында туулган. Бахоуддин Накшбанд Бобойи Самосий, Амир Кулал, Мавлоно Ориф, Халил ата, Кусам Шайык өңдүү устаттардан сабак алган. Ал эки жолу ажыга барган. Кол учунда күн көргөн, дыйканчылык менен, кийинчерээк жез жана парчага оймо салуу менен алектенген. Өзүнүн окуусун жаратууда Абдухалык Гыждуваний негиз салган «Хожагон» чыгармасынын сегиз статьядан турган эрежесине өзүнүн үч эрежесин (талабын) кошуп, аны бүтүргөн. Ошентип суфизм накшбандия тарикатында дагы да бышыкталган.

си болбогон түрдүү жат идеялардын мусулмандардын арасында таралышына, алардын ишенимдери бузулушуна, туура эрежелерге зыян жетишине себеп болууда. Көпчүлүк «тарикатчылар» өз тобунун мүчөлөрүн пирине кол сунбаган башка карапайым мусулмандардан жогору коюшат, «пири жоктун – дини жок» сыяктуу идеяларды таратууга урунушат.

Суфизм болсо мындай туура эмес пикирлерге каршы болгон, адамдар арасында теңдик, достук, социалдык адилет, коомго пайдалуу эмгек менен алектенүүнү үгүттөгөн. Мисалы, Бахоуддин Накшбанддын «Дил ба Ёру даст ба кор» деген накыл сөзү кылымдар бою өзүнүн мазмунун жоготпогон.

Суфизмдин көз караштардын бир бүтүн окуусуна айланып, ислам өлкөлөрүнө кеңири жайылышы адамдардын турмушунда чоң реалдуулукка айланган.

Классикалык суфизмге мүнөздүү жакшы мүнөздү, жогорку руханий сапаттарды калыптандыруу, жеткилең инсан, напси тарбиясы, мекенди сүйүү өңдүү идеялар элибиздин кылымдар бою өнүгүп келген руханий байлыгын түзөт. Азыркы шарттарда да суфизмдин мына ушундай өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп берүү адамдарды түрдүү негизсиз идеяларга адашып кирип калышынын алдын алууда чоң мааниге ээ.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Борбордук Азияда суфизм менен тарикатчылыктын ортосундагы келише албастык ири илимий мурас жана салттан алысташуунун натыйжасы болуп саналат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Суфизмдин чыныгы мазмунун бузуп чечмелөө кандай натыйжаларга алып келет?
2. Тарикатчылыктын суфизмден айырмасы эмнеде?
3. Тарикатчылыктын кандай белгилерин билип алдың?
4. Тарикатчылар тарабынан кандай орунсуз иштер жасалышы мүмкүн?

# 16-17-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА ДИН ЖАНА МАДАНИЯТ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Диндин маданий турмуштагы орду.
2. Ислам цивилизациясы борборлорунун түзүлүшү.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Маданияттын бир бүтүн системасы эки чоң тармакка бөлүнөт. Алар маани-маңызына карай материалдык жана руханий маданиятты түзөт.

## ДИНДИН МАДАНИЙ ТУРМУШТАГЫ ОРДУ

Маданият адам менен коомдун турмушунда чоң роль ойнойт. Маданият адамзатка бири-бирине жылуу мамиле жасоону, башкаларды урматтоону, ынтымактуу жашоону үйрөтөт. Дин сыйынуучулардын социалдык, этникалык жана руханий турмушуна таасир көрсөтөт. Муну дүйнө элдеринин маданияты, адабияты жана көркөм өнөрүнөн көрүүгө болот.

Диндин маданиятты үгүттөө функциясы төмөнкүлөрдө көрүнөт: мурда маданияттын белгилүү бир катмарлары – жазуу, китеп басуу, көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө жардам берген болсо, азыр кээ бир маданий феномендерди колдоп, кээ бирлерин четке каккан түрдө диний маданият баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү, илимий-руханий мурасты укумдан тукумга калтыруу милдеттерин аткарат.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Диний маданият – киши психологиясынын азыгы. Адамзат өзүнүн өнүгүшү доорунда түрдүү диндерге сыйынып келген. Көрүнбөс күчтөр аркылуу табияттан жардам сураган. Дүйнөдө эң көп таралган диндер үчөө: буддизм, христиандык, ислам.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. XX–XXI кылымдарда курулган төмөнкү ибадатканалардын архитектурасына көңүл бур жана диндин маданиятка, өнүгүүгө таасири жөнүндө маалымат бер.
2. Диндин сыйынуучулардын руханий жашоосуна, социалдык жашоо мүнөзүнө кирип барышы жөнүндө маалымат бер.
3. Пикириңди диндин маданий баалуулуктарды сактоо жана көбөйтүү, илимий-руханий мурасты укумдан тукумга калтыруу өңдүү милдеттери менен байланыштырып түшүндүр.










## ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН БОРБОРУЛОРУ

2005-жылдан баштап Ислам шериктештик уюмуна (ИШУ) караштуу Таалим, илим жана маданият маселелери боюнча эл аралык ислам уюму (ISESCO) жыл сайын уюмга мүчө Азия, Африка жана араб мамлекеттеринин шаарларын «Ислам маданиятынын борбору» деп жарыялайт. ISESCOнун мусулман дүйнөсүндөгү белгилүү шаарларды ислам маданиятынын борборулору деп жарыялашы мусулман өлкөлөрүнүн ортосундагы маданий карым-катыштарды өнүктүрүү, ислам маданиятына тиешелүү илимий-агартуучулук, тарыхый-архитектуралык мурасты үйрөнүү, калыбына келтирүү жана үгүттөө,

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Мекке шаарындагы «Мечит ул-Харом», Медина шаарындагы «Мечит ун-Набавий» жана Иерусалимдеги «Мечит ул-Аксо» исламдагы башкы мечиттер эсептелет.

## ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН БОРБОРУЛОРУ



*Халаб*



*Алматы*



*Бишкек*



*Фес*

диндер жана цивилизациялар аралык сүйлөшүүлөрдү күчөтүү, бул боюнча түрдүү мамлекеттердин кыймыл-аракеттерин колдоп-кубаттоо жана кызыктыруу максаттарын кздөйт.

ISESCO тарабынан шаарларды Ислам маданиятынын борбору деп жарыялоодо:

- байыркы ислам эстеликтери жана архитектуралык эстеликтер;
- ислам маданиятына салым кошо турган илимий, маданий чыгармалар;
- илимий изилдөө борборлору, кол жазмалар борборлору жана археологиялык борборлор;
- маданий мекемелер өткөргөн фестивалдар, маданий иш-чаралар, китептер, сүрөттөр, тажрыйба иштери жана басма иштери;
- шаардын тарыхы жөнүндө жогорудагы талаптардын негизинде алынган маалыматтарга таянат.

ISESCO тарабынан 2005-жылы Мекке Ислам маданиятынын борборуу деп жарыяланган болсо, 2018-жылга чейин 43 мамлекет Ислам маданиятынын борбору статусун алды. Алардын ичинде Исфахан (Иран), Халаб (Сирия), Тимбукту (Мали), Ташкент (Өзбекстан), Триполи (Ливия), Фес (Марокко), Дакар (Сенегал), Алматы (Казакстан), Душанбе (Тажикстан), Бишкек (Кыргызстан), Газна (Ооганстан) өңдүү шаарлар да бар.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Мусулмандардын илим издеп жасаган аракеттеринин натыйжасында дүйнөдө биринчи чыныгы университеттерге негиз салынды. Тунисте «Зайтуна» 732-жылы, Багдадда «Байт ул-Хикма» 829-жылы, Фесте (Марокко) «Каровиюн» 859-жылы, Каирде «Ал-Азхар» 970-жылы, Харезмде Маъмун академиясы 1004-жылы түзүлгөн. Мусулман ааламындагы бул илим очокторунун көпчүлүгү миң жылдан бери иштеп келет.

## ДҮЙНӨДӨГҮ БАШТАПКЫ УНИВЕРСИТЕТТЕР



*Зайтуна университети*



*Ал-Азхар университети*



*Каровиюн университети*



*Байт ул-Хикма академиясы*




*Маъмун академиясы*

### ТАРЫХКА НАЗАР

1173-жылы кайтыш кылган Тотбалий (Тудельский) Искандарияда 20 медресе болгону, Багдад, Каир, Кордова жана ушуга окшош чоң шаарларда лаборатория, обсерваториялар курулгандыгы жана илимий изилдөөгө жараган бардык шарттар түзүлгөнү, китепке бай китепканаларда болсо «жомеа» – университеттер курулганы жөнүндө маалымат берген.

# ТАШКЕНТ – ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН БОРБОРУ

Ташкент байыртадан илимдин, маданияттын борбору болуп келген. Бул шаарда орто кылымдарда илимдин түрдүү багыттары боюнча эмгектенген 100 дөн ашуун окумуштуулардын аттары аныкталган. Алсак, Азирети Имам деп улууланган Абу Бакр Каффол Шоший (904–976), ишеничтүү хадисчи иретинде таанылган Абу Саид Хайсам ибн Кулайб Шоший (кайт. 947) жана Фахр ул-ислам, Ал-Имам ал-Кабир наамдарына татыктуу Абу Бакр Мухаммад ибн Ахмад Шошийдин (1038–1114) ысымдарын өзгөчө белгилей кетүү зарыл.

«Азирети Имам» деп улууланган бул кишинин толук аты Абу Бакр Мухаммад ибн Али ибн Ысмайыл Каффол Шоший болуп, араб булактарында ага өзгөчө урмат билдирүү үчүн атына «чоң», «улуу» маанилерин туюнткан «Кабир» сөзүн кошуп жазышат.

Имам Каффол Шошийдин аты менен таанылган Хастимам мааласи учурунда Ташкенттин диний, илимий, руханий жана агартуучулук борбору иретинде таанылган. Тилекке каршы, советтердин ата-бабаларыбыздын жаткан жерлерине жана зыярат жайларына атеисттик мамилелеринин натыйжасында мындай жерлер этибардан четте калды.



*Минор мечити*



*Азирети Имам (Хастимам) комплекси*



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Тарых предметинен алгын билимиңдин негизинде Ислам маданиятынын борбору наамын алган шаарлардын тарыхы жөнүндө маалымат бер. Мында ISESCO тарабынан шаарларды Ислам маданиятынын борбору деп жарыяланышына тиешелүү талаптардан пайдалан.

Эгемендүүлүк жылдарында илимий-руханий, диний-агартуучу адабияттардын басылышына кеңири мүмкүнчүлүктөр жаратылды. Ташкентте Куран карим жана хадистер, ошондой эле, ислам руханий мурасына чоң салым кошкон окумуштуулардын чыгармалары өзбек тилинде басылды. Учурда борборубуздун эң көөнө жергесинде, Өзбекстан мусулмандары башкармасынын алдында жайлашкан Каффол Шоший наамы менен байланыштуу Азирети Имам (Хастимам) комплекси жылдан жылга көрктөнүп, Эски шаардын көркүнө көрк кошуп жаткан тарыхый жерлерден бирине айланды.

Жогоруда айтылган ислам дини жана маданиятынын түрдүү тармактарына түздөн-түз байланыштуу мындай ири иштер чоң потенциал жана даанышмандык менен жүргүзүлүп жаткан акылман элдик саясаттын натыйжасы болуп саналат.

Мамлекетибиздин борбору – Ташкент шаарынын Ислам маданиятынын борбору, деп жарыяланышы ислам маданиятын жана баалуулуктарын калыбына келтирүү жана өнүктүрүүдө Президентибиз Шавкат Мирзиёев жетекчилигинде аткарылып жаткан иштердин дүйнөлүк мааниге ээ болуп жаткандыгынын далили боло алат.

## ӨЗБЕКСТАНДАГЫ ИСЛАМ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ БОРБОРУНУН ИШИ

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Өзбекстандагы



*Ташкенттеги Имам Термезий мечити*



*Баракхан медресеси*



*Хожа Ахрор Валий мечити*



*Биздин тажрыйбабыз көрсөтүп жаткандай, биринчи кезекте жаштарды илимге үйрөтүү, аларга ислам дининин гумандуулук мазмунун, ислам маданиятынын чыныгы баалуулуктарын жеткирүү экстремизмге каршы күрөшүүнүн эң натыйжалуу каражаты эсептелет.*

*Бул боюнча биз Самаркандда Имам Бухарий эл аралык илимий-изилдөө борборун жана Ташкентте Ислам цивилизациясы борборун түзүүнү чечтик.*

***Шавкат Мирзиёев***

Ислам цивилизациясы борбору ишинин негизги максаты – ислам дини менен байланыштуу бай жана теңсиз мурасты илимий негизде ар тараптан терең үйрөнүү, өлкөбүздөн жетишип чыккан залкар окумуштуу жана ойчулдардын өмүрү жана илимий-чыгармачыл иши жөнүндө кең түшүнүк пайда кылуу, алар менен элибиз жана дүйнө жамаатчылыгын кеңири тааныштыруу, эл аралык көлөмдө диндер жана цивилизациялар аралык сүйлөшүүнү жолго коюу, ислам дининин гумандуулук мазмунун ачып берүү, түркөйлүккө каршы агартуучулук менен күрөшүү, жаш муунду улуттук сыймыктын рухунда тарбиялоодон турат.

Борбордун негизги милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

• өлкөбүз кылымдар бою дүйнө цивилизациясынын ажырагыс бөлүгү, ислам маданиятынын борборлорунан бири болуп келгенин чагылдырган илимий-тарыхый концепцияны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

• борбордун курамындагы китепкана жана архив, кол жазма фонддорун бүгүнкү Өзбекстандын жергесинен жетишип чыккан залкар окумуштуу жана ойчулдар, олуялар, алар тарабынан негиз салынган илимий жана диний мектептерге тиешелүү өлкөбүздө жана чет өлкөлөрдө сакталып жаткан байыркы кол жазма жана таш басма китептер, тарыхый далил жана документтер, археологиялык табылгалар, эстеликтер, ошол багыттагы заманбап илимий-изилдөө иштери, китеп жана жыйнактар, видео жана фото документтердин эсебинен калыптандыруу;

• борбордун курамындагы музей экспозициясынын тема багыттарын терең ойлонгон, илимий негизделген анык план боюнча калыптандыруу, аны эң заманбап маалымат-коммуникация технологиялары негизинде көрсөтүү;

• ислам дининин өнүгүшүнө чок салым кошкон залкар мекендештерибиз — Имам Бухарий, Имам Термезий, Хаким Термезий, Абу Мансур Мотуридий, Абу Муин Насафий, Каффол Шоший, Абдухалык Гыждуваний, Нажмиддин Кубро, Бурханиддин Маргынаний, Бахоуддин Накшбанд, Хожа Ахрор Валий өңдүү окумуштуулардын теңсиз мурасын илимий негизде терең изилдөө, алардын илимий-руханий эрдигин, инсандык сапаттарын кеңири үгүттөө;

• дүйнө илиминин тарыхында өчпөс из калтырган Мухаммад Харезмий, Ахмад Ферганий, Абу Наср Фарабий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Махмуд Замахшарий, Мырза Улугбек, Али Кушчу өңдүү окумуштуу жана ойчулдар мурасынын тарыхый жана заманбап цивилизациянын өнүгүшүндөгү орду жана ролун, Алишер Навоий, Захириддин Мухаммад Бабур, Камолиддин Бехзод, Махмуд Музаххиб сыяктуу классикалык адабият жана көркөм өнөр өкүлдөрү чыгармачылыгынын гумандуулук мазмунун терең ачып берүү;

• ислам дини адамдарды, бардык улут жана элдерди ар дайым эркин жашоого, изгилик, өз ара достук жана адамгерчиликке үндөшүн, анын чыныгы, гумандуу мазмунун терең үйрөнүүгө багытталган илимий изилдөөлөр, дүйнө элин бир максат жолунда

Адамдардын баатыры келечектеги ишдерден коркпойт. Жеткилең болуудан чочуган киши адамдардын эң коркогу саналат.

***Абу Али ибн Сина***




«Европанын бардык багытта өнүгүшүндө Ислам маданиятынын кызматы чексиз жана Европанын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген кескин чыгармалары бар... Европага өмүр берген табият илимдери гана эмес, ошондой эле Ислам маданияты Европага алгачкы нурун жибергенде эле ар тараптан Европага өзүнүн таасирин көрсөткөн эле».

***Роберт Бриффаульт, «Адамзаттын жаралышы» («The Making of Humanity») аттуу китебинен***

— түркөйлүккө каршы агартуучулук менен күрөшүү жолунда бириктирүүгө чакырган түрдүү форумдарды, агартуучулук иш-чараларды ишке ашыруу;

• Өзбекстандын байыркы тарыхы жана маданияты, мамлекетчилик салттары, элибиздин жашоо мүнөзү жана көз карашы ислам цивилизациясы менен тыгыз байланышкан түрдө калыптанып, өнүккөнүн Самарканд, Бухара, Хива, Ташкент, Кеш, Насаф, Термез, Андижан, Маргылан, Кармана, Кокон сыяктуу байыркы шаарларыбыз, кеменгер окумуштуу жана олуялардын элесине арнап өлкөбүздө курулган эстелик комплекстери, ыйык зыярат жерлеринин макеттери, сейрек кездешүүчү кол жазма жана таш басма чыгармалар, материалдык жана материалдык эмес мурас, алсак, «Шашмакомдын» үлгүлөрү өңдүү сейрек кездешкен экспонаттар аркылуу чагылдыруу, ошол багыттарда илимий изилдөөлөр жүргүзүү, алардын натыйжалары негизинде жыйнактар, телекөрсөтүү, фильм жана башка материалдарды даярдоо;

• Борбордо жергиликтүү жана чет өлкөлүк адистерди кеңири тарткан түрдө илимий-изилдөө иштерин жолго коюу жана алардын натыйжаларынан журтубузду жана дүйнө коомчулугун кабардар кылып баруу;

Биз окумуштуулардан ислам динин жана маданиятын үйрөндүк. Бул илимдер ислам цивилизациясынын негизин түзөт. Самарканд, Бухара, Ташкент улуу адамдардын журту. Алар бар күчүн илим алууга жана аны таратууга сарпташкан... Алар керектүү жана пайдалуу илимди кызыгуу менен таратышты...

***ISESCOнун башкы директору Абдулазиз бин Усман ат-Тувайжирий***

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Өзбекстандагы Ислам цивилизациясынын борбору Президентибиздин 2017-жылы 23-июндагы «Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Өзбекстандагы Ислам маданиятынын борборун түзүүнүн иш-чаралары жөнүндө» ПТ-3080-сандуу токтомунун негизинде түзүлгөн.

• Европа Ренессансынын калыптанышына күчтүү таасир көрсөткөн Мусулман Ренессансы доорунда илим, маданият жана көркөм өнөр, архитектуранын өнүгүшү жөнүндөгү кең көлөмдүү маалыматтар павильондорун уюштуруу аркылуу Борбордо көрсөтүлө турган экспозицияларды ошол доорлорго тиешелүү экспонат жана көргөзмөлүү булактар менен байытуу;

• дүйнөнүн тарыхында «Амир Темур жана темурийлер ренессансы» деген наам менен өзгөчө орун ээлеген доордо жаратылган илим, маданият жана архитектуранын берметтерин ислам маданиятынын өлкөбүздөгү гана эмес, бүткүл мусулман ааламындагы өнүгүү жана өркүндөө доору иретинде көрсөтүү;

• учурда барган сайын чоң мааниге ээ болуп келе жаткан диндер жана цивилизациялар аралык сүйлөшүүнү натыйжалуу жолго коюу максатында Өзбекстандагы Ислам цивилизациясы борборунун дүйнөдөгү ролу эл аралык илимий мекеме жана структуралар, алсак, ЮНЕСКО, ISESCO өңдүү эл аралык уюмдар менен жакын шериктештик карым-катышдарды орнотуудан турат.



Мыкты ахлактык сапаттарга ээ адам — ар кандай кымбат баалуу берметтерден да кымбаттуу.

***Юсуф Хас Хажиб***



Борбордук Азия калкы эң «жаш» чөлкөмдөрдөн бири саналат. Бул жерде калктын дээрлик 60 пайызын жаштар түзөт жана бул дүйнө боюнча орточо көрсөткүчтөн кыйла жогору. Мына ошол максатта Өзбекстан Бириккен Улуттар Уюму Башкы Ассамблеясынын жакында Нью-Йоркто болуп өткөн сессиясында Жаштар укуктары жөнүндөгү эл аралык конвенцияны иштеп чыгуу жана «Агартуу жана диний кең пейилдик» деп аталган атайын резолюцияны кабыл алуу демилгеси менен чыкты.

***Шавкат Мирзиёев***



*Самарканд.*
*Мырза Улугбек*
*окумуштуулар менен*

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Улуу Британия Парламентинин лорддор палатасынын өкүлү лорд Мухаммад Ильтаф Шайык:

*«Эгерде Улугбек азыр тирүү болгондо өзбектер биринчи болуп Айга аттанмак. Ал-Харезмий болбогондо заманбап технологиялар да болбойт эле. Ибн Синанын чыгармалары негизинде азыр Европа медицинаны үйрөнүп жатат. Биз радикалдашууга каршы Өзбекстандын маданияты менен күрөшүүгө тийишпиз. Силер Имам Бухарийнин хадистерин англис тилине которуп, түшүндүрүп бергиле. Биз бул китептер менен түркөйлүккө каршы күрөшөбүз».*

***2018-жыл, 1-март, Лондон. Өзбекстан жана Улуу Британия интеллигенттери, диний тармак өкүлдөрүнүн жолугушуусунан.***

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Дин маданияттын өнүгүшүнө кандай салым кошот?
2. Эмнеге Ташкент Ислам маданиятынын борбору деп жарыяланды?
3. Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Өзбекстандагы Ислам цивилизациясы борборунун иши жөнүндө маалымат бер.
4. Дин жазуунун, китеп басуунун, көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө кандай салым кошот?
5. ISESCO мусулман дүйнөсүндөгү белгилүү шаарларды ислам маданиятынын борборлору деп жарыялоодон кандай максатты көздөйт?

# 18–19-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА ДИНИЙ САЛТ ЖАНА ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. «Ырым-жырым» түшүнүгүнүн маани-мазмуну.
2. Улуттук, диний ырым-жырымдардын трансформациялануусу.
3. Улуттук баалуулуктар жана диний салттар.

## «ЫРЫМ-ЖЫРЫМ» ТҮШҮНҮГҮНҮН МААНИ-МАЗМУНУ

Ар бир элдин өзүнө мүнөздүү үрп-адат, салт жана ырым-жырымдары бар. Алардын ар бири башкасынан таптакыр айырмаланат. Бири пайдалуу, ал эми башкасы зыяндуу. Үрп-адат – адамдардын турмушуна сиңип кеткен, белгилүү мөөнөттө кайталанып туруучу кыймыл-аракет, көпчүлүк тарабынан кабыл алынган жүрүм-турумдун эрежелери.

«Адат» деген түшүнүк белгилүү шарттын таасиринде пайда болуп, адамдын жүрүм-турумуна отуруп калган жана кийинчерээк өзү-өзүнөн байкоосуздан кайталанчу аракет маанисин билдирет. Ырым-жырым адамдын жашоосундагы маанилүү окуяларды белгилөөгө каратылган, расмий жана психологиялык көтөрүңкү рухта өткөн, жалпы кабыл алынган тартип-эрежелерге баш ийиле тур-

Ар бир куш
өзүнүн үнүнөн
маарланат.

***Накыл сөз***

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

1. Сенин үй-бүлөңдө кандай үрп-адаттар бар?
2. Элибиздин кайсы адат жана салттары баалуулук иретинде мыйзам деңгээлине көтөрүлгөн?

ган иш-чара саналат. Адамдар бир-биринин кайгысы же шаттыгына шерик болушат, келечек үчүн жакшы ниет кылышат. Ар бир ырым-жырым өзүнө мүнөздүү жалпы кабыл алынган түзүлүшкө (башталышы, ортосу, аягы) ээ. Турмушта болуп жаткан маанилүү окуяны белгилөө жараянында салт да, адат да, ырым-жырым да өркүндөп отурат. Салт, адат жана ырым-жырым бири-бири менен түздөн-түз байланышкан кубулуштар эсептелет.

Ошол себептен салттардын курамдык бөлүгү адат, адаттын курамдык бөлүгү ырым-жырым да болушу мүмкүн. Кээ бир учурларда «салт», «адат» жана «ырым-жырым» түшүнүктөрү өз алдынча иштетилсе, алар абстракттуу маанини бериши да мүмкүн. Мындай учурда аларга аныктооч сөздөр кошулуп, мисалы, «салттык майрам», «салттык фестиваль», «салттык кече» же «сыйлоо ырым-жырымы», «той ырым-жырымы», «пенсияга узатуу ырым-жырымы» түрүндө колдонулат.

## УЛУТТУК ЖАНА ДИНИЙ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРДЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ

Замананын сыноосунан өткөн үрп-адат дагы да күчөп, заманга карай өнүгүп отурат. Кыргыз элинин үй-бүлөлүк ырым-жырымдары да тарыхый за-

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

«Ырым-жырым» сөзү жамааттын катышуусунда өткөрүлө турган чоң иш-чара маанисин билдирет. Үй-бүлөлүк үрп-адаттар үй-бүлө куралышы менен пайда болгон. Ошондуктан үй-бүлө өзгөрүшү менен бирге ал да өзгөргөн, өнүгүп отурган.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

«Ысым коюу», «никеге туруу», «сөөк коюу», «эскерүү» өңдүү түшүнүктөр өзүндө кандай иш-чараларды чагылдырат?



*Африка урууларынын биринде көңүл айтуу адаты*



*Өлкөбүздө жаз жана күз айларында мазарларда өткөрүлчү ашар*

рылчылыктын негизинде пайда болгон жана маанилүү руханий баалуулук иретинде өнүгүп келген.

XX кылымда турмушубузга жаңы үрп-адат жана салттар кирип келди. Мисалы, төрөлгөн ымыркайдын ата-энесине күбөлүк же бойго жеткендерге паспорт тапшыруу, бүтүрүүчүлөргө салтанаттуу түрдө диплом, аттестаттарды берүү жана аларды эмгек жамаатына кабыл алуу, пенсияга узатуу жана башка-








*Дүйнөлүк жана улуттук диндерде сыйынуу ырым-жырымдары*

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку.

1. Текстте кандай үй-бүлөлүк салт, баалуулук, ырым-жырымдар бар?
2. Дагы кандай үй-бүлөлүк иш-чара, ырым-жырым, салт жана үрп-адаттарды билесиң?
3. Үй-бүлөлүк иш-чара, ырым-жырым, салт жана үрп-адаттар эмне максатта өткөрүлөт?
4. Элибизге мүнөздүү иш-чара, ырым-жырым, салт жана үрп-адаттар жөнүндө маалымат бер.

*Фархадын жумушка отурганына бир ай болду. Биринчи маянасын алып келди да, апасына карматты. Апасы батасын берип: «Үй-бүлөнүн чоңу — чоң атаң, ага бер, бул үй-бүлөбүзгө мүнөздүү адат», — деп коштоп койду. Ошол күнү үй-бүлөнүн мүчөлөрү кечки тамакка чогулганда Фархаддын чоң атасы небересинин биринчи адал иштеп тапкан акчасы менен куттуктап, батасын берди. Бул маанилүү окуяга байланыштуу Фархаддын апасы дасторкон жайды.*



*Сурхандарыяда Нооруз майрамы.*



*Индияда жаңы жыл майрамы.*



*Татар эл майрамы «Сабантой».*



*Ташкентте масленица майрамы.*

лар. Учурда алар салттык иш-чараларыбызга айланып калды.

Диний үрп-адат, салт жана ырым-жырымдардын убакыттын өтүшү менен улуттук салт жана ырым-жырымдарга айланышы трансформациялануу деп аталат. Мисалы, христиандык дини Европа элдеринин турмушуна кирип келгенде ошол диндин ырым-жырымдары элдердин улуттук үрп-адат жана салттарына айланды. Христиандарда Рождество майрамы, индилерде Холи майрамы, корейстерде шаманизм менен байланыштуу үрп-адаттар бар.

Өзбекстанда бардык диндерде ыйык эсептелген үй-бүлө институту улуттук баалуулук иретинде Негизги мыйзамга киргизилген жана салтка айланган.

Диний ырым-жырымдарды аткарууда кечилдер, кийинчерээк динчилдер жетекчилик кылган. Алар ырым-жырымдарды белгилүү диндин талабы, өзгөчөлүгү жана эрежесине ылайыкташтырган.

Христиандыкта «Жети ырым-жырым»: чокундуруу, нан жана шарап оозануу, миро майын сүртүү, тобо келтирүү, елей (ыйык зайтун) майын сүртүү, диний наам берүү, нике ырым-жырымдары бар. Рождество менен Пасха христиандыкта кеңири белгилене турган эң негизги майрамдар эсептелет.

Ислам дининде акыйка, амри-маъруф, сүннөт, орозо кармоо жана Орозо айт, курмандык чалуу жана Курман айт, ажы, жаназа, нике, сөөк коюу жана башка ырым-жырымдар бар.

Иудаизмда ибадат, ишемби күнүн ыйык деп билүү, төрөлүү, бойго жетүү, нике жана сөөк коюу ырым-жырымдары өзгөчө роль ойнойт.

## УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР, ДИНИЙ САЛТТАР

Өзбекстанда диний ырым-жырымдардын эркин өткөрүлүшү камсыздалат, бирок мында мыйзам, коомдук тартип бузулбастыгы, жеке адам жана жарандардын укугу кордолбостугу керек. Диний ырым-жырымдар мечит жана ибадатканаларда, диний уюмдарда, зыярат жерлеринде, мазарларда, жарандардын үйлөрүндө өткөрүлөт. Белгиленген жерден тышта диний ырым-жырым же массалык сыйынуу өткөрүлгөн учурда бул жөнүндө жергиликтүү бийлик эскертилүүгө жана иш-чаралар катуу тартипке баш ийген түрдө уюштурулууга тийиш.

«Баалуулук» термини реалдуу турмушта коомдогу кандайдыр нерсе жана кубулуштун адамдардын ортосундагы өз ара социалдык мамилелерде туткан чоң маанисин туюнтуу үчүн колдонулуп жатат.

Майрам сөзү түркийче «чоң жыйын», «той» деген маанилерди билдирет. Ал эми терминде болсо кеңири белгилене турган салтанатту күн эсептелет.



Нооруз – Кудай жанзаттарды жараткан алты күндүн биринчиси. Күн менен Ай көктүн эки көзү болгону сыяктуу, Нооруз менен мехржан замананын эки көзү эсептелет.

***Абу Райхан Беруний, «Байыркы элдерден калган эстеликтер»***



### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку, андагы «миң жылдык боордоштук жана жакшы кошуначылык карым-катыштарын» тема менен байланыштырып түшүндүр.

*«Чөлкөмүбүздүн элдерин миң жылдык боордоштук жана жакшы кошуначылык карым-катыштары байланыштырып турат. Бизди тарых, дин, жалпы маданият жана салттар бириктирет».*

***Ш. Мирзиёевдин 2017-жылы 11-ноябрда Самарканд шаарында болуп өткөн эл аралык Конференциядагы «Борбордук Азияны тарых, дин, жалпы маданият жана салттар бириктирет» аттуу докладынан.***

Укумдан-тукумга мурас түрүндө өтүп келе жаткан иш-чарага салттык майрам дейилет (мисалы, Нооруз майрамы). Мындай майрамдар кандайдыр эл же улуттун ошол учурдагы социалдык турмушу, жашоо мүнөзү менен түздөн-түз байланыштуу болбойт.

Диний майрамда болсо ар бир диндин эрежелеринде белгилеп коюлган ырым-жырымдар белгиленет. Куран каримдин аяттары жана хадистерде диний ырым-жырым жана майрамдар (мисалы, Орозо жана Курман айттары) жөнүндө көптөгөн маалыматтар берилген.

Бардык диндерде адамдын кайтыш кылышы менен байланыштуу ырым-жырымдар бар. Бул ырым-жырымдарда кээ бир диндегилер атайын кийим кийишет.

Ислам publicinde аза ырым-жырымында кийиле турган атайын кийимдер жок. Бирок, мусулман болгон айрым элдер өздөрүнүн үрп-адаттарынан келип чыккан түрдө кийинишет. Ислам growинде көзгө көрүнгөн жакшы адаттардан бири, кайгы тарткан үйдүн кошуналары коромжуга жол койбогон түрдө заматта үй ээлерине тамак алып чыгышат. Бул улуттук-диний баалуулукка айланган адат.

Киши кайтыш кылгандан кийин анын үч амалынан башка бардык амалдары токтойт:
– анын атына дуба арнаган чынчыл перзент;
– садакаи жория (курдурган жолдору, тиккен дарактары жана башкалары);
– андан калган, адамдарга пайдасы тийген илими.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Ислам growинде аза үчүн үч күн белгиленген. Күйөөсү кайтыш кылган аялдын аза мөөнөтү Куран каримде төрт ай он күндү түзөт. Бул убакыттын ичинде аял жасанбайт, жыпар жыттуу нерселерден пайдаланбайт, коозданбойт, «иддасы» ичинде башкага турмушка чыкпайт жана буга аракет да жасабайт. Анын кийиминин түсү мааниге ээ эмес, жөнөкөй, кадимкидей кийинүү сунуш кылынат. Бирок жети, жыйырма, кырк, жыл ашы, кара кийинүү, айныкса, аялдардын үн салып ыйлашы, бир жылга чейин той өткөрбөстүк, шаттанбастык өңдүү «жаңылыктардын» исламдын шариатына тиешеси жок.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Берилген сүрөттөрдө кандай баалуулуктар чагылдырылган?
2. Сен бул баалуулуктардын кайсы биринде катышасың?
3. Бул баалуулуктарды сактоо, укумдан тукумга өткөрүү зарылбы? Зарыл болсо, анда бул багытта кандай иштерди жасоо керек?








## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Адамдын жашоосунда ырым-жырымдар кандай мааниге ээ?
2. Салт, адат жана ырым-жырымдар өз ара байланышканбы? Пикириңди негизде.
3. Эмне үчүн үй-бүлө институтун улуттук баалуулук иретинде тааныйбыз? Үй-бүлө баалуулук эсептелеби?
4. «Үй-бүлө – ыйык мекен» дегенде эмнени түшүндүң?
5. «Жалпы адамзаттык баалуулуктар» дегенде эмнени түшүнөсүң?

# 20-21-§ ЗАМАНБАП МААЛЫМАТ ТАРМАКТАРЫ ЖАНА ДИН ФАКТОРУ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Дин жана кинематография. Дин жана көркөм адабият.
2. Виртуалдык мессенжерлер жана алардан түрдүү экстремисттик агымдардын пайдаланышы.
3. Өзбекстанда маалымат чабуулдарынын алдын алуу боюнча аракеттер.

## ДИН ЖАНА КИНЕМАТОГРАФИЯ. ДИН ЖАНА КӨРКӨМ АДАБИЯТ

Маалымат – адам өзүнүн сезги органдары аркылуу кабыл алган бардык сигналдардын комплекси.







Эртең менен уйкудан тургандан түнкү уйкуга кеткенибизге чейин айланабыздагы бардык нерселер бизге өзү жөнүндө маалымат берип турат. Учурда маалыматтардын аябай көптүгүнөн эстутумубуз керексиз маалыматтар менен толуп баруудa.

Радио, телевидение, телефон, интернет өңдүү маалымат тармактары аркылуу берилген маалыматтар түрдүү көрүнүшкө ээ. Алардын ичинде текст, сүрөт, видео, түрдүү белгилер системасы жана башкалар бар. Кинематография учурда маалымат узатуунун эң интенсивдүү усулуна айланды. Ал маалымат берүү гана эмес, тарбиялоо, идеология, көз караш жана ишенимди калыптандыруу милдетин да аткарууда.

Өлкөбүздө эгемендүүлүк жылдарында жаш муунду жогорку инсандык сапаттар рухунда тарбиялоого багытталган көптөгөн фильмдер жаратылды. Алар, негизинен, окумуштуу ата-бабаларыбыздын өмүрү, илимий ишкердиги, агартуучулук мурасын элибизге жеткирүүгө, эл баатырларынын өзүнүн Мекенин,

элин, адамдык баалуулуктарын коргоодо жасаган эрдиктерин көрсөтүп берүүгө арналган. Бул кинофильмдерди көргөн көрөрмандар алардан эстетикалык эргүү, илимий-агартуучулук менен бирге изги иштерге дем жана күч-кайрат алышат. Бирок күрүч күрмөксүз болбогону сыяктуу, бардык кинофильмдер да ар дайым эле адамдарга илим таратуу, жакшы иштерге үндөө, жалпы адамзаттык баалуулуктарды үгүттөөгө кызмат кылып жатканы жок.

Тескерисинче, айрым «ишкерлер» акча иштөө максатында же белгилүү ниеттерин ишке ашырууну көздө туткан түрдө түрдүү кинематография про-

Жакшы иштердин дагы бир артыкчылыгы, ал жүрөктү тазартат жана аны мындан да изги иштерге үндөйт.

***Жан Жак Руссо***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

**Кадрларга кунт коюп байкоо жүргүз жана пикириңди билдир.**

1. Пикириңди «идеологиялык иммунитет», «улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулук», «кулк-мүнөз», «массалык маданият» өңдүү терминдердин негизинде түшүндүр.
2. Экинчи катардагы кадрлар адамдын психологиясына, айныкса, жаш балдардын психологиясына кандай таасир көрсөтөт, деп ойлойсуң?



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Төмөнкүлөргө кунт коюп кара жана аларга пикир билдир. Берилген жадыбалды толтур.

| | |
|---|---|
| Мультфильмдердин темасы: | |
| Алардагы адеп-ахлакка терс түшүнүк жана идеялар: | |
| Улуттук жана диний баалуулуктарга терс болгон идеологиялык кооптор: | |
| Коркунучтуу сахналар: | |
| Алардагы ырлар: | |
| Сен жактырган сахналар: | |
| Алардын негизги идеясы: | |
| Инилериңе кайсы мультфильмдерди көрүүнү сунуш кылган болор элең? | |
| Кайсы каармандар катышкан мультфильмдер жаратылышы керек, деп ойлойсуң? | |
| Мультфильмдердеги идеялар эмнеге кызмат кылууга тийиш? | |








дукциялары аркылуу элибиздин менталитетине мүнөздүү болбогон идеяларды таратууга урунууда.

Учурда кино ааламы жана алардын адамдардын аң-сезимине көрсөтүп жаткан таасири күндөн күнгө күчөп отурат. Кинонун адамдарга оң таасири көп. Бирок «көшөгөнүн артында» алар менен байланыштуу бир топ терс жактары да бар. Анткени көрөрман кинону көргөнү менен, анын жалпы мазмунун түшүнгөндөн тышкары, ал жашырын мааниге да ээ экендигин биле бербейт.

Ааларда баяндалган окуя жана кубулуштар көрөрмандын аң-сезимине реалдуу турмушта жүрүп жаткан кубулуштар сыяктуу кирип келет. Кинодо окуялардын баяндалышы көрөрмандын оюнда идеалдуу көрсөтүлүп жаткандай сезилип, ал кинодогу сюжеттерге ишенгенин байкабай да калат. Эгерде фильм 3D форматта болсо, көрөрмандын өзү да фильмдин катышуучусуна айланат. Техниканын өнүгүшүнөн жаман максаттарда пайдалана турган адамдар да бар. Алар көз караштары толук калыптанып үлгүрбөгөн жаш балдардын аң-сезимин уулоого аракеттенишет. Мисалы, кээ бир мультфильмдердин негизги мазмуну жаман ниеттүү, эгоист адамдын туура жолго кайтышы, кантип боорукер адамга айла-





Ар кандай нерсеге ар тараптан көз сал – пайдасын да, зыянын да көрө бил.

Башкалардын пикирин ойлоп отургандан көрө, өзүңдүн үстүңдө кобүрөөк иште.

***Лев Толстой***



Адамдардын арасында ушундай адамдар да болуп, алардын көр дүйнө жөнүндө айткандары Сага кызыктуу көрүнөт. Дилиндеги «ыйманына» Аллахты күбө кылат, бирок өзү (Исламга карата) душмандардын да душманы. (Алдыңдан) кеткенде кутум, эгин жана тукумду жок кылуу иштери менен алектенет. Аллах болсо кутумду (бузгунчулукту) жактырбайт.

***Куран карим, Бакара сүрөсү, 204-205-аят***

нышы жөнүндө болгону менен, анын негизинде баланы бузгунчулук, уятсыздык, мыкаачылык кылууга оңой эле ооп кетүүгө үндөөчү бир нече жактары да бар экендиги байкалат. Дагы ушундай да фильмдер болуп, аларды көргөн жаш балдарда суицидге (өзүн өзү өлтүрүүгө) кызыгуу күчөйт. Кыялкеч болуп калат.

Өткөн кылымдын акырында жаштар арасында каратэ, кунг-фу өңдүү мушташ өнөрүн үгүттөөчү фильмдерди кызыгып көрүү адат болду. Мындай фильмдерде мушташ өнөрүн кооздоп көрсөтүү сахналары болушу менен бирге, алар өзүндө ырайымсыздык, уятсыздык, диний жана улуттук үрп-адаттарга жат сахна көрүнүштөрүн да камыткан. Бул болсо, 1980–90-жылдардагы кылмыш менен байланыштуу окуяларда өзүн көрсөттү.

Түрдүү миссионердик уюмдар кинематография аркылуу өздөрүнүн идеяларын ар түрдүү көрүнүштөрдө үгүттөшү – ашкере, белги берүү, жашырын, психологиялык таасир өткөрүү жана башка жолдор менен ишке ашырышы мүмкүн.

Ар бир үй-бүлөдө кызыгуу менен көрүлө турган түрдүү батыш жана башка өлкөлөрдүн сериалдарында үй-бүлөнүн досу болгон дин кызматчысы бардык көйгөйлөрдү чече алган, үй-бүлө мүчөлөрүнүн сырларынан кабардар адам иретинде үгүттөлөт. Же инди кинолорунда кандайдыр динге сыйынуу ырым-жырымы (пил, маймыл, уй же башка) көрсөтүлөт жана алар куткаруучу иретинде түшүндүрүлөт.

Мунун натыйжасында балдар гана эмес, ошондой эле чоңдор да мына ошол фильмдердеги сыйынуу сахналарын кээде байкоосуздан тууравшат. Мисалы «Фарёд-1» өзбек фильминде ата кызын кайра алып кетиши үчүн куда жакка эки алаканын жуптап (инди фильмдериндеги сыяктуу) өтүнөт.

Бул өңдүү адаттар, негизинен, кинофильмдер аркылуу кирип келет. Өткөн эзүүчү түзүлүштүн ту-



(О инсан!) Өзүң (анык) билбеген нерсени ээрчибе! Анткени кулак, көз, дилдин ар бири боюнча (ар бир инсан) жоопкер болот (жооп берет).

***Куран карим, Исро сүрөсү, 36-аят***

шунда тартылган кээ бир өзбек фильмдеринде да улуттук баалуулуктарыбызды бурмалоо өңдүү сахналаштырылган окуялар («Жар-жар» фильминдеги той сахнасында «горько» деп кыйкыруу өңдүү учурлар) киргизилген.

Муну советтер тарабынан *улутту жок кылуу үчүн, анын тилин, үрп-адатын жок кылуунун өзү жетиштүү* идеясынын сиңдирилиши деп түшүнүү керек.

Мындай идеологиялык чабуулдар учурда тыштан көркөм фильмдер аркылуу кирип келе жатканын көрүшүбүз мүмкүн. Бул фильмдерге каражат сарптаган демөөрчүлөр алар аркылуу өздөрүнүн жаман ойлорун ишке ашырууну көздөшөт.

Талкала, бийлик кыл! Кандай арсыздык!
Бириктир, жол башта! Эң кооз байлык!

***Гёте***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү аңгемени оку. Азиз инилерин кантип ойнотушу мүмкүн?
2. Азиздин жасаган ишине баа бер.
3. Сен эмне кылган болор элең?

*Азиздин ата-энеси кечки тамакка чакырылгандыктары үчүн ага иниси менен карындашына көз салып турууну, өз маалында тамактандырууну, компьютер менен алектенип, инилерине этибарсыз болбостукту катуу табыштап кетишти. Азиздин карындашы 4 жашка толо элек. Иниси болсо 6 жашта. Балдар телевизордо берилип жаткан мультфильмдерди көрүп, «жомок-жомок» ойномокчу болушту. Азиздин карындашы байкесине «мен Аппакайым боломун, көзүмдү жуумп турамын, сен мени эринимден өөп тирилтесиң», десе, байкеси «жок мен макулукмун, сен Сахибжамал болосуң, мени эринимден өөп тирилтесиң», деп бири-бири менен чырдашып калышты... Алардын чырына байкоо жүргүзүп турган Азиз, заматта барып телевизорду өчүрдү. Аларга «эч кандай мультфильм жок», деп каардանды, бирок инилерин кантип ойнотууну билбей калды...*

## ВИРТУАЛДЫК МЕССЕНЖЕРЛЕР ЖАНА АЛАРДАН ТҮРДҮҮ ЭКСТРЕМИСТТИК АГЫМДАРДЫН ПАЙДАЛАНЫШЫ

Азыр идеялык карама-каршылыктар татаал түс алган, идеология полигондору ядро полигондорунан күчтүүрөөк болуп бара жаткан доор.

Жүздөн ашуун эл аралык каналдар телевизор жана глобалдуу тармак аркылуу идеологиялык чабуулдар коркунучун салып турган доордо жашоодобуз. Интернет виртуалдуу, бирок объективдүү кубулуш. Анын турмушубузга кирип келишине бөгөт салып болбойт. Ошондой эле, виртуалдык мессенжерлер аркылуу таратылган идеологиялык чабуулдарга эч кандай чек ара тоскоол боло албайт. Интернет аркылуу оң маалыматтар менен бирге адамдын кулк-мүнөзүнө терс таасирин тийгизүүчү маалыматтын бардыгы да анык.

Маалымат каражаттарынан жаман максатта пайдалануу, калктын аң-сезимине терс таасир тийгизүү аркылуу саясий жана экономикалык бийликке жетишүүгө урунууга маалыматтар согушу дейилет.

Маалыматтар согушу жеке адамдын же мамлекеттин тынчтыгына кооп салуу менен, ага басым жасоодо таасын көрүнөт. Маалыматтар согушу өзүндө социалдык, саясий, этникалык жана башка системалардын өз пайдасы жолунда бири-бирине ачык жана жашырын максаттуу таасирлерин да камтып алат.

Мисалы, жоокесептер өздөрүнүн жийиркеничтүү максаты жолунда интернеттен чебердик менен пайдаланат. Бузгунчу топтор тарабынан жасалып жаткан адамзатка каршы кылмыштар массалык маалымат каражаттары, айныкса, интернет аркылуу көп көрсөтүлөт.

Террористтер өздөрүнүн ишкердигин жогорку сапат жана професионалдык чебердик менен тартылган видеофильмдер аркылуу көрсөтөт. Алар бул ишке тажрыйбалуу, дасыккан адистерди жалдашат.

Көз арамга караганда абийирди, жүрөктү кайгы-капа, бузук ойлор, начардык жана түркөйлүк каптайт. Кумарлануу күчтөрү аракетге келгенде болсо, адам өзү билбеген жана сезбеген түрдө кырсыкка, түркөйлүккө кабылат жана бузук ой-пикирлердин иримине түшүп клат.

***Мухаммад Нуруллох Сайдо Жазарий***

Жоокесептер тарабынан тартылган видеоүзүндү мурдагысынан айырмаланат. Үзүндүлөр эл аралык коомчулукка кандай таасир тийгизгенин көрүп, андан кийин иштерин улантышат.

Ошондуктан глобалдуу тармактан туура пайдаланганды үйрөнүү керек. Ал үчүн маалымат алуу жана берүү, ошондой эле интернеттен пайдалануу маданиятына баш ийүү зарыл. Ошондо гана глобалдуу тармакка тартылган «жөргөмүштүн желесине» түшүп калбайсың.



**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

«Маалыматтар согушу» терминин алгач физик окумуштуу Томас Рои колдонгон. Ал 1976-жылы бул маселеге бардык жооптуу адамдардын көңүлүн бурган.



## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

Турмуштук окуя менен тааныш. Интернетке баш-оту менен кирүү жана андан туура эмсе пайдалануу кандай натыйжага алып келиши мүмкүндүгүн талкуулага алгыла.

*«Мен Москва шаарына иштөө максатында барган элем. Бош убактыларымда интернет сайттарга кирүүгө адаттандым... Акырындап социалдык тармакта түзүлгөн түрдүү топторго мүчө боло баштадым. Алар аркылуу бир нече жаңы дос таптым. «Досторум» мени өздөрүнчө диндин түрдүү эрежелери менен тааныштыра башташты.*

*Кийинчерээк болсо Москва шаарында бир нече жаңы «бурадарлар» менен тааныштым... Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн ишке салып, Пакистан, Ооганстандагы жоокесептер лагерлеринде болгон маектерди жана Сириядагы чыр-чатактар тартылган видеоүзүндүлөрдү көрдүм. Мен негедир алардын иштерине өтө кызыгуу менен карап жаттым.*

*Москвадан үйгө кайтканымда үй-бүлөмө жана досторума да таанышыруу, үйрөтүү максатында өзүм менен кошо флешкага жазылган докладдар, интернеттен алынган видеоүзүндүлөрдү да ала келдим. Тилекке каршы, мен чет өлкөдө жүрүп, интернеттен чогулткандарым закым, бузгунчу маалыматтар экендигин, «бурадарлар» мага уктурган нерселер чыныгы ислам дининен алыс, жалган сөздөр экендигин кеч түшүндүм».*

***«Интернеттеги кооптордон коргоо» китебинен алынды.***

## ӨЗБЕКСТАНДА МААЛЫМАТ ЧАБУУЛДАРЫНЫН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА АРАКЕТТЕР

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 2014-жылы 20-январдагы «Диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу жаатындагы ишкердикти жүргүзүү тартибин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» 10-сандуу токтому менен «Өзбекстан Республикасынын аймагында диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу ишин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндөгү» жана «Диний мазмундагы материалдарды мамлекеттик дин таануу экспертизасынан өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү» уставдар тастыкталды.

Убактыңды текке сарптаба, анткени, ар бир текке кеткен нерсенин жообу болот.

***Накыл сөз***

Бул уставдар Өзбекстан Республикасынын аймагында диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу боюнча иш жүргүзүүнүн тартибин, диний мазмундагы материалдарды мамлекеттик дин таануу экспертизасынан өткөрүүнүн тартибин, ошондой эле, Өзбекстан Республикасынын аймагында даярдоо, алып кирүү жана таратууга арналган диний мазмундагы материалдардын мамлекеттик дин таануу экспертизасын ишке ашырууда катышуучу жактардын укук жана милдеттерин белгилейт.

Өзбекстан Республикасынын аймагында диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу боюнча ишкердик жана мындай материалдардын мамлекеттик дин таануу экспертизасы Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары, Олий Мажлиси палаталарынын токтомдору, Президенттин мыйзамдык документтери, Министрлер Кабинетинин токтомдору жана ушул Уставдары боюнча ишке ашырылат.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Заманбап жоокесептик фильмдердин өткөн жылдарда коллеж окуучуларынын ортосунда болгон тартипсиздик жана кылмыштар менен кандай байланышы болушу мүмкүн?
2. Мындай фильмдин сюжеттери окуучу жаштардын тарбиясына кандай таасир көрсөтүшү мүмкүн?
3. Өзбек фильм сахналарынын биринде бири-бири менен мушташуу максатында чогулган жаштар: «Март бол, эркек бол, доско дос бол...» деген ырды ырдашат. Ошол ырдагы дос болуу, эркек болуу түшүнүктөрүн «*Араңарда эң күчтүүңөр ким экендигиңерди айтайынбы? Ал каары келгенде, өзүн кармай алганыңар*», деген хадис жана Куран каримдин *«Изгилик жана такыба (жолун)да шериктеш болгула, күнөө жана душмандык жолунда шериктеш болбогула!»* *(Моида сүрөсү, 2-аяты)* деген көрсөтмөсү менен байланыштыр.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Маалымат дегенде эмнени түшүндүң? Маалыматтын кандай терс жана оң жактары бар?
2. Адамдын аң-сезими үчүн күрөштө маалыматтардын орду эмнеде?
3. Кандай ойлойсуң, адам маалыматты керектөө маданиятына ээ болууга тийишпи?
4. Кинофильмдердин адамдын жашоосуна таасири кандай?

5. Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 2014-жылы 20-январдагы «Диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу жаатындагы ишкердикти жүргүзүү тартибин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» 10-сандуу токтому менен «Өзбекстан Республикасынын аймагында диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу ишин жүргүзүү тартиби жөнүндөгү» жана «Диний мазмундагы материалдарды мамлекеттик дин таануу экспертизасынан өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү» уставдар кандай аракеттерди жөнгө салат? Уставдардын текстерин таап оку жана мазмунун түшүндүрүп бер.

# 22-23-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА ДҮЙНӨНҮН КОНФЕССИЯЛЫК КӨРҮНҮШҮ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Конфессия түшүнүгүнүн маани-мазмуну.
2. Дүйнөдөгү конфессиялык өзгөрүштөрдүн себептери.
3. Дүйнөнүн учурдагы конфессиялык көрүнүшү.
4. Өзбекстан Республикасындагы конфессиялар аралык мамилелер.
5. Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

***«Конфессия»*** сөзүнүн маанисинен келип чыккан түрдө, адистер учурда дүйнөдө болжол менен 1000 ден ашуун диний конфессиялар бар, деп эсептешет.

## КОНФЕССИЯ ТҮШҮНҮГҮНҮН МААНИ-МАЗМУНУ

Диний конфессия – белгилүү диний окуунун рамкасында калыптанган жана өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ ишеним жана ошол ишенимге сыйынуучулардын жамааты. Конфессия жалпы термин болуп, христиандык, буддизм өңдүү чоң диндер да, алардын негизинде пайда болгон православдык, католицизм, ламаизм, дзен-буддизм өңдүү багыттар да ошол наам менен атала берет.

Ислам growth динанде мындай абал байкалбайт. Анткени эч бир өлкөдө ханафий агымы өз алдынча, башкалары өз алдынча конфессия иретинде катталбайт. Мисалы, Өзбекстанда да бир нече шиа жамааты болушуна карабай, алар өздөрүн өз алдынча диний конфессия деп эсепебейт.

Глобалдашуу дүйнөнүн башын бириктирүү менен бирге, анын натыйжасы иретинде өз алдынча алынган улут жана коом деңгээлинде өзүн-өзү түшүнүп жетүүгө умтулуунун терендешине да өбөлгө түзүүдө.

Бул жараяндар, өз кезегинде, адам психологиясынын ажырагыс бөлүгү болгон диндин маанисин, анын адам менен коомдун турмушундагы ордун түшүнүүгө болгон кызыгууну күчөтүүдө.



## ДҮЙНӨДӨГҮ КОНФЕССИЯЛЫК ӨЗГӨРҮШТӨРДҮН СЕБЕПТЕРИ

Дүйнөнүн диний көрүнүшү таш каткан, өзгөрбөс кубулуш эмес. Бул көрүнүштүн жылдан жылга өзгөрүп отурганын, диндер өздөрүнүн салттык көрүнүштөрү рамкасынан чыгып бара жаткандыгын да өз алдынча белгилей кетүү зарыл.



*Лондондо ибадат ырым-жырымы*

Учурда диндердин рамкасында жаңы багыт жана секталадын пайда болушу улантылууда. Мисалы, адистердин маалыматтары боюнча, XX кылымдын экинчи жарымында христиандык, буддизм, ислам жана башка диндердин рамкасында жүздөгөн секталар түзүлгөн. Бул деген келечекте да ушул жараян улантыла беришин көрсөтөт.

Учурдагы реалдуулук экстремисттик мүнөздөгү секталардын адамдын аң-сезими жана жүрөгү үчүн күрөшүнүн күчөп бара жатканын көрсөтүүдө. Алар





Ал акын эмес, пайгамбар. Андагы Куран – адам тарабынан эрмек же жалпыга кеңири маалымат берүү үчүн жазылган китеп эмес, ал Кудайдан түшкөн мыйзам саналат.

***Иоганн Вольфганг фон Гёте. Батыш авторунун Чыгыш жөнүндөгү жыйнагы.***



*Англиядагы жоме мечити*



*Германиядагы жоме мечити*

калктын диний билими төмөндүгүнөн пайдаланып, акыреттин жакындыгы менен коркутуу жана, негизинен, жаштар жана материалдык абалы начарлардын ортосунда иш жүргүзүү менен өз жактоочуларын көбөйтүүгө аракеттенет. Мындай секталарды негиздеген «олуялар» жактоочуларын алдоо менен мал-дүнүйөсүн тартып алууга урунат.

Жашырын иштөөнүн, сектанын ичиндеги окуялар көпчүлүккө маалым болбостугу катуу көзөмөлдөнүшү натыйжасында алар жасаган иштерден коомчулук кабарсыз калууда.

Угандадагы «Акырет күнү» сектасы жетекчилерини иши буга мисал болот. Акыретти 1999-жылы 31-декабрга белгилеген жетекчилер жактоочуларын мүлктөрүн сатууга, түшкөн каражатты аларга берүүгө жана ошол жол менен күнөөлөрүнөн кутулууга чакырган. Кыяматтын 2001-жылы

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Казакстанда мусулман (2517 диний уюм) жана православие (323) диний жамааттары жетекчи орундарды ээлеген. Алар өлкөдөгү сыйынган калк катмарынын 95 % ын түзөт.

Түркмөнстанда 99 диний уюм ислам дининин суннийлик багытына, 5 өөсү шиа агымына, 13 өөсү орус православие чиркөөсүнө (3 өөсү Ашгабад шаарында жайлашкан) жана 11 и башка дин өкүлдөрүнө (Католик чиркөөсү – 1, Кришнаны билүү жамааты – 1, Бахоийлер – 1, Баптисттер – 1, Пятидесятниктер – 1, Великая благодать – 1, Жетинчи күн адвентисттери – 1 жана жаңы апостол жамааты – 1) таандык. Тажикстанда болжол менен 3000 ден ашуун мечит бар. Ошондой эле, Орус православие, Евангелие христиан-баптисттери, Рим-католик, Жетинчи күн адвентисттери, Евангелие лютеран, Легово шеиттеринин чиркөөлөрү, Бахоий, зороастризм, иудаизм диний жамааттары өңдүү диний уюмдар каттоодон өткөн.

1-январга «көчүрүлүшү» жетекчилерге карата шек ойгонушуна алып келген. Ошондой кийин жетекчилер Канунгу кыштагында 500 дөн ашуун жактоочуларды алдап имаратка камап, өрттөп салышкан. Маалыматтар боюнча, дагы төрт жерде массалык мүрзөлөр табылган. Бул сектанын курмандары 1000 ден ашуун болгону катталган.

Мындай секталар адамдардын дене жана психика жагынан алсыздыгынан, депрессиядан чыгууга умтулушунан өздөрүнүн жаман максаттары үчүн пайдаланат. Натыйжада адепттер – секталарга мүчө болгондорду өздөрүнүн пайдасына иштетишет.

Азыр диний окуулар, алардагы белгилүү эрежелерди доордун тадабына ылайыкташтыруу – модернизациялоо жараянын байкоого болот. Мисалы, Рим Папасы Орто кылымдарда чиркөө тарабынан ишке ашырылган инквизиция жана кресттүүлөр жортуулунун ката болгонун таанып, расмий түрдө кечирим да сурады. 1992-жылы Папа Иоанн Павел II өз учурунда Галилео Галилейдин туура экендигин таанып, жалпы адамзаттан кечирим сураганы да буга мисал боло алат.



*Иерусалимдеги Куббат ус-Сахра мечити, христиан чиркөөсү жана иудаизм синагогасы*



*Франциядагы жоме мечити*



*Россиядагы жоме мечити*

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматтары боюнча, исламдын жылдык өсүү темпи 6,4 пайызды түзүп, 1989-жылдан 2011-жылга чейин мусулман калкынын саны Түндүк Америкада – 25, Африкада – 2,15, Азияда – 12,57, Европада – 142,35, Австралия жана Океанияда – 257,01 пайызга көбөйгөн. Латин Америкасында гана исламга сыйынуучулардын үлүшү 4,73 пайызга азайган.

Ошондой эле, диндердин таралуу аймагында олуттуу өзгөрүштөр жүрүп жатканын белгилей кетүү зарыл. Өткөн кылымда, негизинен, христиандар жашап келген Европада учурда 20-25 млн айланасында мусулмандар жашайт. Алсак, Улуу Британияда – 3 млн, Германияда – 5 млн, Францияда – 6–7 млн исламга сыйынган жарандар жашап жатат.

Калкы салттык түрдө буддизм жана исламга сыйынып келген өлкөлөрдө христиандыкты жайылтуу байкалууда. БУУнун маалыматтары боюнча христиандыктын өсүү көрсөткүчү жылына 1,46 пайызды түзөт.

Диний конфессиялар көрүнүшүнүн ар түрдүүлүгүн Өзбекстанда расмий түрдө каттоодон өтүп, иш жүргүзүп жаткан диний конфессиялардын мисалында да көрүүгө болот. Христиандыкка таандык болсо да, өлкөбүздөгү 11 багыттын ар бири өзүн өз алдынча диний конфессия, деп эсептеши пикирибиздин айкын адилил боло алат.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

| № | Конфессия | Сыйынуучулардын саны | Жер жүзү жалпы калкына салыштырмалуу пайыз көрсөткүчү |
|---|---|---|---|
| 1 | Христиандык | 2 292 454 000 | 33,2 % |
| | Католиктер | 1,214 000 000 | |
| | Протестанттар | 800,640,000 | |
| | Православиелер | 260,380,000 | |
| | Англикандар | 85 000 000 | |
| | Башка багыттар | 28,430,000 | |
| 2 | Ислам | 1 549 444 000 | 22,4 % |
| 3 | Индуизм | 948 507 000 | 13,7 % |
| 4 | Салттык Кытай диндери | 458 316 000 | 6,6 % |
| 5 | Буддизм | 468 736 000 | 6,8 % |
| 6 | Сикхизм | 24 591 000 | 0,4 % |
| 7 | Иудаизм | 14 641 000 | 0,2 % |
| 8 | Бахоийлик | 7 447 000 | 0,1 % |

## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНФЕССИЯЛАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Өзбекстан Республикасында 2017-жылдын декабрь айы абалы боюнча 16 конфессия иш жүргүзүүдө.

Алар төмөнкүлөр:

– Ислам (Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы);
– Православие (Ташкент жана Борбордук Азия епархиясы);
– Католицизм (Рим-католик чиркөөсү);
– Лютерандык (Немис-лютеран чиркөөсү);
– Армян-апостол чиркөөсү;
– Пятидесятниктер (Толук инжил христиандары);
– Баптисттер (Евангелие-христиан баптисттер чиркөөсү);
– Новоапостол чиркөөсү;
– Жетинчи күн адвентисттери;
– «Голос божий»; Легово шеиттери;
– Корейс протестант чиркөөлөрү;
– Иудаизм;
– Бахоийлик;
– Кришнаны билүү коому;
– Буддизм.

«Өзбекстан Библия китеби коому» болсо диний уюм эсептелип, башка конфессиялардан өз алдынча иш жүргүзсө да, диний конфессия статусуна ээ эмес.



*Москва жана Бүткүл Орусиянын Патриархы Кирилл менен маек*



*Максатыбыз – тынчтык, шериктештик жана өнүгүү.*

Эгемендүүлүк жылдарында жүздөгөн чиркөө, синагога жана ибадат үйлөрү, алсак, Ташкент, Самарканд, Навоийдеги православие ибадатканалары Ташкент шаарындагы католик костёлу, Самарканддагы Армян-апостол чиркөөсү, Ташкенттеги Будда ибадатканасы калыбына келтирилди.

Азирети Имам, Имам Бухарий, Бахоуддин Накшбанд, Хаким Термезий, Имам Мотуридий, Шохи Зинда, Касым Шайык, Заңги ата өңдүү байыркы эстелик комплекстери көрктөндүрүлдү жана жаңылары курулду.

Куран карим, хадистер жыйнагы, Библиянын курамындагы жаңы Ант жана Байыркы Анттын кээ бир бөлүктөрү, мисалы, «Сулаймандын накыл сөздөрү», «Рут, Эстер жана Юнус пайгамбарлар тарыхы» өзбек тилине которулуп, басылды.

Өзбекстан көзү азиздер үчүн атайын Брайль жазуусунда Куран каримди баскан үчүнчү мамлекет эсептелет.

## ӨЗБЕКСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН БАШКАРМАСЫ

Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы (ӨМБ) 1995-жылы декабрь айында түзүлгөн. Учурда ӨМБнын курамына республикада расмий каттоодон өткөн түрдө иштеп жаткан эки миңден ашуун мечит, тогуз медресе – орто атайын ислам окуу жайы, Ташкент ислам институту, Мир



### ТАРЫХКА НАЗАР

1920-жылдардын акырында советтердин атеизмге негизделген диний саясаты кескин түс алды. 1929-жылы апрель айында РСФСР Эл Комиссарлары кеңешинин «Диний уюмдар жөнүндөгү» токтому кабыл алынган. Ал боюнча, диний уюмдарга чогулуш өткөрүү, ыйык зыяраттарды уюштуруу, кайрымдуулук менен алектенүү, китепканалар ачуу өңдүү иштерге тыюу салынган. Коммунисттик (б) партия Борбордук Кеңешинин 1929-жылы 29-июнда өткөрүлгөн XI пленумунда кабыл алынган «Мусулман динчилдери жана мектеби жөнүндөгү» токтомунда «Ислам башка диндер өңдүү социалистик маданият жана пролетариат идеяларынын өнүгүшү жана бекемделиши, жалпысынан алганда, социализмдин курулушу жолунда чоң тоскоол», деп белгиленген.

Араб жогорку медресеси, Хадис илиминин жогорку мектеби, Акоид, Калом, Хадис, Фикх, Суфизм илминин мектептери, ««Вакф» кайрымдуулук фонду жана «Маверауннахр» басма үйү кирет.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2018-жылы 16-апрелдеги «Диний-агартуучулук тармагынын ишин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» Указы менен ӨМБ Өзбекстан эл аралык ислам академиясынын түзүүчүлөрүнөн бири иретинде белгиленди.

ӨМБнын төрагасы – муфтий Окумуштуулар кеңешинин чогулушунда ачык добуш берүү жолу менен беш жыл мөөнөткө шайланат.

ӨМБнын курамында эл аралык байланыштар, мечиттер, фатва, таалим жана кадр даярдоо, кыз-келиндер маселелери, укук таануу, китепкана, ошондой эле, диний продукцияларды экспертизалоо жана текшерүү тобу жана башкалар бар

Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы (ӨМБ) учурда өлкөбүздө туризмди өнүктүрүүгө өзүнүн салымын кошууда. Мамлекетибиздин 2017–2021-жылдар үчүн Аракеттер Стратегиясында туризм индустриясын тез өнүктүрүү, туризм инфраструктурасын кеңитүү, экономикада анын үлүшүн жогорулатуу өңдүү маселелер баса белгиленген. Өлкөбүздө 7300 дөн ашуун маданий мурас объекттери болуп, алардын көпчүлүгү ЮНЕСКОНУН тизмесине киргизилген. ӨМБ Самарканд, Бухара, Ташкент шаарларындагы ыйык зыярат жерлери



*Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы*



**ТАРЫХКА НАЗАР**

1943-жылы 20-октябрда Ташкент шаарында Орто Азия жана Казакстан окумуштууларынын 1-курултайы болуп өттү. Анда Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармасын түзүү жөнүндө токтом кабыл алынды. Диний башкармага жетекчи жана муфтий кылып Эшон Бабахан шайланган. Диний башкарманын курамына чөлкөмдөгү беш республика — Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Казакстанда казылар жетекчилик кылган диний башкарманын өкүлдөрү киргизилген.



Чөлкөмүбүздүн элдерин миң жылдык боордоштук жана жакшы кошуначылык карым-катыштар байланыштырып турат. Бизди тарых, дин, жалпы маданият жана салттар бириктирет.

***Шавкат Мирзиёев***

жана эстеликтерге зыярат жасоодон турган программаларды иштеп чыкты. Мындан тышкары ремонтко муктаж Ташкент шаарындагы Сузук ата, Харезмдеги Дошкинжон баба, Кашкадарыядагы Абулмуин Насафий, Сурхандарыядагы Абу Исо Термезий, Бухарадагы жети пир жана башка зыярат жерлери ремонттолуп, калктын руханий азык алчу борборлоруна айланууда. Ошондой эле, ӨМБ өзүндө ысымдары ошол зыярат жерлери менен байланышкан улуу ата-бабалырыбыз калтырган илимий-руханий мурастарды, үлгүлүү өмүр баяндарды камтыган китептерди да басууда.

## ЭШОН БАБАХАН ИБН АБДУЛМАЖИДХАН

Эшон Бабахан баштап үйдө атасынан, андан кийин Бухарадагы Мир Араб медресесинде белгилүү устаттардан сабак алды. Тырышчаактыгы, зээндүүлүгү себептүү тафсир (түшүндүрмө), хадис, акоид, фикхтин билимдүүсү болуп жетишти. Бир нече жылдар Мойи Мубарак жомесинде имам-хатиблик жана медреседе мударристик (мугалимдик) кылды.

1943-жылы Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний көзөмөлү төрагасы, муфтий кылып шайланды. Ошол жылдары мусулмандар өкүлдөрүнүн ажы сапарына барышына жол ачылды. Мир Араб медресеси кайрадан иш баштады. Мечиттер жөнүндө Устав иштеп чыгылды, диний башкарманын китепканасына негиз салынды, эл аралык байланыштар кеңиди. Эшон Бабахан 1957-жылы кайтыш кылды жана Ысмайыл Каффол Шошийдин мүрзөсүнө жакын жерге коюлду.



*Эшон Бабахан ибн Абдулмажидхан (1856-1957)*

## ЗИЁВУДДИНХАН ИБН ЭШОН БАБАХАН

Зиёвуддинхан ибн Эшон Бабахан 1908-жылы Ташкент шаарында туулган. Өз доорунун көрүнүктүү окумуштууларынан сабак алды. Он эки жашын-

да Куран каримди толук жаттап, хафиз ул-Куран болду. Ташкенттеги Көкөлдөш медресесинде, Каирдеги Азхар университетинде, андан кийин Мекке, Медина шаарларында окуду. 1957-жылы Орто Азия жана Казакстан мусулмандары башкармасынын төрагалыгына шайланды жана өмүрүнүн аягына (1982-ж.) чейин ошол кызматта үзүрлүү эмгектенди.



*Зиёвуддинхан ибн Эшон Бабахан (1908-1982)*

## ШАМСИДДИНХАН БАБАХАНОВ

Ташкент чет тилдер институтунун англис тили факультетин бүткөн. Каирдеги Азхар университетинде окуду. 1982–1989-жылдарда Орто Азия жана Казакстан мусулмандары диний башкармасынын төрагасы, муфтий болуп эмгектенди. Ордун Королдук академиясынын чыныгы мүчөсү, Эл аралык ибн Сина сыйлыгынын лауреаты. 2003-жылы кайтыш кылган.



*Шамсиддинхан Бабаханов (1937-2003)*

## ШАЙЫК МУХАММАД САДЫК МУХАММАД ЮСУФ

Шайык Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф 1989–1992 жылдарда Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармасына жетекчилик кылган. Бүткүл өмүрүн коомдун диний-агартуучулук ишине кызмат кылууга арнаган. Анын сиңирген кызматтары эл аралык ислам ааламында таанылган. Шайык Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф бир топ эл аралык ислам уюмдары, алсак:

— Мекке шаарындагы Ислам ааламы уюмунун түзүүчү чогулушу;

— Дүйнө суфизм уюму;

— Дүйнө мусулман окумуштууларынын кеңеши;

— Исламабад шаарындагы Бүткүл дүйнө ислам уюму;



*Шайык Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф (1952-2015)*

— Дүйнө мечиттери уюму;

— Иорданиядагы Оли Байт уюмуна караштуу Исламдык фикхтер академиясынын мүчөсү саналган.

Окумуштуу өмүрү бою элдин руханиятын жана билимин байыткан жана диний сабаттуулукту өркүндөтүүгө кызмат кылган жүздөн ашуун китеп жазды.

Анын «Ҳадис ва ҳаёт» жыйнагы, Куран карим маанилеринин түшүндүрмөсү эсептелген «Тафсири ҳилол», «Олтин силсила», «Бахтиёр оила», «Руҳий тарбия», «Одоблар хазинаси», «Кифоя» жана башка китептери элибиздин руханий казнасы болуп саналат.



*Мухтаржон Абдуллах Бухарий (1928-2002)*

## МУХТАРЖОН АБДУЛЛАХ БУХАРИЙ

Мухтаржон Абдуллах Бухарий 1928-жылы Кокон шаарында туулган. Бухарадагы Мир Араб, Ташкенттеги Баракхан медреселеринде, Сириядагы Дамашк жомесинин шариат факультетинде билим алган. 1993–1997-жылдарда Маверауннахр мусулмандары башкармасынын төрагасы, муфтий болду. 2002-жылы кайтыш кылган.

## АБДУРАШИД КАРЫ АБДУМОМУН КАРЫ УУЛУ БАХРАМОВ



*Абдурашид кары (1953 -2011)*

Абдурашид кары 1953-жылы Андижан шаарында туулду. Баштапкы Куран илимин атасы Абдумомун карыдан үйрөнүп, 16 жашында Куран каримди толук жаттады. Ал Бухарадагы Мир Араб медресесинде жана Ташкент Ислам институтунда окуду. 1997–2006-жылдарда Өзбекстан мусулмандары башкармасынын төрагасы, муфтий кызматында эмгектенди. 1997–2006-жылдарда ӨМБ дин беткабын жамынган экстремизмге каршы активдүү иштеди.

Калк арасында диний-агартуучулук багытта түшүндүрүү жана үгүттөө иштери жүргүзүлдү. Рес-

публиканын мечиттеринде окулган жума кутбалалары тартипке салынды. Жуманын тезистери ӨМБнын фатва бөлүмү тарабынан даярдалып, мечиттерге таратылчу болду.

## УСАНХАН ТЕМУРХАН УУЛУ АЛИМОВ



*Усманхон Алимов*

Усманхон Алимов 1950-жылы 1-январда Самарканд облусунда туулган. Ал Бухарадагы Мир Араб медресесинде, Ташкент Ислам институтунда, Мароккодогу Каровиюн университетинде окуган. 2006-жылы 8-августта Өзбекстан мусулмандары башкармасынын төрагасы, муфтий кызматына шайланган.

Усманхон Алимовдун тушунда ислам дини жаатында көптөгөн иштер жасалганын көрүшүбүз мүмкүн. Мисалы, Хастимам комплекси жана башка зыярат жерлери ремонттолду. Өзбекстан ислам цивилизациясынын борбору, Өзбекстан эл аралык ислам академиясы, Мир Араб жогорку медресеси, Самаркандда Хадис илиминин жогорку мектеби, Акоид, Калом, Хадис, Фикх, Суфизм илминин мектептери түзүлдү. Усманхон Алимов «Тафсири Ирфон», «Сўраган эдингиз», «Суннат ва Ҳадис» жана башка ондогон чыгармалардын автору.

Көрөгөчтүк менен адам бийиктикке көтөрүлөт, билим менен улуулукка жетишет.

***Юсуф Хас Хажиб***

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Секталар максаттарын ишке ашырууда кандай жол тутат?
2. Секталардын иши коомдун өнүгүшү жана тынчтыкка кандай таасир тийгизиши мүмкүн?
3. Учурда дүйнө диний көрүнүшүнүн өзгөрүшүндө негизинен кандай факторлор роль ойноп жатат?
4. Өзбекстанда кандай конфессиялар иш жүргүзөт?
5. Өзбекстан мусулмандары башкармасынын иши жөнүндө маалымат чогулт.

# 24-§ XX–XXI КЫЛЫМДАРДА МИССИОНЕРЛИК ЖАНА ПРОЗЕЛИТИЗМ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. XX-XXI кылымдарда пайда болгон эл аралык миссионерлик уюмдары.
2. Миссионерлик геосаясий оюндардын куралы иретинде.
3. Миссионерлик жана прозелитизмдин улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдикке терс таасири.

**ТАРЫХКА НАЗАР**

1910-жылы Шотландияда Эдинбург миссионерлик конференциясы өткөрүлгөн.

## XX-XXI КЫЛЫМДАРДА ПАЙДА БОЛГОН ЭЛ АРАЛЫК МИССИОНЕРЛИК УЮМДАРЫ

XX кылымга келип миссионерлик ишинен саясий максаттарда пайдалануу үчүн эл аралык уюмдар түзүлө башталды.

Шотландияда болуп өткөн Эдинбург миссионерлик конференциясында дүйнө элдерин христиандаштыруу стратегиясы талкууланып, миссионерлер

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

1970-жылы 2200 чет өлкөлүк миссияда 240 000 профессионал миссионер иш жүргүзгөн болсо, 2000-жылы 4800 чет өлкөлүк миссияда 420 000 миссионер үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1970-жылы чет өлкөлүк миссиялардын ишине 3 млрд АКШ доллары сарпталган болсо, 2000-жылы бул көрсөткүч 12 млрд га жеткен. Жетекчи миссионерлик борборлору катарында «Миссиялар жана Бүткүл дүйнөлүк христиандык мектеби» (Бирмингем), «Генри Мартин борбору» (Кембридж, Улуу Британия), Григориан жана Урбаниан университеттери (Ватикан), «Чет өлкөлүк миссияларды үйрөнүү борборун» (Нью-Хейвен, АКШ) белгилөөгө болот.

даярдоо, Библияны түрдүү тилдерге которуу маселелеринде түрдүү уюмдардын шериктештиги келишип алынган. Бул конференция заманбап миссионерликтин калыптанышына түрткү болду.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин колониалдык система кулап, миссионерликтен эски колонияларда чиркөөлөрдүн аброюн сактап калуу максатында пайдаланылды. Алсак, 1969-жылы Африка материгинде 16 миң эркек жана 30 миң аял миссионер болгон.

Миссионерлер белгилүү аймакта өзүнүн ишин жолго коюуда маанилүү чөлкөмдөрдү белгилеп алышат. Алсак, учурда христиан миссионерлеринин этибары алар тарабынан «10–40-терезе» деп аталган аймакка багытталган. Бул аймак түндүк кеңдиктин 10 жана 40-параллелдеринин ортосундагы Атлантика океанынын жээктеринен Кичи жана Борбордук Азия, Аравия жарым аралы, Түштүк Азиянын Тынч океаны жээктерине чейин созулган.

Бул аймакта калкынын көпчүлүк бөлүгү ислам, буддизм, конфуцийлик жана индуизм диндерине сыйынган мамлекеттер жайлашкан. Мына ошол ай-

Чыккынчылык кылбасаң, күйөрман да табылат.

***Алишер Навоий***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

*10 жана 40-параллелдеринин ортосундагы Атлантика океанынын жээктеринен Кичи жана Борбордук Азия, Аравия жарым аралы, Түштүк Азиянын Тынч океаны жээктерине чейин созулган аймак «чыр-чатактардын зонасы» эсептелет.*

***Альфред Мехен, саясатчы.***

Учурда социалдык-саясий кескиндешүүлөрдүн, куралдуу чыр-чатактын көпчүлүгү «10-40-терезенин» ичиндеги өлкөлөрдө болуп жатат. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуң? Пикириңди негизде.

макта дүйнөдөгү эң ири газ, мунай, урандын кору, материктер аралык стратегиялык мааниге ээ транскоммуникация жолдору, булуң жана кысыктар жайлашкан.

1990-жылдарда мурдагы социалисттик лагердин талкаланып кетишине байланыштуу Чыгыш Европа жана мурдагы Советтер Союзунун аймагында пайда болгон эгемендүү мамлекеттерде Батыш өлкөлөрүндөгү түрдүү протестант жамааттарынын өтө активдешүүсү байкалды. Жергиликтүү калк үчүн салттык болбогон мындай диний жамааттын үгүттөөчүлөрү коом менен мамлекеттин алдында социалдык ынтымакты сактоо боюнча эч кандай жоопкерчиликти албаган жана сезбеген түрдө өзүнүн катарын кеңитүү менен гана алектенген. Мисалы, Россиянын өзүндө 2000-жылдардын аягында 4,5 миңден ашуун протестант чиркөөсү расмий каттоодон өткөн.

Бакытты бирөөнүн босогосунан издөөнүн өзү бактысыздыктын башаты.

***Абдулла Каххар***

Бүгүнкү күнгө келип, Украина протестант миссионерлик уюмдарынын КМШ мамлекеттери ичиндеги эң ири резиденциясына айланды. Бул өлкөнүн мыйзамдарында чет өлкөлүктөргө визасыз кирүү мүмкүнчүлүгү берилген. Ошондой эле, диний уюмдарга чет өлкөдөн айрым кайрымдуулук жардамдарын алып, таратууга да уруксат берилген. Диний үгүттөөгө чектөө коюлбагандыгы жаңы диний конфессиялар, айныкса, евангелист протестант жамааттарына кең мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди.

Салттык эмес диний жамааттардын конфессиялар аралык чыр чыгышы мүмкүндүгүн да эсепке албай өзүнүн катарын кеңитүүгө аракеттениши оор натыйжаларга алып келет. Бир улутка таандык, бир тилде сүйлөгөн, жалпы тарых жана мамлекеткее ээ жарандарды диний фактордун негизинде бөлүп салууга багытталган аракеттерди коом үчүн коркунуч иретинде баалоого болот.







*Африка материгинде миссионерлик*

Мисалы, Африка жана Азия чөлкөмүндөгү бир топ өлкөлөрдө миссионерлик жана прозелитизм жергиликтүү калктын диний курамындагы тең салмакты бузушу натыйжасында түрдүү диндердин өкүлдөрү ортосунда чыр чыгышына себеп болууда.

Алсак, Африканын түндүк-чыгыш бөлүгүндө жайлашкан Судан Республикасынын негизги мунай корлору жайлашкан түштүк аймактары өткөн кылым бою католик жана протестант миссионерлери тарабынан активдүү христиандаштырылган эле.

2011-жылы Африкадагы эң ири мамлекет саналган Судан Республикасы экиге – мусулмандар көпчүлүктү түзгөн Судан жана калкынын негизги бөлүгү христиандардан турган Түштүк Судан Республикасына бөлүнүп кетти. Индонезиянын христиандаштырылган түндүк аймактары – Суматра, Сулавеси жана Молукконун аймактарында тынымсыз түрдө мусулмандар менен христиан прозелиттери-

Адам өзү-өзүнө баш ийүүнү жана өзүнүн токтомдорун аткарууну үйрөнүүгө тийиш.

***Цицерон***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Цицерон «Адам өзү-өзүнө баш ийүүнү үйрөнүүгө» дегенде эмнени түшүндүң? «Өзүнүн токтомдорун аткарууну үйрөнүүгө» дегендечи? Пикириңди «Пикирге каршы пикир, идеяга каршы идея, түркөйлүккө каршы агартуучулук» принциби менен байланыштырып түшүндүр.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Алган билимдериңдин негизинде төмөнкү сүрөттөрдү түшүндүр.













нин ортосунда диний чыр-чатактардын негизинде кагылышуулар, киши өлтүрүүлөр, террорчулук аракеттери болуп турат.

2017-жылы мусулман калкынын саны боюнча биринчи орунда турган Индонезияда 27 324 христиан миссионерлери иш жүргүзгөн. Кээ бир жаңы пайда болгон диний жамааттарда ээрчигендердин аң-сезимин көзөмөлгө алуу, кордоо жана, алтургай, өзүн-өзү өлтүрүүгө мажбурлоо учурлары да байкалууда.

Борбордук Азия чөлкөмү үчүн салттык эмес болгон жаңы диний жамааттардын катары негизинен ислам динине сыйынган жергиликтүү калктын жана мурда православие双 дининде болгон христиандардын эсебинен кеңип жатат. Дүйнөдөгү бардык мамлекеттерде миссионерликке мыйзам менен тыюу салынбаган болуп, аларда миссионерлер жаңы диний жамааттардын идеяларын ашкере үгүттөө мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Үгүттөө иштери атайын теле- жана радиопрограммалар, интернет тармагы, жарыя жана жарнактар аркылуу жүргүзүлүүдө.

Өзбекстанда (2017-ж.) кээ бир диний конфессиялардын өкүлдөрү, ошонун катарында, расмий болбогон жамааттын мүчөлөрү тарабынан диний адабияттарды республиканын аймагына алып кирүү жана аларды таратуу, калктын арасында өздөрүнүн диний экспертизадан өткөрүлбөгөн буклет, журнал, электрондук дисктерди таратуу өңдүү укук бузууларга жол коюлууда.

Динин (ишенимин) өзгөртүрүп жактан адамдардын (прозелиттердин) көпчүлүгү ошол диндин эрежелерин терең түшүнгөн түрдө кабыл албастан, жалаң гана миссионер тарабынан колдонулган таасирдин астында ишенимин өзгөртүшүп жатышат. Миссионерлер өздөрүнүн ишин төмөнкү усулдар аркылуу жүргүзүшөт:

Биздин напсибиз аябай күчтүү, аны ичкериден да, тыштан да катуу эрежелерге салган учурда гана тыюуга болот.

***Махатма Ганди***

– жаштарга англис, корейс тилин, компьютерде иштегенди үйрөтүү шылтоосунда окуу курстарын ачуу жана ошол жерде өзүнүн динине үгүттөө;

– чет өлкөгө окууга, жумушка же чет өлкөнүн жараны менен бүлө курууга жөнөтүү шылтоосунан пайдалануу;

– балдар менен өспүрүмдөрдү жай мезгилинде тоолуу аймактардагы эс алуу лагерлерине тартуу жана ошол жерде таасир өткөрүү;

– кайрымдуулук жардамын көрсөтүү (акча, дары-дармек, кийим-кече, азык-түлүк продуктуларын таратуу), үйдү ремонттоодо жардамдашуу учурунда миссионерлик аракеттерин ишке ашыруу;

– акысыз медициналык жардам көрсөтүү шылтоосунда оорулууга таасир өткөрүү;

– акысыз тамак таратуу;

– социалдык коргоого муктаж үй-бүлөлөргө эчки, уй сатып берүү, майрам күндөрү маалаларда жаш балдарга белек таратуу, «Мурувват» жана «Саховат» үйлөрүндө майрамдык дасторкондорду уюштуруу жана у. с.

Харезм облусу менен Каракалпакстан Республикасынын оор экологиялык абалга дуушар бол-

> Эгерде окусаң, бирок ойлобосоң — чаташып каласың. Эгерде ойлосоң, бирок окубасаң — шек-күмөндүн астында калып кетесиң.
>
> ***Конфуций***

## ТАРЫХКА НАЗАР

Миссионерлердин ишкердиги себептүү XX кылымдын 70-жылдарында АКШнын Сан-Франциско шаарында Жим-Жонс ысымдуу адам тарабынан негиз салынган «Эл ибадатканасы» аттуу уюмдун иши натыйжасында 912 адам, АКШнын Техас шататында Девид Кореш тарабынан калыптандырылган «Давиддин урпагы» аттуу сектанын иши натыйжасында 100 гө жакын, Кытайдагы «Фалаунгун» сектасынын окуусуна ээрчигендердин 14 000 ден ашууну, АКШда пайда болгон «Асман дарбазасы» сектасы мүчөлөрүнөн 60 тан ашууну, Угандада куралган «Кудайдын он буйругун кайра калыбына келтирүү кыймылы» сектасы мүчөлөрүнүн 1000 дөн ашууну өздөрүнүн жандарын кыйган.

гон аймактарында «ичилүүчү сууну жакшыртуу», «бала жана энелердин ден соолугун чыңдоо» өңдүү көрүнүшүнөн изги максаттарга багытталган программалардын рамкасында калктын ичинде миссионерлик ишин жүргүзүүгө каратылган аракеттер да катталган.

Өлкөбүздө миссионерлик аракеттери, башкача айтканда бир диний конфессиядагы динчилдерди башкасына өткөрүүгө багытталган кыймыл-аракеттер (прозелитизм), ошондой эле башка ушуга окшош ар кандай ишкердикке тыюу салынышы мыйзам документтеринде белгиленген болуп, мындай иш менен алектенген адамды жоопкердикке тартуу үчүн негиз болот.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Биринчи эл аралык миссионерлик уюму качан жана каерде түзүлгөн?
2. Учурда кайсы динге сыйынгандар миссионерлик ишкердигинде жетекчилик кылууда?
3. Учурда христиан миссионерлеринин этибары кайсы аймакка багытталган?
4. Сенин оюнча, миссионерлик ишкердиги кандай зыяндуу натыйжаларга алып келет?
5. 116-беттеги сүрөттөргө кунт коюп кара жана миссионерлер ишинин адамдын турмушуна таасири жөнүндө сүйлөп бер.
6. Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү жана Кылмыш кодекстеринен миссионерлик жана прозелитизм менен байланыштуу мыйзамдык эмес аракеттер үчүн кандай жоопкерчилик белгиленгенин аныкта.

# 25-§ ДИНИЙ КЕҢ ПЕЙИЛДИК МАДАНИЯТЫ ЖАНА КОНФЕССИЯЛАР АРАЛЫК СҮЙЛӨШҮҮ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Диний кең пейилдик маданиятын калыптандыруунун зарылчылыгы.
2. Өзбекстандагы массалык маалымат каражаттары (ММК) жана мезгилдүү басмада диний кең пейилдик маданиятынын үгүттөлүшү.
3. Диний уюмдардын басма үйлөрү жана ММКда жарык көрүшү.

XX кылымдын 80-жылдарындагы жараяндарда дин жана диний караштардан өзүнүн кызыкчылыктары үчүн пайдаланган айрым догматик адамдар ислам динин коргоо беткабы кылып жардыруучулук иштери менен алектенген. Диний түстөгү партиялар диний бийлик жөнүндөгү идеяларды тарата баштшты. Материалдык кыйынчылыктын иримине түшүп калган калктын маанайынан пайдаланып, өкмөт менен элдин ортосунда чыр чыгарууга урунушут. Наманган, Андижан, Фергана жана Ташкентте

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Кең пейилдиктин сөздүк мааниси башканын сага жакпаган сапатына сабыр жана такаат кылуудан турат. Кең пейилдик (толеранттуулук) сөзү дээрлик бардык тилде бирдей же бири-бирин толуктаган мазмунга ээ. Кең пейилдик түшүнүгү өзүндө чыдамкайлык, сабырдуулук, такааттуулук, өзгө караш жана кыймылдарга жылуу мамиледе болуу, боорукерлик, берешендик, кечиримдүүлүк, айкөлдүк, шериктештик өңдүү маанилерди камтыйт.

ар түрдүү митингдер күчөдү. Акыр-аягында жалган динчилдердин чыныгы жүздөрү ашкере болду.

XX кылымдын 80-жылдарында элибиздин канына сиңип кеткен, күндөлүк жашоо мүнөзүнө айланган ислам динине каршы күрөш дагы кескиндешти. Ал сандырактык жана эскилик иретинде караланды.

Бирок «дин – апийим» деген атеистик ураан элибиздин жүрөгүндөгү динге болгон ыйман-ишенимди өчүрө баштады.

Ошол доордогу республиканын жетекчилери өлкөдө улуттар аралык ынтымак, диний кең пейилдикти камсыздоо жана туруктуулукту сактоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү сарпташты. Чогулуп калган көйгөйлөрдү тезирээк жоюу үчүн бар күч жана мүмкүнчүлүктөрдү чогултуп, бир жакадан баш чыгарып аракеттенүү зарылдыгын уктурду. Бул боюнча керектүү иштер жасалды.

Ыйык сезимдери тепселип, жүрөгү канга толгон эл динге чоң жол ачылганын, диний окууга көңүл бурулуп жатканын ыраазычылык менен тосуп алды. Ошондо Өзбекстандын аймагында өзүнүн маданияты жана салттарына ээ 130 дан ашуун улут жана эл-





*1989-жылдын окуялары*



**ФЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

«Кең пейил, кетпес дөөлөт берсин» деген тилекти кандай түшүнөсүң?

«Кең пейилдик» деген түшүнүк менен «боору кеңдик» түшүнүгүнүн ортосунда кандай байланыш бар?



Бир күн уруш чыккан үйдөн кырк күн береке кетет.

***Эл макалы***

дин өкүлдөрү жашап жаткан. Мамлекеттин улуттук курамынын негизги бөлүгүн болсо өзбектер түзгөн.

Мына ошондой жагдайда көп конфессиялуу мамлекетибизде диндер аралык кең пейилдик чөйрөсүн бекемдөө олуттуу милдеттерден бири болуп калды.

Кең пейилдик жөнүндө сүйлөгөндө, бул элибиздин эзелки сапаты экендигин белгилей кетүү зарыл. Энциклопедист окумуштуу Абу Райхан Беруний христиандык окуусун үйрөнүп жатып, Библияга кирген төрт Инжил жөнүндөгү маалыматтарды келтирип, алар ортосундагы өзгөчөлүктөрдү да иликтеп берген. Анын жазышынча, Хорасан митрополитинин резиденциясы Мерв шаарында болгон. Бул болсо ошол доорлордо мусулман калкы менен бирге христиан жамааты да өзүнүн ибадаттарын эмин-эркин ишке ашырганын көрсөтөт.

Учурда Өзбекстанда иш жүргүзүп жаткан түрдүү ишеним өкүлдөрү да диний кең пейилдик идеяларын жакташат. Мисалы, Ташкент жана Орто Азия епархиясынын мурдагы жетекчиси, митрополит Владимир төмөнкүдөй пикирди илгери сүрөт: «Православие менен Ислам эки түрдүү көз карашка ээ диндер экендигин айта кетүү зарыл. Ошол себептүү теология жаатындагы түрдүү тартышуулар, христиандык



«Силер менен динде урушпаган өзгө дин өкүлдөрү менен карым-катыш жасагыла, алар менен адилеттүү мамиледе болгула».

***Куран каримдеги «Мумтахана» сүрөсү, 8, 9-аяттар, Абу Лайс Самаркандий түшүндүрмөсү***



## ТАРЫХКА НАЗАР

Имам Абу Мансур Мотуридий (870-944) Куран каримдин «Хаж» сүрөсү, 40-аятын түшүндүрмөлөп, минтип айтат: «Чиркөө жана синагогаларды талкалоого тыюу салынат. Ошондуктан мусулмандар журтунда ушул доорго чейин алар бузулбай сакталып калган. Бул маселеде окумуштуулардын ичинде каршылык жок». Муну менен окумуштуу мусулмандар башка дин өкүлдөрү менен бир коомдо чогуу тынч жашашында көйгөй болушу мүмкүн эместигин баса белгилейт.

менен мусулмандыктын назик окуулары жөнүндөгү талаштар керексиз жана зыян жеткириши мүмкүн. Биз ортобуздагы айырмаларды кескиндештирбестен, бири-бирибиздин маданият жана ишенимибизге урмат менен мамиле жасоого тийишпиз». Ал өзүнүн көптөгөн илимий макалаларында, эл аралык конференцияларда өлкөбүздө мусулмандар менен православдардын ортосунда өз ара урматтоо байыртадан калыптанганына этибарды тартат.

Өлкөбүздө тынчтыктын болушу бардык конфессиялар үчүн пайдалуу. Ошондуктан өлкөбүздөгү бардык диндердин өкүлдөрү конфессиялар аралык сүйлөшүүгө тиешелүү иш-чаралар ар дайым өткөрүлүп турушун каалашат.

Ушундай иш-чаралардын биринде конфессиялардын өкүлдөрү өздөрүнүн жасаган иштери жөнүндө, улуттар жана конфессиялар аралык чыр чыкпастыгы үчүн эмне жасаганы жөнүндө токтолуп өтүштү.

Өзбекстан Библия коомунун аткаруучу директору С. Митин: «Диний кең пейилдик жана мыйзамдын үстөмдүгү бул көп улуттуу мамлекетти курууда ке-

Мусулмандар жергесинде чиркөө жана ибадатканалар бузулуп кеткен болсо, аларды өз ордуна кайра куруп коюуга болот.

***Бурханиддин Маргынаний***

## ТАРЫХКА НАЗАР

Тарыхта «Худайбия келишими» деп аталган тынчтык келишиминде мусулмандардын тынчтыкты сүйгөн саясаты Куран карим аяттарынын негизинде экендиги көрүнөт. Бул келишим көрүнүшүнөн мусулмандардын зыянына түзүлгөн болсо да, ислам дининин тынчтыкты сүйүшүнжана кан төгүүнүн алдын алуудагы ордун көрсөтүп берди.

*«Эгерде алар келишимге макул болушса, Сен да ага макул бол жана Аллахка тобокел кыл!»*

***Куран карим, Анфол сүрөсү, 61-аят.***

ректүү фундаменттин бир бөлүгү саналат», – деп баса белгиледи.

Армян апостол чиркөөсү өкүлүнүн «Эч ким өзүнүн динин башкаларга таңуулоо же башка ишенимдегилерди кемситүү укугуна ээ эмес», Фридрих Великийнин «Бардык диндерге такааттуулук менен мамиледе болуу керек, анткени ар бир инсан бойтондукка өз жолу менен чыгат», дегендери түрдүү конфессия өкүлдөрүнүн өлкөбүздөгү диний кең пейилдик принциптерин колдоп-кубатташынан күбөлүк берет.

Жеткилең инсан артыкчалыкты да, кемчиликти да кабыл албайт.

***Абу Райхан Беруний***

Өзбекстандагы бардык конфессиялар өкүлдөрү түрдүү ишенимдеги жарандардын ортосундагы ынтымак жана достук карым-катыштарын чыңдоодо өздөрүнүн салымдарын кошушууда. Бүгүнкү күнгө чейин өлкөбүздө кең пейилдиктин социалдык мазмуну, формалары, коомдун өнүгүшүн камсыздоодогу

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Тексттеги аңгемени тынчтыкты сүйүү жана кең пейилдик принциптери менен байланыштыр.

*Элчи Кастилия королунун алдына кирип, Темурбектин каттарын жана белектерин, кымбат баалуу таштарды жана салт боюнча ал жиберген канииздерди тапшырды. Улуу урматтуу король Темурбек жөнөткөн кат жана белектерди кабыл алып, анын жазма жана оозеки айтып жиберген сөздөрүн уккандан кийин, достук мамилелерин чыңдоо ниетинде ылайыктуу белек-бечкектерди даярдоо жана жөнөтүүнү буюрду. Теологиянын магистри Фра Альфонсо Поес де Санта Мария, Руи Гонсалес де Клавихо жана королдун жан сакчысы Хомес де Салазарды Темурбектин алдына, алар аркылуу болсо өзүнүн кат жана белектерин жөнөтүүнү чечти.*

***Руи Гонсалес де Клавихо, «Самаркандга Амир Темурдун сарайына саякат» күндөлүгүнөн***

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

II Дүйнөлүк согуш доорунда ташкенттик темирчи Шаахмад Шамахмудовдун үй-бүлөсү түрдүү улуттун багуусуз жана жетим калган балдарын перзенттикке алган. Алар: Хабиба, Вова, Шухрат – орус, Хамидулла – украин, Рафик, Рахматулла – татар, Холида – молдован, Самуг – чуваш, Жолдош, Эргеш – еврей, Халима – казак, Каравай, Неъмат, Муаззам, Улугбек – өзбек.

II Дүйнөлүк согуш жылдарында элибиз тарабынан көрсөтүлгөн руханий эрдикти Шамахмудовдордун үй-бүлөсү миисалында түшүндүр. Пикириңди «улуттар аралык ынтымак», «диний кең пейилдик», «улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулук» түшүнүктөрүнүн негизинде түшүндүр.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өлкөбүздүн калкы учурда 32 млн дон ашуун болуп, ошондон 80 % ын өзбек, 4,9 % ын тажик, 3,8 % ын орус, 3,6 % ын казак жана 7,7 % ын башка түрдүү улуттарга таандык адамдар түзөт. Көп улуттуу мамлекет көп конфессиялуулукка негиз болот. Бардыгы болуп 130 дан ашуун улут жана элдин өкүлдөрү арасында исламдан тышкары христиандык, иудаизм, буддизм жана башка конфессияларга сыйынуучулар да бар.

орду жана мааниси өңдүү маселелерге арналган бир нече изилдөөлөр жасалды.

Өзбекстандагы конфессиялар өкүлдөрүнүн өз ара урматтын негизинде орнотулган мамилелерин тарыхый жактан үйрөнүү өлкөбүздө диний кең пейилдик салттары кылымдар бою калыптанганын көрсөтөт жана мындай сапаттардын жаштардын аң-сезиминде бышыкталышына кызмат кылат.

Дин өкүлдөрү өздөрүнүн ишкердигин дин менен мамлекеттин ортосундагы мамилелерде негизги учур – диндин саясатка кийлигишпестиги, ар кандай дин, биринчи орунда, өзүндө руханий-ахлактык тарбияны камтышы жөнүндөгү принципке таянган түрдө ишке ашырышы максатка ылайыктуу.

Өлкөдө тынчтык менен туруктуулукка коош салышы мүмкүн болгон факторлордон бири – бул миссионерлик. Мыйзам менен тыюу салынганына карабастан, иш жүзүндө диний кең пейилдик принциптерине жат, диндер аралык чыр-чатактарга алып келүүчү миссионерлердин ишин үйрөнүү аларга каршы иш-чаралар иштеп чыгууда маанилүү роль ойнойт.

... кандайдыр урууну (адамдарын) жактырбастык силерди аларга карата адилетсиздик кылууга үндөбөсүн.

***Куран карим, Моида сүрөсү, 8-аят***

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Кең пейилдик принциптери Декларациясындагы «толеранттуулук» сөзү кыргыз тилине «кең пейилдик» деп которулгандан кийин ал тилибизде орношуп калды. Орус тилинде *«терпимость»* сөзү, башкачасынан айтканда *«снисходительность»*, кең пейилдик, боору кеңдик маанилерин билдирет. Дин жөнүндө сөз болгондо орустар *«веротерпимость»* сөзүн иштетишет. Кыргыз тилинде «диний кең пейилдик» түшүнүгү да ушуга туура келет.

Толеранттуулук (кең пейилдик) түшүнүгү бул руханий милдет гана эмес, ошондой эле саясий жана укуктук керектөө да. Тарыхый булактар өлкөбүздө байыртадан эле зороастризм, буддизм, иудаизм, христиандык өңдүү татаал идеологиялык системага ээ диндер ынтымактуу иш жүргүзүп келгендигинен күбөлүк берет. Мындай абалды азыркы Өзбекстандагы ислам, христиан, иудаизм диндери жана башка конфессиялардын өз ара мамилелеринин мисалында да көрүүгө болот.

Көп улуттуу жана көп конфессиялуу өлкөбүздө улуттар аралык шериктештик жана диний кең пейилдик жаатында жүргүзүлүп жаткан ырааттуу мамлекет саясаты түрдүү улут жана бардык диний конфессия өкүлдөрүнүн эмин-эркин жашашы үчүн бекем негиз жаратты. Бүгүнкү реалдуулук мунун таасын далили.

Конституциянын негизинде кабыл алынган Өзбекстан Республикасынын «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык: «Мамлекет диний конфессиялардын ортосундагы тынчтык жана ынтымакты колдоп-кубаттайт. Бир диний конфессиядагы динчилдерди башкасына өт-



Анын белгилеринен (дагы) бири – асмандар менен Жердин жаратылышы жана силердин тилиңер менен түсүңөрдүн ар түрдүүлүгү. Албетте мында бардык ааламдар үчүн белгилер бар.

***Куран карим, Рум сүрөсү, 22-аят***



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Тексттеги «Ал инсан эмеспи?» сөздөрүн сен кандай түшүндүң? Адамгерчилик, гумандуулук дегенде эмнени түшүнөсүң?

*«Набийдин (алайхис салам) алдынан жаназа алып өтүштү. Ошондо ал киши ордунан турду. Адамдар: «Йа Расулуллах, бул еврейдин жаназасы», — дешти. Анда ал киши: «Ал инсан эмеспи?» — деди.*

***Имам Бухарий рабаяты***

көрүүгө багытталган кыймыл-аракеттер (прозелитизм)ге, ошондой эле, башка ар кандай миссионерлик ишине тыюу салынат. Ушул эреженин бузулушунда күнөөлүү болгон жеке адамдар мыйзам документтеринде белгиленген жоопкерчиликке тартылат».

Борбордук Азиядагы мусулман жана башка конфессияларга таандык калктын ортосундагы мамилелер саясий жана турмуштук деңгээлде эки негизги өзгөчөлүккө негизделген, булар өз ара урмат жана кең пейилдик. Мындай мамиле түрдүү дин өкүлдөрүнүн оор тарыхый жараяндардын сыноолорун эрдик менен жеңип өтүшү натыйжасында калыптанган. Өлкөдө тынчтык, өнүгүү жана бейпилдикти камсыздоо, социалдык туруктуулукту чыңдоо максатында бардык диний конфессиялардын өкүлдөрү журтубузда жана чет өлкөдө өткөрүлүп жаткан руханий жана агартуучулук иш-чараларда катышып келе жатышат.

Ошондой эле, өлкөдө диндер аралык ынтымакты колдоп-кубаттоо жана түрдүү чыр-чатак жана кыйынчылыктарды келтирип чыгаруучу миссионерлик өңдүү кыймыл-аракеттерге каршы ишке ашырылып жаткан иш-чараларда активдүү катышышууда. Алардын эл аралык форумдарда өлкөбүздө ишеним эркиндигин камсыздоо, улуттар жана диндер аралык ынтымакты чыңдоодо ишке ашырылып жаткан реформалар жөнүндөгү докладдары дүйнө коомчулугунун ошол реформалар менен жакындан таанышышында маанилүү роль ойноп жатат. Мындай иш-аракеттер мамлекет тарабынан колдоого алынган. Митрополит Владимирдин «Достук» ордени менен сыйлангандыгы мунун айкын далили боло алат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Диний кең пейилдик маданиятын калыптандыруу зарылчылыгынан пайда болушу кандай факторлор менен байланышкан?
2. Диний кең пейилдик ислам动 дининде жана улуттук үрп-адаттарыбызда кандай түшүндүрүлөт?
3. Өлкөдө тынчтык, туруктуулукту сактоодо кең пейилдиктин орду кандай? Пикириңди мисалдар менен негизде.

# 26–27-§ ӨЗБЕКСТАНДА ДИНИЙ ТААЛИМ

**БҮГҮН САБАКТА ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН ТААНЫШАСЫҢ:**

1. Өзбекстанда диний таалимдин тарыхый тамырлары.
2. Өзбекстанда иш жүргүзүп жаткан медресе жана семинариялар.

## ӨЗБЕКСТАНДА ДИНИЙ ТААЛИМДИН ТАРЫХЫЙ ТАМЫРЛАРЫ

Мекенибиздин тарыхында диний таалим алыскы өтмүштөн башат алат. Алгачкы орто кылымдарда эле өлкөбүздө кең көлөмдө иш жүргүзгөн медреселерде диний билим менен бир катарда дүйнөлүк билим да окутулган. Учурунда медреселер орто атайын жана жогорку таалимдин милдетин толук аткарган.

Ташкент, Бухара, Самарканд, Хива өңдүү шаарлар эң ири илим борборлору болуп, XV–XIX кылымдарда бул жерлер бүткүл мусулман ааламынын жогорку таалим борборлору иретинде таанылган.

Падышалык Россиянын баскынынан кийинки доорлордо медреселердин иши басаңдады. Айрымдары жабылды. XIX кылымдын аягы XX кылымдын

Адамдарды жакшылыкка чакыруучу жана жамандыктан кайтаруучу бир гана илим.

***Абдулла Авлоний***

**ЖАКЫНКЫ ТАРЫХТА**

XIX кылымдын аягына келип Бухара амирлигинде 336, Хива хандыгында 132, Түркстан өлкөсүндө болсо 348 медресе катталган болчу.

баштарына келип, жадид мектептери иш жүргүзө баштады. Ташкент, Самарканд, Кокон шаарлары жадидчилик мектептеринин борборуна айланды.

1917-жылдын баштарында Түркстанда 100 гө жакын жаңы усул мектептери иш жүргүзүп, аларда 4 миңден ашуун окуучу билим алган. Бул мектептерде ислам дининин негиздери менен бир катарда чет тили, физика, химия, математика, психология, гигиена, агрономия, экономика, эсеп-кытап өңдүү заманбап илимдер үйрөтүлгөн.

Советтер Союзу куралгандан кийин, дин жана медреселерге каршы аёосуз күрөш жүрдү. Бирок, Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында совет мамлекети өзүнүн саясий кызыкчылыктары жолунда динге болгон мамилесин бир аз жумшартты.

1943-жылы Ташкентте Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын башкармасы түзүлүп, анын иши Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан, Түркмөнстан, Тажикстан республикаларынын исламдык диний уюмдарынын ишин координациялоо болду.

1945-жылы Бухарада Мир Араб медресеси көпкө тыныгуудан кийин кайра ишке түшүрүлдү. Кийинчерээк Ташкенттеги Баракхан медресеси ишин баштап, 1971-жылы ал Имам Бухарий атындагы Ташкент ислам институтуна айланды. 1990-жылга чейин мурдагы Союздун аймагында бул эки окуу жайынан башка исламдык билим берүү мекемелери болбогон.

О, адам баласы, сен баштап илимдүү бол, ал сага атаңдай болсун. Андан кийин сен такыба болгун, ал сага жароокер энеңдей болсун. Өзүңдү алардын боорунда карма, ошондо Жараткан сени кырсыктардан өзү сактайт.

***Махмуд Замахшарий***

**ТАРЫХКА НАЗАР**

Маңгыттардын бийлиги тушунда Бухара амирлигинде көптөгөн ири имараттар – Шайык Жалал дарбазасы жана дербиштер үйү, (XVIII кылымдын 2-жарымы), Дамулло Турсунжан медресеси (1796-97), Халифа Худайдод ансамбли (1777–1855), Чарминор (1807), Амир медресеси (XX кылым баштары), Ситораи Мохи Хоса (XIX–XX кылым баштары) жана башкалар курулду.

Алар, негизинен, Орто Азия мусулмандары диний башкармасынын (САДУМ – Среднеазиатское духовное управление мусульман) алдында мечиттин имамдарын даярдоого адистешкен.

Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө чыккандан кийин диний билим берүү жаатына да өзгөчө көңүл бурулду. Мамлекеттиик каттоодон өткөн медреселер, диний-маданий объекттер Өзбекстан мусулмандарынын башкармасына тапшырылды. Учурда өлкөбүздө төмөнкү диний билим берүү мекемелери иш жүргүзүүдө:



*Ташкент ислам институтунун имараты*

Имам Бухарий атындагы Ташкент ислам институту 1971-жылы 1-октябрда түзүлгөн болуп, Баракхан медресесинин имаратында жайлашкан. 2007-жылы Ташкент Ислам маданиятынын борбору деп жарыяланышына байланыштуу Хастимам комлекси кайра курулду жана институт да жаңы имаратка ээ болду. Учурда институт Хастимам архитектуралык комлексинин курамында.




*Бухарадагы «Мир Араб» жогорку медресесинин ачылыш аземи*

«Мир Араб» орто атайын ислам окуу жайы (Бухара ш.) — Шайык Саид Абдулла ал-Ямани тарабынан Амир Убайдуллахандын каражаттарына 1530–1536-жылдарда курулган.

«Мир Араб» жогорку медресеси (Бухара обл.) – Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен 2017-жылы түзүлгөн. Бул жогорку таалим мекемеси Бухара облусунун Каган районундагы Бахоуддин Накшбанд зыярат жеринин аймагында жайлашкан.

«Көкөлдөш» орто атайын ислам окуу жайы (Ташкент ш.) 1569–1570-жылдарда Баракхан тарабынан курдурулган. 1999-жылы бул медресе орто атайын окуу жайы иретинде кайра ачылды.

«Саййид Мухйиддин Махдум» орто атайын ислам окуу жайы — 1992-жылы Андижан облусу Алтынкөл району Жалабек кыштагында курулган.

«Мулла Кыргыз Ахунд» медресеси – 1914–1915-жылдарда Наманган облусунда Атауллахан тарабынан курулган. 2014-жылы «Хидоя» наамы менен орто атайын ислам окуу жайы иретинде кайра түзүлгөн.

«Фахриддин ар-Розий» орто атайын ислам окуу жайы — 1992-жылы Харезм облусунун Хонка району «Худайкули Эшон баба» мечитинде өз ишин баштаган. 1994-жылы Үргөнч шаарында жайлашкан «Дошкинжон баба» тарыхый имаратына көчүрүлгөн.

«Хожа Бухарий» орто атайын ислам окуу жайы – 1992-жылы Кашкадарыянын Китеп районунда түзүлгөн. Медресеге Саид Ахмад Вали Кулахдөз Хожа Бухарий наамы берилген.

> Адал адамды куугунтуктоо мүмкүн, бирок аны шерменде кылууга болбойт.
>
> ***Вольтер***

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

Текстти оку жана төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Ислам增 дининде илим-билимге этибар каратуудан жана аны үгүттөөдөн кандай максаттар көздөлгөн?

2. Илим өнүгүшүнүн колдоп-кубатталышы кандай натыйжа берген?

*Дүйнөдө биринчи ооруканага 707-жылы мусулмандар тарабынан (мамлекет тарабынан каржылаштырылгандыктан ал азыр «бюджеттик уюм» деп аталмак) негиз салынды. Бул ооруканада медайымдардын тейлөөсү жолго коюлду жана медицина институттары иш жүргүзө баштады. Көп кылымдар бою мына ошол мусулман дарыгерлер көз ооруларын текшерүү жана дабалоо боюнча адистер эсептелген.*

«Мухаммад Беруний» орто-атайын ислам окуу жайы 1992-жылы Каракалпакстан Республикасынын борбору Нукуста ачылган. Ал шаардагы «Имам Эшон» жоме мечитинин имаратында жайлашкан.

«Жөйбари калон» кыз-келиндер орто атайын ислам окуу жайы (Бухара ш.) — XVII кылымдын аягы – XVIII кылымдын баштарында Бухаранын акими Абдулазизхандын буйругу менен курулган. Медресе 1992-жылы ишин кайра жолго койгон.

«Хадичаи Кубро» кыз-келиндер орто атайын ислам окуу жайы (Ташкент ш.) — 1993-жылы өзүнүн ишин баштады.

Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен 2017-жылы Бухара жана Термез мамлекеттик университеттеринде Ислам тарыхы жана булак таануу факультеттери ачылды. Ошондой эле, Самаркандда теология жана хадис таануу, Буха-



*Ташкент ислам институтунун бүтүрүүчүлөрү*



**ТАРЫХКА НАЗАР**

Архитектор Ысмайыл ибн Тохир Махмуд Исфаханий Мырза Улугбектин буюртмасы менен 1417-жылы Бухарада медресе курууну баштаган. Медресенин жыгач дарбазасына «Илимге умтулуу ар бир муслим жана муслима үчүн парз саналат» хадисин араб тилинде оймолуу жазуулар менен жазган. Дарбазанын темир алкагына өкүмдар Мырза Улугбектин рухиятына мүнөздүү төмөнкү сөздөрдү окумуштууну аябай урматтаган жаш уста архитекторлордон бири жазып калтырган: «Илимдин берметтерине ээ болгон адамдарга Аллах таала жакшылыктын эшигин ачат».

рада суфизм, Каршы шаарында акоид, Маргыланда ислам укугу илимий мектептери түзүлдү.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2018-жылы 16-апрелдеги «Диний-агартуучулук ишин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» Указы менен Өзбекстан мусулмандары башкармасынын Өзбекстан ислам академиясы жана Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Ташкент ислам университетинин негизинде Өзбекстан эл аралык ислам академиясы түзүлдү.

Указ боюнча Өзбекстан эл аралык ислам академиясы Өзбекстан мусулмандарынын башкармасы жана Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитеттин түзүүчүлүгүндөгү Куран илимдери, хадис, ислам укугу, эреже, суфизм, ислам экономикасы жана каржысы, эл аралык мамилелер, чет тилдер (араб, фарс, англис, орус, урду, түрк) жана башка эл аралык көлөмдө керектелген багыттар боюнча тажрыйбалуу кадрларды даярдоого, орто атайын, жогорку таалим, жогорку таалимден кийинки таалим,

*Эч качан илим үйрөнүү ишинде үзүлүш болбостугу керек, анткени, бул чоң жоготууга алып келет.*

***Бурханиддин Маргынаний***

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Эл аралык агартуучлук бюросунун соңку маалыматтары боюнча, Саудия Аравиясы жана Йемень бүгүнкү күнгө келип диний билим берүү үчүн эң көп окуу сааттары ажыратыла турган мамлекеттер эсептелет. Алсак, диний таалим үчүн жалпы билим берүү мектеби окуу программасынын баштапкы 6 жылында Саудия Аравиясында 1458 саат (ошол доорго чейин болгон жалпы окуу сааттарынын 31 %), Йеменде болсо 1104 саат (ошол доорго чейин болгон жалпы окуу сааттарынын 28 %) ажыратылат. Бул көрсөткүчтөр башка каалагандай өлкөдөгүгө караганда үч эсе жогору экендигин белиглей кетүү зарыл.

*Булак: www.islamcenter.uz*



*Өзбекстан эл аралык ислам академиясы*

илим өркүндөтүү баскычтарында үзгүлтүксүз таалимдин бир бүтүн системасын түзүүгө жана илимий мурасты терең изилдөө жана асырап-абайлоого, диний жана дүйнөлүк билим берүүгө адистешкен жетекчи билим берүү жана илимий-изилдөө мекемеси эсептелет.

Мекеме республикадагы бардык ислам билим берүү мекемелеринин ишин окуу-нормативдик жана окуу-методикалык жактан камсыздоону жана координациялоону ишке ашырат.

Академия Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик бюджет каражаттары жана мыйзам менен тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен каржыланат.

Ошондой эле, Указ боюнча, Өзбекстан эл аралык ислам академиясынын бүтүрүүчүлөрүнө жалпы билим берүү мектептери, орто атайын жана жогорку таалим мекемелеринде педагогикалык ишкердик менен алектенүү укугу белгилеп коюлду.

Өлкөбүздө Орус православие жана протестантыкка таандык Толук инжил христиандары чир-

*... Убакытты «эсиз», «каначы», «эгерде» сөздөрү менен өткөргөн адамдын өмүрү эң кыска өмүр.*

***Нажмиддин Кубро***

көөлөрүнүн диний семинариялары да иш жүргүзүүдө.

Эгемендүүлүк доорунда Өзбекстанда ислам дини менен бир катарда башка диний конфессиялардын таалим мекемелери да иш жүргүзүшү үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Алсак, 1998-жылдан Православие жана Протестант семинариялары иш жүргүзө баштады.

Орус православие чиркөөсүнүн Ташкент диний семинариясы беш жылдык мөөнөткө болжолдонгон билим берүү мекемеси эсептелет. Ал жерде келечекте орус православие чиркөөсүнүн Борбордук Азия чөлкөмүндөгү жана башка епархияларында иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон диний кызматчылар жана жогорку диний маалыматтуу адистер билим алышат.

Падышалык Россиянын тушунда Ташкентте ачылган христиан семинариялары эсепке алынбаса, Ташкент диний семинариясы алыскы тарыхка ээ эмес.

1990-жылы Архиерейдин башчылыгында эки жылдык таалимге болжолдонгон Ташкент диний окуу жайы ачылган. Мурда эч кандай базага ээ болбогон Орус православие чиркөөсүнүн Ташкент диний окуу жайы бат эле аякка турду. Сабактар үчүн жай табылды, туруктуу мугалимдер курамы калыптанды, окуучулар болсо турак-жай жана тамак-аш менен камыздалды.

1998-жылга келип, Өзбекстан Республикасы өкмөтүнүн демилгеси менен бир топ имараттар, учурда Свято-Успенск соборуна тиешелүү жерлер бөлүп берилди. Ошондон кийин Ташкент жана Орто Азия епархиясынын башкармасында жогорку маалыматтуу диний кызматчыларды даярдай турган Диний семинария түзүлдү.

*— Ак сөздү илимиңден жогору бил.*
*— Илимиңди абайла.*

***Мотуридий***

Билимсиз адамдардын ою түркөйлүккө жакын болот.

***Абу Райхан Беруний***

## ТАРЫХКА НАЗАР

Амир Шахмурад бардык таштап коюлган вакф мүлктөрүн («диний фонддорду») алардан түшө турган салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн эсебинен бардык эски медресе, мечит, дербиштер үйүн, мектеп, мазарларды кайра калыбына келтирди жана жаңы медресе жана мечиттердин курулушунда өзү баш болду. Медресе мударристерин, муфтий, имам, казыларды жана башка диний мансаптарга адам дайындоодо алардын шариаттын укуктук нормаларына баш ийүү деңгээлин, алардын укуктук билими жана укуктук сабаттуулугун этибар алган. Өзүнүн ишинде көп жылдар эмгектенген, бирок шариаттын укуктук нормаларын ошол доордун талабы деңгээлинде билбеген казы, имам, муфтийлер жана медресенин мударристери Амир Шахмураддын көрсөтмөсү менен иштен бошотулган. Ал шариаттын укуктук нормаларын терең өздөштүргөн медресе окуучуларына салыктардын эсебинен кошумча окуучулук маянасын берүү менен аларды колдоп-кубаттаган. Ал өзүнүн ислам укугу нормаларын таалим жаатында кеңири колдоп гана калбастан, ошондой эле бүткүл Бухара амирлигинин бардык вилаяттарында ислам укугун нормаларын билүүнү талап кылды жана ал үчүн чоң артыкчылыктар жана белектерди убада кылды. Тарыхчы окумуштуу Хумулийнин жазышынча, Амир Шахмурад «бүткүл шаарда жана Бухара амирлигинин бардык вилаяттарында калкты мечит жана медреселерге чогултуп, аларга ислам укугунун нормаларын, милдеттерин түшүндүрүүнү, алардын шариат боюнча укуктук билим деңгээлин дагы да өркүндөтүүнү вилаят акимдеринен талап кылды».

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзбекстандын аймагындагы эң ири илим борборлору кайсылар?
2. Советтер Союзунун тушунда өлкөбүздө кандай диний билим берүү мекемелери иш жүргүзгөн?
3. Эгемендүүлүк жылдарында диний билим берүү жаатында кандай реформалар жүргүзүлдү?
4. Өлкөбүздө кандай исламдык эмес диний билим берүү мекемелери бар?

# ГЛОССАРИЙ

**Алтарь** — (лат. «бийик») христиан чиркөөсүндө ибадаткананын төрү жана трибуна орнотулган эң бийик бөлүгү.

**Апокалипсис** (Вахийнаама) — «Жаңы Анттын» курамдык бөлүгү болуп, аны «Инжилдин» авторлорунан бири Иоанн жазган, деп сыйынылат.

**Акида** — араб тилинде кандайдыр нерсени бирин-бирине байлоо маанисин билдирет. Терминде акоид илиминин аттарынан бири.

**Арам** — ислам окуусу боюнча, четке кагып болбой турган деңгээлде анык далилдер менен аткарууга тыюу салынган амал.

**Аят** (араб. «белги; укмуш») — Курандын сүрөлөрүн түзгөн бөлүк, «сүйлөмдөр».

**Важиб** — ханафий агымынын окуусу боюнча, Куран каримде буйругу ачык жана анык айтылбаган, бирок аткарылууга тийиш болгон амал.

**Гебрлер** — Ирандагы зороастризм диний ишенимин сактап калган этноконфессиялык топтор. Гебрлер расмий түрдө майда улут эсептелип, учурда Иранда 45 миң адамды түзөт. Алар, негизинен, Тегеран, Кирмон өңдүү шаарларда жана алардын айланасында жашашат.

**Дьякон** (грекче «кызматчы») — христиан чиркөөлөрүндөгү эң төмөнкү даража.

**Епископ** (бай. грек. «көзөмөлдөөчү») — көптөгөн христиан чиркөөлөрүндө — жогорку иерарх. Бардык архиерейлердин (патриарх, митрополит, архиепсикоп) жалпы аты.

**Жихад** (араб. «жилли-жахд кылуу», «кайрат кылуу») — кандайдыр ишти толук аткаруу үчүн бар күч-кайратын жана потенциалын сарптоо. Ислам growдининде бул сөз баскынчы жана көтөрүлүшчүлөргө каршы элин, журтун, мекенин коргоого

чыккан адамдардын ишине карата да иштетилген. Жихад дегенде, учурдагы фанаттык топтор чечмелеп жаткандай, тынч калктын үстүнө согуш ачуу түшүнүлбөйт.

**Зекет** (араб. «тазалануу») — исламдын беш устунунан бири. Мал-дүнүйө эсебине (белгилүү санга) жеткенден кийин, анын кырктан бири (2,5 %) белгиленген муктаж адамдарга кайрымдуулук иретинде берилет.

**Иуда** — Якуб пайгамбардын перзенттеринен бири. Анын урпактары «еврейлер» деп аталат.

**Икона** — христиандыктагы олуялардын портрети түшүрүлгөн сүрөттөр. Алар чиркөөлөрдө ибадат буюму болуп кызмат кылат.

**Индульгенция** — католик чиркөөсү тарабынан динчилдерге жасаган күнөөлөрү кечирилгендиги жөнүндө берилген күбөлүк.

**Калом** (араб. «сөз», «кеп») — Мөтазилийлер пайда болгондон кийинки акида илиминин аты.

**Кардиналдар коллегиясы** — Рим католик чиркөөсүндөгү жогорку кеңеш.

**Керемет** (араб. «улуулук») — ислам окуусу боюнча, Аллах тарабынан анын достору — олуяларга берилген сыйкырдан айырмалуу кайыптан келген кудурет.

**Кирха** (немисче «чиркөө») — лютеран чиркөөлөрүнүн аты.

**Космогония** — астрономиянын асман телолору, алардын пайда болушу жана өзгөрүштөрү жөнүндөгү бөлүмү. Бул жерде: асман телолорун кудайлаштыруу.

**Костёл** (полякча, чехче «чиркөө») — Рим католик чиркөөсүнө караштуу ибадатканаларга карата колдонулчу термин.

**Кудсий хадис** — мааниси Аллах тааладан, ал эми айтылышы, башкача айтканда сөзү Расулуллахтан болгон хадистер.

**Медитация** (лат. «пикирлөө, ойлоо») — буддизмде жеке адамдын рухий ишкердикке терең берилип кетүү абалы.

**Мистицизм** (бай. грек. «жашырын, сырдуу») — теология ааламы менен түздөн-түз сүйлөшүүгө болору жөнүндөгү окуу.

**Митрополит** (бай. грек. «башкы шаар, борбор, митрополия адамы») — православие чиркөөсүнүн борбор шаарлардагы жогорку чини, даражасы.

**Модернизм** — динди азыркы заман реалдуулугуна ылайыкташтырууну жактап чыккан агым.

**Монотеизм** (бай. грек. *«топо»* — «жалгыз», *«teo»* — «кудай») — жалгыз кудайлык.

**Мурид** (араб. «каалоочу») — суфизмдин жолуна кирип, муршидге кол сунган шакирт.

**Муршид** (араб. «туура жолго баштоочу») — суфизм жолуна киргендерди туура жолго баштоочу устат, шайык.

**Мушрик** — ислам окуусу боюнча, Аллахка ширк келтирген, көп кудайлыкта күнөөлөнгүн адам.

**Папа** — христиандыкта католик агымынын башкы динчили.

**Парстар** — Индиядагы учурда зороастризмге сыйынуучулар.

**Патриарх** (бай. грек. «ата, негиздөөчү») — ортодоксалдык чиркөөдөгү (православие) жогорку диний мансап болуп, андагы 14 автокефалдын — өз алдынча чиркөөлөрдүн башчылары ушул наам менен аталат.

**Политеизм** (бай. грек. *«poli»* — «көп», *«teo»* — «кудай») — көп кудайлык.

**Сахих хадис** (араб. «бузулбаган; туура») — окумуштуулар тарабынан ишеничтүү, туура деп табылган хадис.

**Сунна** — исламда «Пайгамбардын жолу».

**Тафсир (түшүндүрмө)** (араб. «баяндоо») — Курандын аяттарына өзүнө мүнөздүү түрдө маани берүү.

**Таваккул (тобокел)** — исламдын окуусу боюнча, өзүнүн эркин Аллахка ишенип тапшыруу.

**Терроризм** (фр. «коркутуу, үркүтүү») — өзүнүн пикирин зордук менен башкаларга таңуулооо. Бул жолдо киши өлтүрүү, жардыруучулук өңдүү усулдардан пайдаланылат.

**Толук инжил христиандары** — протестанттыктагы эң ири багыттардан бири болгон пятидесятникликтин экинчи аты.

**Тобеин** (араб. «ээрчүүчүлөр, жактоочулар») — Пайгамбардын сахабаларын көргөн жана аларды ээрчиген адамдар.

**Традиционализм** — салтчылык, тууроо принцибине негизделген агым.

**Хадис** (араб. «жаңы; сөз») — Мухаммад (с. а. в.) пайгамбардын айткан сөздөрү, жасаган иштери жөнүндөгү рабаяттар.

**Ханифтик** — исламдан мурда Аравия жарым аралындагы жалгыз кудайлык идеясы.

**Фанатизм** — өзүнүн идеясын «туура» деп, башкача пикир ээлерин тааныбастык жана аларды бузгунчулукта күнөөлөө.

**Факих** — фикх илиминин билерманы.

**Фатва** — фикхтин динде пайда болгон жаңы көйгөйлөрдү Куранга каршы келбеген түрдө чечип чыгарган өкүмү.

**Фикх** (араб. «түшүнүү») — шариаттын мыйзам-эрежелерин үйрөнүүчү илим.

**Фундаментализм** — белгилүү диндин пайда болгон баштапкы дооруна кайтууга жана ошол жол менен замананын бардык көйгөйлөрүн чечүүгө болот, деген пикирди илгери сүргөн окуу.

**Шар** (араб.) — жаман, жамандык.

**Экстремизм** — өз максаты жолунда түрдүү ченден ашкан кескин иш-чаралар жасоону жактоочулук.

**Эволюционизм** — дин таанууда дин да дүйнөнүн калыптанышы өңдүү баскычма-баскыч жөнөкөйдөн татаалга карай өнүккөн деген идеяны колдогон окуу.

**Яхве** — иудаизмдин окуусу боюнча, дүйнөлөрдү жараткан жалгыз кудуреттүү кудай.

**Яшт** — «Авестонун» 1-бөлүгү.

# Мазмунун

Киришүү ........................................................................................ 3
1-§. Өзбекстанда коопсуздук жана туруктуулук чөйрөсүн калыптандыруу.... 4
2-§. Дин таанудагы заманбап тенденциялар........................................... 10
3-§. Мамлекет менен дин мамилелери .................................................. 18
4-§. Дин жана социалдык турмуш ......................................................... 23
5-6-§. Борбордук Азиянын диндери ...................................................... 30
7-§. Дүйнө диндери булактары: буддизм жана христиандык .................... 34
8–9-§. XX-XXI кылымдарда ислам ........................................................... 38
10-11-§. XX-XXI кылымдарда исламдагы агым жана секталар .................... 43
12-13-§. Өзбекстандын эл аралык терроризм жана экстремизмге
каршы күрөштөгү орду.......................................................................... 55
14-15-§. XX–XXI кылымдарда тарикатчылык ............................................ 65
16-17-§. XX-XXI кылымдарда дин жана маданият...................................... 72
18-19-§. XX-XXI кылымдарда диний салт жана ырым-жырымдар .......... 83
20-21-§. Заманбап маалымат тармактары жана дин фактору .................. 90
22-23-§. XX-XXI кылымдарда дүйнөнүн конфессиялык көрүнүшү ....... 100
24-§. XX-XXI кылымдарда миссионерлик жана прозелитизм ................ 112
25-§. Диний кең пейилдик маданияты жана конфессиялар аралык
сүйлөшүү ............................................................................................ 120
26-27-§. Өзбекстанда диний таалим........................................................ 129
Глоссарий.......................................................................................... 138

Zohidjon Mahmudovich ISLAMOV,
Durbek Obidjonovich RAHIMJONOV,
Jasur Xotamjonovich NAJMIDDINOV,
Nargiza Kamaritdinovna ISMATOVA

O‘quv nashri

# DUNYO DINLARI TARIXI

O‘rta ta’lim muassalarining 11-sinfi uchun darslik

(Qirg‘iz tilida)

Birinchi nashr

Toshkent — «Yangiyul Poligraph Service» — 2018

Nashriyot litsenziyasi AI №185, 10.05.2011.

Котормочу А. Зулпихаров
Редактору А. Зулпихаров
Тех. редактоу М. Риксиев
Корректору Ш. Зулпихорова
Сүрөтчү Ж. Азимов

Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 30.07.2018.
Форматы 70x90 1/16. «Times New Roman» гарнитурасы. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басма усулунда басылды.
Басма табагы 9,0. Ш. б. т. 10,53.
Нускасы 000.
Буюртма № 0000.

«Yangiyul Poligraph Service» ЖЧКдун басмаканасында басылды.
112001, Ташкент облусу, Янгийул шаары, Самарканд көчөсү, 44-үй

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарсыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби пайдаланууга жараксыз. |